*Жибек Озубекова*

# ЛИЦЕЙ– БИЛИМ УЯСЫ

## (КЕЧЭЭ, БҮГҮН)



ЛИЦЕЙ БИЛИМ УЯСЫ
Жибек Озубекова

74.204
О-46.

*Жибек ОЗУБЕКОВА*

# ЛИЦЕЙ - БИЛИМ УЯСЫ

## (КЕЧЭЭ, БҮГҮН)



г.з. С

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271369

ББК 82. 4 Ки8
УДК 84/832.0
А 98

*Китеп Т.Сатылганов атындагы областтык мектеп-лицей-интернатынын 20 жылдыгына арналат.*

***Жооптуу редактору:*** **К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун «Тарых жана аймак таануу» факультетинин кафедра башчысы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент А.Каниметов.**

**«Лицей - билим уясы» Кечээ, бүгүн»**
**Илимий-усулдук документалдуу эмгек: - Каракол: 2011, 220 б. ISBN 076451195**

Автор өзүнүн эмгегинде лицейдин окуу-тарбия процессинин ишин пландаштырууда, уюштурууда жана башкарууда бүт дүйнөгө белгилүү дидактикалык концепцияларга таянганын ачык көрсөткөн.

Бул эмгекте инновациялык мектептердеги ийгиликтердин бири - жогорку деңгээлдеги илимий-усулдук иштер боло тургандыгына окурмандарды ынандыруу үчүн лицейдин 20 жылдык тажрыйбасы чагылдырылган.

Жөндөмдүү, таланттуу адам коомдун өзгөчө байлыгы экендигине басым жасалган. Коомдун руханий потенциалы жана анын материалдык прогресси жөндөмдүү, таланттуу адамдардын иш-аракетине көз каранды боло тургандыгына кеңири токтолгон.

Жөндөмдүү балдардын жөндөмүн андан ары өнүктүрүү проблемасын чечүү жолдору көрсөтүлгөн. Ошондой эле жаңы типтеги кыргыз мектебинин модели сунушталган.

Автордун бул илимий-усулдук эмгеги азыркы учурда эмгек жолун жаңы баштап жаткан педагогдорго, мектеп жетекчилерине жана инновациялык мектептерде иштей турган педагогдорду даярдоочу жогорку окуу жайларынын педагогика жана психология кафедрасынын окутуучуларына иш-аракеттеринде жетекчиликке алуу үчүн сунушталат.

**ISBN 076451195**
**А-98**

**© Ж. Озубекова**
**© «Карга Аке» басма Үйү**

# МАЗМУНУ

**Лицейдин гимни** 5

**Автор жөнүндө маалымат** 6

**Кыргыз Республикасынын Эл мугалими Озубекова Жибек Раимбековнанын илимий-усулдук иштери** 16

**Т.Сатылганов атындагы мектеп-интернаты жөнүндө кыскача маалымат** 19

**Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын ачылышы** 22

**Асыл данек «олтургузулган» жерде...** 24

**Мугалимдерибиз өтүүчү үч этап** 27

**Келечек алардын колунда** 30

**Биринчи лицейчилердин лицейдеги окуу-тарбия процессине карата көз караштары** 33

**Алгачкы изденүүлөр** 35

**Т.Сатылганов атындагы областтык мектеп-лицей-интернатынын салттары** 39

**Алгачкы ийгиликтер** 40

**Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө системасы** 57

**Мектеп-лицейди башкарууда жана илимий-усулдук иштерди уюштурууда жетекчиликке алынган мамлекеттик документтер** 67

**Илимий-усулдук иштерди уюштуруу жана жетектөө** 68

**Мектеп-лицейде жүргүзүлгөн тарбиялык иштер**

**Жалпы билим берүүчү предметтер боюнча республикалык олимпиадаларда байгелүү орундарга ээ болгон окуучулар**

**Эл аралык предметтик олимпиадаларга жана ар түрдүү конкурстарга катышууга укуктуу болгон окуучулар**

**Алтын, күмүш медалдар жана артыкчылык аттестатына ээ болгон бүтүрүүчүлөр**

**Спорттук жетишкендиктер**

**Мугалимдердин чыгармачылык иштери**

**Окуучулардын чыгармачылык иштери**

**Эл аралык уюмдар менен байланыштар**

**"Жылдын мыкты мугалими" конкурсунун жеңүүчүлөрү**

**Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын бүтүрүүчүлөрү**

**Т.Сатылганов атындагы-мектеп-лицей-интернатында тарбияланып, чыгармачылыкка багытталып, кадрлардын резерви катары даярдалган жаңы жетекчилер**

**Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынан өсүп чыккан инсандар**

**Лицей турмушунан**

**Эл мугалими Озубекова Ж.Рнын жеке турмушунан фото этюддар**

**2011 - жылынын 20 - октябрында өткөрүлгөн семинардан фотоэтюддар**

## ЛИЦЕЙДИН ГИМНИ

***Сөзү: Т.Чакиев***
***Музыкасы: Ж.Байтемиров***

Биздин заман билимдүүлөр заманы,
Аруу тилек зор максатка таң аткан.
Окуу жайлар кенен ачып эшигин,
Улан - кызга билим көксөп бараткан.

**КАЙЫРМА:**

**Лицей-билим уям,**
**Келечектин отун жандырган.**
**Лицей- өскөн калаам,**
**Түбөлүккө достук таптырган.**

Мекенибиз илим-билим мекени,
Күнү гүлдөп, айы көктөп бараткан.
Биздин лицей гүл сыяктуу жаздагы,
Түркүн гүлгө күмүш желе тараткан.

**КАЙЫРМА:**

Унутпайлы бабалардын нускасын,
Билим бизди айга, күнгө жеткирет.
Ала-Тоодой ырыс күтүп ар дайым,
Жүрөлү алга, замандашым- мезгилдеш.

**КАЙЫРМА:**

# АВТОР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ



**ОЗУБЕКОВА *Жибек Раимбековна*** 1948-жылы 28-июлда Ысык-Көл областына караштуу Ново-Вознесеновка районунун Токтогул айлында, интеллегенциянын үй-бүлөсүндө туулган. Улуту-кыргыз.

Атасы **Озубеков Раимбек** 1920-жылы туулган. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Билим берүү жана эл чарбаны башкаруу тармагында иштеген. 1982-жылы дүйнөдөн кайткан.

Энеси **Айтбаева Зуурабүбү** 1922-жылы туулган, соода тармагында иштеген, 1989-жылы дүйнөдөн кайткан.

Озубекова Жибек Раимбековна жети бир тууган: беш кыз, эки эркек.

Эжеси **Озубекова Лена** 1942-жылы туулган, 10 баласы бар, «Баатыр эне». Жолдошу Осмоналиев Абдыманап өмүр бою мал чарбасында иштеди.

Иниси **Озубеков Тургунбек** 1950-жылы туулган. Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүргөн. 1996-жылга чейин башкы зоотехник болуп иштеп келди. 1996-2000-жылдары айыл башчысынын милдетин аткарды. Төрт баласы бар. Азыркы учурда жеке ишкер. Жолдошу Торгоева Жумагүл 1953- жылы туулган. Пржевальск шаарындагы педагогикалык институтун бүтүргөн, кесиби педагог. «Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» төш белгиге ээ.

Сиңдиси **Озубекова Зина** 1957-жылы туулган. Пржевальск шаарындагы педагогикалык институтун бүтүргөн, кесиби педагог.



*Атасы-Озубеков Раимбек*



*Энеси -Айтбаева Зуурабубу*

«Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» төш белгиге ээ. Үч баласы бар.

Жолдошу **Шамиев Анарбек** 1957-жылы туулган. Пржевальск шаарындагы педагогикалык институтун бүтүргөн, кесиби педагог. «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги» төш белгиге ээ. Кыргыз Республикасынын Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты. Ливия мамлекетинде өткөрүлгөн эл аралык жаштар фестивалынын лауреаты. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» ардактуу наамга ээ. Азыркы учурда Ак-Суу районунун элге билим берүү башкармасынын орун басары болуп иштейт.

Сиңдиси **Озубекова Айгүл** 1960-жылы туулган. Пржевальск шаарындагы педагогикалык институтун бүтүргөн, кесиби педагог. «Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» төш белгиге ээ. Азыркы учурда Ак-Суу районуна караштуу Ак-Булуң айыл округунун башчысы. «Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери», «Кыргыз Республикасынын




муниципалдык кызматтын отличниги» сыйлыктардын ээси. Үч баласы бар. Жолдошу Мойноков Кенжебек жеке ишкер болгон.

Сиңдиси **Озубекова Анаркүл** 1963-жылы туулган. Пржевальск шаарындагы педагогикалык институтун бүтүргөн, кесиби педагог. «Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» төш белгиге ээ. 2009-жылга чейин мектептерде жетекчи болуп иштеди. Азыркы учурда Москва шаарында иштейт. Эки кызы бар. Жолдошу **Шаршеев Уланбек** 1962-жылы туулган. Жеке ишкер.

Иниси **Озубеков Мирбек** 1966-жылы туулган. Чимкент шаарындагы химико-технологиялык университетин бүтүргөн. Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын бангизаттарды көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызматында иштейт. Бангизаттарды көзөмөлдөө кызматынын подполковниги. Ички иштер министрлигинин Ардак Грамоталары, «Ата Мекенге мыкты кызмат өтөгөндүгү үчүн» I-II-III даражадагы медалдары менен сыйланган. Үч баласы бар.

Жолдошу **Чыдынова Эльнура** 1968-жылы туулган. Чимкент шаарындагы химико-технологиялык университетин бүтүргөн.

Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын «Социалдык өнүктүрүү жана саламаттыкты сактоо» бөлүмүнүн башкы адиси болуп иштейт.

Озубекова Жибек Раимбековнанын эмгек (педагогикалык) стажысы 41 жыл. Ал өзүнүн эмгек жолун 1970-жылы Пржевальск педагогикалык институтун бүтүргөндөн кийин, жогорку математика кафедрасынын окутуучусу болуп баштаган. 1988-жылы Ак-Суу районундагы Токтогул орто мектебине окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана математика мугалими болуп которулган.

1991-жылдан баштап Каракол шаарындагы Т.Сатылганов атындагы областтык мектеп-лицей-интернатында илимий иштер боюнча директордун орун басары, 2001-жылдан 2010-жылынын 5-июлуна чейин директор болуп иштеди.

Тажрыйбалуу мугалим Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын калыптанышына жана өнүгүүсүнө жеке салымын кошуп, окуучуларга азыркы мезгилдин талабына ылайыктуу



социалдык, экономикалык кырдаалга ыңгайлашып кете ала турган сапаттуу билим берүүнү эффективдүү уюштуруу жана жетектөө менен, жаңы типтеги кыргыз мектебинин моделин түзүүнүн үстүндө иштеп келди.



Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамын, жетекчиликке алып, «Жөндөмдүү жана таланттуу окуучулар менен иштөө системасын», «Мектеп-лицей-интернатынын концепциясын» иштеп чыккан.

Окуучулардын өнүгүүсүнө жана азыркы учурда коом талап кылып жаткан инсандык сапаттарга ээ болуусуна көмөктөшүү менен, ар бир окуучуга инсандык мамиле жасоого мугалимдерди да милдеттендирди. Окутууда жаңы технологияларды колдонуп, анын тарбиялык маанисине көңүл буруу менен, окуучулардын атуулдук




***Мектептин ишин стратегиялык пландаштыруу семинарында***

сезимдеринин калыптанышы боюнча иштерди системалуу уюштурду. Сабакта окутуунун жаңы технологияларын колдонуп, окуу материалынын практикалык маанисине басым жасоого педагогикалык коллективди багыттады. Өзү ар бир сабакка чыгармачылык менен даярдык көрүп, мугалимдерден да ошону талап кылды.

1991-жылы «Жылдын мыкты мугалими» жана 1996-жылы областтык «Жылдын мыкты новатор-мугалими- 96» конкурстарына катышып, биринчи байгелүү орунга ээ болгон. Билимдин жаңы сапатын калыптандыруу проблемалары боюнча тажрыйба бөлүшүү үчүн республикалык жана эл аралык конференцияларга бир нече жолу катышты. Системалуу түрдө окуу-тарбия процессинде окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин, руханий байлыгын, чыгармачылыгынын өнүгүүсүнө зор көңүл бурду..

Таланттуу окуучулар менен иштөөнү туура уюштуруунун натыйжасында 20 жыл ичинде областтык олимпиаданын жеңүүчүлөрү-512, республикалык-104, Эл аралык жана дүйнөлүк олимпиадага катышууга укуктуу болгондор-7, 101 окуучу алтын, күмүш жана артыкчылык аттестатка татыктуу болушту. Лицейдин бүтүрүүчүлөрү Кыргызстандын жогорку окуу жайларында гана эмес, чет өлкөлөрдө билим алуусун улантып жатышат.



***Озубекова Жибек Раимбековна 1992-жылы «Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» төш белгиси менен сыйланган, 1998-жылы «Кыргыз Республикасынын билимине эмгек сиңирген кызматкер», 2007-жылы «Кыргыз Республикасынын Эл мугалими» деген ардактуу наамдарга татыктуу болгон.***

Педагогдордун квалификациясын мектеп ичинде жогорулатууну натыйжалуу уюштуруу менен, алардын өзүн-өзү өнүктүрүүсү жолго коюлуп, окуучуларга сапаттуу билим берүүдө негизги роль ойноду.

Озубекова Жибек Раимбековна лицейдин директору болуп иштеген мезгилде эл аралык жана улуттук донорлордон бюджеттен тышкары каражаттарды тартуу менен, лицейдин окуу-усулдук жана материалдык базасын чыңдоо боюнча бир катар иштерди жүргүздү. Окуучуларга сапаттуу билим берүүнү жана алардын жетишкендиктерин эффективдүү баалоону окуу-тарбия процессин уюштурууда көңүлдүн борборуна койду. Сабак учурунда окуучуларга академиялык билим берүү менен бирге алардын инсандык сапаттарынын калыптануусуна көмөктөшүү боюнча иштердин системасын түзгөн. Математиканы эффективдүү окутууга арналган усулдук колдонмолору республикалык, областтык газета, журналдарынын беттеринде жарыяланды. Окутуунун жаңы технологияларын сабакта колдонуу жана жаңы типтеги мектепти башкаруу проблемалары боюнча 30 дан ашык илимий-усулдук эмгектердин автору.



***«Кыргыз Республикасынын Эл мугалими» ардактуу наам тапшырылгандан кийин.***



***«Акыркы коңгуроо» аземи. 2010-жыл.***

Озубекова Ж.Р. мугалим-новатор, жетекчи катары областтын билим берүү институту тарабынан уюштурулган мугалимдердин жана мектеп жетекчилеринин квалификациясын жогорулатуу курстарында жеке тажрыйбасы менен ар дайым ой бөлүшөт. «ПИКС» жана «Айылдык билим берүү» долбоорлору боюнча программалардын тренери катары «Окутууну жакшыртуу планын» стратегиялык пландаштыруу боюнча Ысык-Көл, Баткен, Чүй, Ош, Талас областарынын мектеп директорлорунун арасында семинар-тренингдерди жана жеке консультацияларды өткөрүп, учурда мектептердин өнүгүшүнө чоң салым кошо алды.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан даярдалган «Айылдык билим берүү» долбоору тарабынан өткөрүлгөн аттестацияда «Директор-лидер» сертификатына ээ болгон.

19 жыл ичинде мектеп-лицей 8 жолу «Жылдын мыкты мектеби» наамына ээ болгон. Ысык-Көл областынын 70 жылдыгында лицей «Мектеп-новатор катары» таанылып, Ысык-Көл областтык мамлекеттик администрациясынын «Ардак грамотасы» менен сыйланды.

2009-жылдын сентябрь айынан баштап ОН-ЛАЙН «Америкалык англис тилинин Пилоттук Мектептери» долбоору боюнча педагогикалык коллективдин иштөөсүн жетектеди. Азыркы учурда лицейде 3 ресурстук борбор иштеп, окуучулардын жана мугалимдердин кесиптик жактан өнүгүүсүнө шарттар түзүлгөн.

Озубекова Жибек Раимбековна 2010-жылдын июль айында директордук кызматын өз ыктыяры менен өткөрүп, азыркы учурда мектеп-лицейде математика мугалими жана жаш мугалимдердин, лицей жетекчилеринин насаатчысы катары эмгектенип жатат. 2011-жылынын 16-июнунда «Кыргыз Респуликасынын алдында сиңирген өзгөчө эмгеги үчүн пенсия алуучунун күбөлүгүнө» ээ



болду. Көп жылдык эмгегин баалаган жердештери ага «Каракол шаарынын ардактуу атуулу» наамын беришти.

Озубекова Жибек Раимбековнанын 1985-жылы төрөлгөн Эльнура аттуу кызы бар. Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын бүтүрүүчүсү. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин экономика факультетин бүтүргөн. Азыр Туркия мамлекетинин Стамбул шаарында жашайт, үй-бүлөлүү.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ МУГАЛИМИ Ж.Р. ОЗУБЕКОВАНЫН ИЛИМИЙ-УСУЛДУК ИШТЕРИ

| № | Аталыштары | Басма |
|---|---|---|
| 1 | Элементы политехнизации при преподавании геометрии. | 1. Газета «Учитель Кыргызстана», июль, 1986 г.<br>2. Тезисы докладов Республиканской научно-методической конференции «Совершенствование преподавания физических и математических дисциплин в педвузах». Пржевальск-1987. |
| 2 | Формирование научного мировоззрения студентов при обучении геометрии в педвузе. | Тезисы докладов Республиканской научно-методической конференции «Совершенствование подготовки специалистов в ВУЗе на основе современных педагогических методов». Фрунзе-1984 г. |
| 3 | 6-класста түзүүгө берилген маселелерди окутуу. | «Эл Агартуу», Илимий-педагогикалык, методикалык журналы. №7, 1986-жыл. |
| 4 | 7-класста түзүүгө берилген | «Эл Агартуу», Илимий-педагогикалык, методикалык журналы. №2, 1988-жыл. |
| 5 | Тегиздиктеги векторлор. | «Эл Агартуу», Илимий-педагогикалык, методикалык журналы. №3, 1989-жыл. |
| 6 | Окутуу иштерин оптималдаштыруу жана ургаалдаштыруу. | «Эл Агартуу», Илимий-педагогикалык, методикалык журналы. №5, 1989-жыл. |
| 7 | Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө системасы. | Тезисы докладов Республиканской научно-теоретической конференции посвящённой к 40 летию Иссык-Кульского государственного университета имени Касыма Тыныстанова г.Каракол. 1993 г. |
| 8 | Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөнүн долбоору. | «Каракол» газетасы. 18-май, 1992-жыл. |
| 9 | Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөнүн долбоору. Эксперименталдык иштер жалпылануууга тийиш. | Ысык-Көл областтык илимий-педагогикалык «Билим шамы» газетасынын «Эврика» №3, июнь айында чыгарылган тиркемеси. 1994-жыл. |
| 10 | Жаңы типтеги мектептердин өзгөчөлүктөрү. | «Заман Кыргызстан» газетасы. 29-ноябрь. 1996-жыл |

| | | |
|---|---|---|
| 11 | Критическое мышление-ключ к преобразованиям школы. | Ысык-Көл областтык илимий-педагогикалык «Билим шамы» газетасы, №8.июнь. 29-ноябрь 1996-жыл. |
| 12 | Таланттуу балдар менен иштөө системасы. | Тезисы докладов XXI Республиканских педагогических чтений «Инновационные процессы в образовании. Проблемы, опыт, перспективы, развития». Бишкек-1994. |
| 13 | Интеллектуалдык жактан жөндөмдүү окуучуларды окутуудагы усулдарына коюлуучу негизги талаптар.<br>Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөчү мугалимдерге коюлуучу негизги талаптар. | «Лицей кабарлары», Каракол шаары. 1992-жыл. |
| 14 | Деятельность школы по созданию системы работ со способными учащимися. | Научно-практический журнал «Мектеп» по проблемам образования №4, 2001 г. |
| 15 | Новое качество школьного образования. | Материалы международной научно-практической конференции. Выпуск II. Бишкек-2003. |
| 16 | Элементарная логика. 11 класс | Практическое руководство.<br>Окуу программаны кантип иштеп чыгуу керек. Как разработать учебную программу. Бишкек-2006 г. |
| 17 | Первые шаги провайдера. | Научно-практический журнал «Мектеп» по проблемам образования. №11, 2005 г. |
| 18 | Сынчыл ойломду окуу жана жазуу аркылуу өнүктүрүү программасынын айрым стратегиялары | Областтык усулдук-педагогикалык «Билим кенчи» журналы, №1. 2007-жыл. |
| 19 | О новом принципе повышения квалификации. | Научно-практический журнал «Мектеп” по проблемам образования. №3, 2004 г. |
| 20 | Гумандаштыруу аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө болот. | «Ысык-Көл кабарлары» областтык коомдук-саясий газетасы. 29-ноябрь. 1996-жыл. |



ИССЫ... БИБЛ... №271369

| | | |
|---|---|---|
| 21 | О стратегии образования | Ысык-Көл областтык илимий-педагогикалык «Билим шамы» газетасы. Октябрь, 2005-жыл. |
| 22 | Некоторые аспекты по созданию системы работ с одарёнными учащимися (из опыта работы школы-лицей имени Т.Сатылганова). | Ысык-Көл областтык илимий-педагогикалык «Билим шамы» газетасы. Март, 2001-жыл. |
| 23 | Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей интернатынын маркетингдик стратегиясы.<br>2007-2008-окуу жылында Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент.<br>Изилдөө жана өздүк баалоо. | Ысык-Көл областтык илимий-педагогикалык «Билим шамы» газетасы. Июнь, 2001, 2008-жылдар. |
| 24 | Мектеп-лицейдин мейкиндиктери | «Ысык-Көл кабарлары» областтык коомдук-саясий газетасы. 5-сентябрь. 2008-жыл. |
| 25 | Формативдик баалоонун көптөгөн артыкчылыктары бар. | «Ысык-Көл кабарлары» областтык коомдук-саясий газетасы. 26-ноябрь. 2009-жыл. |
| 26 | Организация и руководство научно-методической работой учителей в условиях школы нового типа | Кыргыз билим берүү Академиясынын кабарлары. Бишкек-2010. |
| 27 | Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планы | |
| 28 | Мектептин ишмердүүлүгүн жакшыртуу-мезгилдин талабы | «Ысык-Көл кабарлары» областтык коомдук-саясий газетасы. 11-сентябрь, 2007-жыл. |
| 29 | PISA изилдөөсүнөн кийинки ойлор | Научно-практический журнал «Мектеп» по проблемам образования. №1, 2008 г. |
| 30 | Учитель- ключевая фигура школы нового типа | Общественно-педагогическое, научно-популярное издание. Газета «Кут билим», 15-октябрь. 2010 г. |
| 31 | Мектепте окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу планын кантип түзүү керек.<br>*(Мектеп жетекчилери, мектеп командалары, билим берүү тармагында иштеген кызматкерлер үчүн практикалык колдонмо)* | Бишкек, 2009. (Озубекова Ж.Р.-автордук топтун мүчөсү). |

# Т.САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП-ИНТЕРНАТЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Алгач ирет бул мектеп 1956-жылдын сентябрь айында азыркы чек арачылардын гарнизону жайгашкан жерде жетим балдардын интернаты катары ачылган. Кийинчерээк, жаштарга толук жана милдеттүү орто билим берүүчү саясатынын шарапаты менен жөнөкөй мектеп-интернатына айланып, Көл өрөөнү гана эмес Республикабыздын көптөгөн булуң-бурчтарынан келген жаштарга билим берүүчү мекеме болуп калган.

Ал эми ушул имараттын комплекси болсо 1963-жылы пайдаланууга берилген. Ошол учурда областыбыздын көптөгөн айылдарында орто мектептер болгон эмес. Натыйжада окуусун улантууга дилгир айылдык жаштардын көпчүлүгү мына ушул мектептен келип окуша турган. Жаштарга толук жалпы билим берүү мезгилинде бул мектеп-интернатта негизинен малчылардын, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдары билим алышып, алардын саны 700гө чейин жеткен.

Бул мекемени жетектөөгө областыбыздын агартуу тармагынын көрүнүктүү өкүлдөрү тартылган. Мектеп-интернатынын биринчи директору болуп эмгектенген белгилүү педагог-агартуучу **Абды Давлеткелдиевдин (1956-1957)** уюштуруучулук иши ал мезгилде жогору бааланган. Андан кийин бул социалдык мааниси чоң мектеп-интернатты областыбыздын билим берүү тармагында аттын кашкасындай белгилүү болгон:

**Кухта Филипп Федорович (1957-1959),**
**Жунушев Жапар Жунушевич (1959-1962),**
**Абдаев Р.С (1962-1964),**
**Жапаров Бакас Жапарович (1964-1968),**
**Касымов Султанкул Касымович (1966-1969),**
**Осмонов С.О (1969-1972),**
**Ниязбаев Советбек Мукашевич (1972-1975),**
**Муканов Аалы Муканович (1975-1978),**
**Асаналиев Калык Асаналиевич (1980-1985)** жетекчилик кылышкан. Бүгүн бул адамдардын көпчүлүгү арабызда жок.

Залкар акыныбыз Аалы Токомбаевдин «Өмүр бизден өтүп кетсе,

эл эмгектен эскерсин» деген учкул сөзү мына ушундай инсандарыбыз үчүн айтылгандай сезилет. Ошондон улам ар бир кийинки муун окулдөрү алардын өтөп кеткен эмгектерине терең баа бере жүрүшү абзел. 1985-1991-жылдары Т.Сатылганов атындагы мектеп-интернатын **Темиралиев Болот** жетектеп келди.

«Тарбия берүү-улуу иш, ошол аркылуу гана адамдын келечек тагдыры чечилет»-деп орустун улуу сынчысы В.Г. Белинский таамай айткан. Токтогул Сатылганов атындагы мектеп-интернатта жаш-муундарын тарбиялоодо зор эмгек сиңиришкен СССР Жогорку Советинин депутаты **Балтабаева Үмүттүн**, эмгектин ардагерлери, Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниктери **Узакбаев Бейшенин, Стамова Төрөкандын, Тохтакунова Шапиканын, Иманкулова Галинанын, Пашкова Екатерина Федоровнанын, Ахмедов Махмуддун, Иманалиева Шарапаттын, Курманакунов Догдурбайдын, Рыскулов Асандын** ж.б. ысымдарын сыймыктануу менен айта алабыз.

Мектеп-интернаты ачылгандан бери, анын куттуу билим уясынан республикабызга кеңири таанымал көптөгөн адамдар таалим-тарбия алып чыгышкан. Алардын арасында Кыргыз



***Т.Сатылганов атындагы мектеп-интернатынын жамааты. 1970-жыл.***



*Контрадмирал*
*Темиров Марат Сатиевич*



*Аманбаев Жумгалбек*
*Бексултанович*

Республикасынын Өкмөтүнүн мурдагы Вице-Премьер-Министри **Аманбаев Жумгалбек Бексултанович,** кыргыздын биринчи контрадмиралы **Темиров Марат Сатиевич,** белгилүү обончу КР Эл артисти **Аксуубай Атабаев,** тележурналист, алып баруучу **Шарапат Турдакунова,** белгилүү ырчы КР Эл артисти **Ибраев Анарбек** жана башка көптөгөн белгилүү атуулдар бар.

1991-жылы Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү колго алуусу менен билим берүү тармагы демократиялык өзгөрүүлөргө туш болду. Өлкөбүздө жаштардын шыгын, талантын өнүктүрүүчү жаңы типтеги мектептер-лицей, гимназиялар ачылды.

Республикабызда алгачкылардан болуп 1991-жылы мектеп-интернаттын базасында Т. Сатылганов атындагы орто билим берүүчү мектеп-лицей-интернаты ачылды. Мектеп-лицейдин түзүлүшү менен элибизде «Мурунку көч кайда барса, кийинки көч да ошол жакка барат» дегендей мурдагы бийик наамын түшүрбөй, дагы жогору көтөрүп кете алабыз деген ойдо лицейдин жамааты эмгектене баштаган.

**А.Г. КАНИМЕТОВ,**
**тарых илимдеринин кандидаты, доцент**
**К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин тарых каф. башчысы.**

# Т.САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП-ЛИЦЕЙ-ИНТЕРНАТЫНЫН АЧЫЛЫШЫ

Каракол шаарындагы Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернаты Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин **1990-жылынын 11-майдын №137 токтомунун**, Кыргыз Республикасынын элге билим берүү министрлигинин **1991-жылы 9-августта өткөрүлгөн коллегиясынын №7/1 чечими** жана Эл депутаттарынын Ысык-Көл областтык Советинин **1991-жылынын 13-майда өткөрүлгөн Президиумунун №73 токтомунун** негизинде, Т. Сатылганов атындагы мектеп-интернаттын базасында 1991-жылы август айында ачылды.

Ал кезде Ысык-Көл областынын билим берүү башкармалыгынын башчысы **Каниметов Жангороз Каниметович** эле. Областтык мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун базасында лабораториялар уюшурулуп, жаңы типтеги мектепти уюштурууга керек болгон документтерди иштеп чыгышып, лицейдин жетекчилерин, мугалимдерин, тарбиячыларды топтоо боюнча конкурс өткөрүштү.

Конкурстун жыйынтыгы менен мектеп-лицейдин директору **Байсеркеев А.Э.,** окуу-тарбия боюнча директордун орун басары **Ишенбаев С.И.,** илимий иштер боюнча директордун орун басары катары мен дайындалдым. Конкурстук комиссиянын мүчөлүгүнө лицейдин жетекчилери кошулуп, мугалимдерди, тарбиячыларды тандоого катыша алдык. Конкурстун жыйынтыгы менен төмөнкүлөр лицейдин мугалимдери болуп калышты. Алар **Асанбекова А, Калеева Ш.А., Арунова Д., Кылычбаева Р., Жанышева Т.Э., Мырзалиева Н.А., Саякбаева Т., Кендирбаев А., Бектенова К., Буранова Г., Жапаров Ж., АсанбаеваЗ., Омуркулов Т., Абдылдаев Б., Көкбериева К., Шаипова С., Болотнова Л.С., ТурусбековаА., Тынаева Б., Мааткеримов К., Ковылянская В., Исакова А., Тайчикова Г.**

Тарбиячылар **Стамова Т., Адылканова А., Иманалиева Ш., Тыйтакова Г., Нурдинова Р., Сайрабаева А., Байсултанова Н.,**

**Маданбеков А., Умеева Б., Жумабекова А., Темирова К., Касенов Т.**

Окуучулардын билим деңгээли атайын даярдалган тесттер аркылуу бааланып, конкурстук жол менен кабыл алынды.

Биринчи окуу жылында педагогдордун саны-53, «Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги» төш белгиге ээ болгондор-3, жогорку категориядагы мугалимдер -14, биринчи категориядагы мугалимдер-36, лицей класстарынын саны-9. Лицейчилердин жалпы саны-289. Үч профиль уюштурулган алар: физика-математика, химия-биология, кыргыз филологиясы. Үч кафедра уюштурулуп, **Калеева Ш.А., Асанбаева З., Көкбериева К. алгачкы кафедра башчылары** катары чыгармачылык менен милдеттерин аткарышкан.



***Сынактын алдында лицейден билим алабыз деп келген окуучулар жана алардын ата-энелери.***

Илимий-усулдук жактан лицейди тейлөө менин функционалдык милдеттериме киргендиктен, биринчи күндөн баштап менин башкы максатым: жүктөлгөн ишеничти актоо эле.

20 жыл артты карап, максатыма кандайдыр бир деңгээлде жеттим деп ойлоймун. Кийинки муундар кажыбас эмгек менен лицейди Кыргызстанга белгилүү мектеп катары таанытканыбызды түшүнүп, ишибизди улантат деген ойдобуз.

**Лицейдин калыптануусун жана өнүгүүсүн жазуудан мурда 1992-жылы май айында лицейдин базасында өткөрүлгөн областтык семинардын айрым материалдарын «Ысык-Көл кабарлары» областтык коомдук саясий газетасынын №54 санынын беттеринде жарыяланган инновациялык ойлорго орун берүүнү чечтик.**

Алгачкы ойлор азыркы учурда билим берүүгө карата коюлган талапка жооп берип жаткандыгына окурмандар ынанышып, жеке жана мектептин ишинде пайдаланышат деп ишенебиз.

## АСЫЛ ДАНЕК «ОТУРГУЗУЛГАН» ЖЕРДЕ...



Келечекте билимдүү, маданияттуу муундарды тарбиялабай туруп, коомубузду алга жылдырууга мүмкүн эмес. Жаштарды окутуу, тарбиялоо жалпы эле мектептин иши биздин бүгүнкү чектеп жаткан максаттарыбыздын турмушка ашырылышын аныктайт.

Акыркы мезгилдин ичинде дубандык элге билим берүү тармагында да бир кыйла сапаттуу өзгөрүүлөр болуп, элге билим берүү мекемелеринин ишин учурдун талабына ылайык коюу багытында жигердүү аракеттер көрүлдү,

копчүлүк мугалимдер чыгармачылык изденүүнүн жолуна түшүп, окуу-тарбия иштеринин алдыңкы ыкмаларын жана формаларын кеңири колдонушуп, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуунун үстүндө талыкпай эмгектенип жатышат.

Алсак, мектептердин окуу-тарбия иштерин толук демократиялаштыруу жана гумандаштыруу максатында окуу пландарынын көп варианттуулугу, профилдик окуу жаңы типтеги мектептерди жана эксперименталдык, педагогикалык аянтчаларды түзүү багытында иштер жүргүзүлдү. Бул жүргүзүлгөн иштин өзү элге билим берүү системасында көп жылдардан бери орун алып, эч жыйынтык бербей келген терс көрүнүштөрдөн арылууга шарт түзүүдө.

Мурда биз бардыгыбыз бирдиктүү мектептин талабы менен иштеп, жаштардын өзгөчөлүгү, шыгы, таланты менен эч эсептешпей калганбыз.

Акырында турмуш, мезгил өзү келип отуруп, бизди ушул туңгуюктан чыгуубуздун жолун көрсөттү. Анын бирден- бир натыйжалуу жолу мектептеги шыктуу жана таланттуу балдарды таап алар менен атайын иш алып барууда.

Адамдардын биологиялык өзгөчөлүктөрү боюнча балдар таланттын, шыктын. жөндөмдүүлүктүн жаратылыштык башталгычтыктары менен төрөлөт. Аны таап билүү, туура жолго коюп, жөнгө салып өстүрүү педагогикалык зор чеберчилик. Бул максатта биздин дүйнөлүк жана тарыхый жолдордо өзүн толук актаган мектептердин көп түрлөрү: мектеп-лицейи менен мектеп - гимназияларынын ролу чоң. Мына ушул типтеги мектептерде гана биздин республикабыздын келечеги жаралат. Мына ушул мектептерде гана окуучулардын билимге болгон умтулуусун, талантын, шыгын өстүрүүгө карата бардык шарт түзүлөт.

Мектеп-лицей дубаныбыздын чыгармачыл устаканасы, күзгүсү, эртеңки күнгө жылуу үчүн усулу. Ал эми анын окуучулары-дубаныбыздагы окуучулардын каймагы болуп саналат.

Биз бүгүн топуракка асыл данекти олтургуздук. Ал данектен чынар терек өсүп чыгарында шек жок. Ошол чынар теректин өсүшү

үчүн биз, айрыкча педагогдор бүт мүмкүнчүлүгүбүздү жумшашыбыз керек. Эмесе, дубандык мектеп-лицейинин турмушунун басма сөз бетинде данистелиши менен куттуктап, жалпы дубаныбыздын мугалимдер жана окуучулар жамааттарына зор ийгиликтерди каалаймын.

**Жангороз КАНИМЕТОВ,**
**Ысык-Көл дубандык элге билим берүү**
**башкармасынын башчысы. 1992-жыл.**

Каниметов Жангороз Каниметович Ысык-Көл областынын билим берүү башкармалыгынын башчысы катары Т.Сатылганов атындагы областтык мектеп-лицейинин түзүлүшүнө жана калыптанышына ар тараптан колдоо көрсөткөн.

Жангороз Каниметович «Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу» мыйзамдарынын автору. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин үч жолку чакырылышынын депутаты. Педагогика илимдеринин доктору. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин профессору.

# МУГАЛИМДЕРИБИЗ ӨТҮҮЧҮ ҮЧ ЭТАП



**«Илимге ээ болгула! Илим- мээ кайнаткан ысык чөлдө дос, турмуш жолунда таяныч, жалгыздык мезгилде жолдош, бактылуу мүнөттөрдө жетекчи, кайгылуу күндөрдө өбөк, адамдардын арасында көрк, душмандарга каршы күрөштө курал.»**

***(Мухаммед Пайгамбар).***

Пайгамбарыбыздын жогорудагы сөзүндө келтирилгендей илимге каныккан адамдын бардык сапаттары калыптанып, коомдо өзүн инсан катары көрсөтө алат. Илимге ээ болуу жагдайын кеп кылардан мурда анын алгачкы жөнөкөй түшүнүктөрүнүн системасын калыптандыруу, же билим берүү ишине токтолсок. Ошондуктан мектептердин ишин кыйын абалдан чыгаруунун багыттарынын бири- жаңы типтеги мектеп-лицейлерди, гимназияларды уюштуруп, ишин өнүктүрүү менен терең мазмунга ээ жана өркүндөгөн формасы, структурасы болгон мектептин моделин түзүү, ошондой эле аны жайылтуу болуп саналат. Лицейдеги жарым жылдан ашык ишин талдап келечекке көз жүгүртүү менен жаңы типтеги мектептин милдеттерин, моделин төмөндөгүдөй элестетебиз.

Мектеп-лицейдин башкы фигурасы болгон мугалим ар тараптан өнүккөн зыялы болушу зарыл. Ал өз предметин терең билген усулдук жактан такшалган мугалим гана болбостон, чебер педагог, кылдат психолог болуу менен мугалим-тарбиячы деңгээлине жетишүү үчүн төмөнкү үч этапты өтүү керек.

**1-этап. Шарттарга көнүгүү мезгили.**

Даяр окуу программаларга, окуу китептерине көнгөн мугалимдер жаңы программаларды түзүүдө жана окуу китептеринен тышкары көптөгөн материалдарды колдонууда тандалган окуучулар жөндөмдүү болгону менен предметтер боюнча түшүнүктөрдүн,

билимдеринин, билгичтиктеринин схемасы, удаалаштыгынын жоктугу, аны жоюу боюнча жасалган иш-аракеттер сыяктуу түйшүктөрдү башынан кечирет. Өзүн-өзү сындап, бушайман болот. Бирок, окуучулардын окууга болгон умтулуусу, мугалимдин демилгеси, изденүүсү, талбаган эмгегинин натыйжасы аны тез эле четке түртөт. Ал ишке кызыгуу, үмүттөнүү менен мамиле жасап, лицейдин келечегине ишеним менен карап, ишке бүткүл дитин коюп, мүмкүнчүлүгүн толук жумшоо деңгээлине жетет. Бул этап мугалимдин ишкердигине, билимине, инсандык сапаттарына жараша эки айга чейин созулушу мүмкүн.

**2-этап. Изденүү мезгили.**

Лицейдин мугалими кабыл алынган жөндөмдүү окуучуларга тандаган багыты боюнча терең билим берүү менен таасирдүү тарбия берип, аларды чыныгы адам катары калыптандырууда төмөнкү иштерди аткаруусу зарыл:

- эскиче иштөө менен иштин оңолбостугун билип, психологияны, педагогиканы жана алдыңкы усулдарды, тажрыйбаларды терең үйрөнүү, практикалоо, өз билимин жана маалымдуулугун көтөрүү боюнча дайыма аракеттенүүсү;
- ар бир окуучунун психологиялык өзгөчөлүгүн терең үйрөнүү менен алардын өз алдынча өнүгүүсүнө жол көрсөтүп, түрткү болуусу;
- тарбиячылар, мугалимдер окуучулардын ата-энелери менен тыгыз, иштиктүү байланышты камсыз кылуусу;
- ар бир окуучуну илимий-изилдөө, чыгармачылык ишке багыттоо жана аларга негиздүү көрсөтмөлөрдү берүү менен жетекчилик кылуусу;
- окуучулардын өзүн-өзү тарбиялоосун, маалымдуулугун дайыма өстүрүү, ден соолугун чыңдоосун жана күндөлүк режимин так сактоосун ишке ашыруу боюнча өзгөчө механизмди иштеп чыгуусу ж.б.

Бул этап 4-5 жылга чейин созулушу мүмкүн.

**3-этап. Изилдөө мезгили.**

Бул мезгилде мугалим-тарбиячылар ар бир окуучунун психологиясын терең билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу менен аларга

байланыш түзүүнүн ыңгайлуу усулдарын билгичтикте пайдаланып, билим, тарбия берүү иштерин жалпы тайпа боюнча жекече уюштурушуп, иштин жыйынтыгына өзгөчө маани беришет. Натыйжада мектеп-лицейдин бүтүрүүчүлөрүнүн дээрлик бардыгы жогорку окуу жайларында окуп, билимин ийгиликтүү улантуу жоопкерчилигин өз мойнуна алат. Ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн билимдеринин жыйынтыгы менен ал мугалим кошумча эмгек акы алат. Ушул этапта ийгиликтүү эмгектенген мугалим-тарбиячы өз предметин терең билген, психология, педагогика илимдерине таянган, башкача айтканда, окутуунун жана тарбиялоонун алдыңкы усулдарына, каражаттарына толук каныккан лицейчилердин чыгармачылык менен илимий негизде иштөөсүнө жол көрсөткөн зыялы катары өзүн далилдейт. Ал учурда лицейдин өзүнө тиешелүү болгон терең мазмундагы жаңы салттар жана мамилелер калыптанып, билим берүү жана тарбия ишинде өзүнүн мөмөсүн берет.

Бул белгиленген талаптардын ишке ашышы үчүн учурда педагогикалык жамаатыбыз бир максатты көздөп, чыгармачылык менен изденип, талбай иштеп жатат.

**Аскар БАЙСЕРКЕЕВ,**
**Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын директору. 1992-жыл.**

Байсеркеев Аскар Эсенович 1991-2001-жылдарда Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатын жетектеген. Мектеп-лицейинин түзүлүшүнө, калыптанышына жана өнүгүүсүнө жеке салымын кошкон. «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими», педагогика илимдеринин кандидаты.

# КЕЛЕЧЕК АЛАРДЫН КОЛУНДА



Ишти эмнеден баштадык? Окутуу, тарбиялоо процессиндеги азыркы учурдагы көз караштарды талкуулоо жана анын жаңы технологиясын пайдалануу менен деп жооп бере алабыз. Лицей жаңы типтеги мектеп. Мектептин структурасы, окуу планы, окуу-тарбия иштеринин мазмунунун өзгөчөлүгү билим берүү системасындагы инновациялык процесс.

Ушул күнгө чейин педагогикалык инновацияга так аныктама бериле элек. Педагогикадагы, усулчулуктагы жаңылануу жараянасы аркылуу анын практикада колдонулушунда ар түрдүү карама-каршылык келип чыгууда. Инновациянын негизги бөлүктөрү болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

**1.** Билим берүү системасында педагогикадагы жаңылануулардын теориясын түзүү багыты **(неология).**

**2.** Окумуштуулар, практиктер жана коомчулуктун ошол жаңылануулардын кабыл алуусу жана баа берүүсү жөнүндөгү багыт **(аксиология).**

**3.** Педагогикадагы жаңылануну практикада колдонуу жөнүндө багыт **(праксиология).**

Биздин педагогикалык жамааттын алдында жогорудагылардын баары негизги милдеттер болуп калды.

Тарбия берүү - окуучунун турмуштук иш-аракетин жана өнүгүүсүн нормалдаштыруу максатында анын дүйнөгө болгон көз карашында жана жүрүш-турушунда уюштуруучулук менен аракет этүү аталат. Биздин мектеп-лицейдин окуучулары тандалма болгондуктан, жөндөмдүү окуучулар менен иштөө программасын түзүүдөбүз. Анын натыйжасы ар бир жаш муунду өзүн-өзү өнүктүрүүгө алып келүү менен окуучуларды чыгармачыл илимий ишке багыттайт жана аны толугу менен камсыз кылат деген ойдобуз.

Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөдө жогорку педагогикалык квалификацияга ээ болгон педагогдор керек. Инновация лабораториясы менен бирдикте жөндөмдүү окуучулар менен иштөөчү педагогду өзүн-өзү өнүктүрүү боюнча болжолдуу программа түзүлүүдө. Анткени, педагогдун өзүн-өзү өнүктүрүүсү болбой туруп, окуучунун өзүн-өзү өнүктүрүүсүн камсыз кылуу мүмкүн эмес. Өзүн-өзү өнүктүрүү бар жерде сөзсүз психологиялык тейлөө болушу керек. Жөндөмдүү окуучуларды окутуунун усулдарына коюлуучу талаптар иштелип чыкты. Предметтер боюнча иштиктүү программа менен иштөөдө инновация лабораториясы сунуш кылган Дальтон планын пайдаландык. Ал жакшы жыйынтыкты берди. Натыйжада азыркы учурда предметтерди тереңдетип профилдик окутуу боюнча 24 программа иштелип чыкты.

Лицейдин, лицей педагогунун, лицейчинин прогноздук моделин түзүү биздин милдеттерибиздин бири.

Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө үчүн окуу планды түзүүдө бир кыйла кыйынчылыктар болду. Мында дубандык элге билим берүү башкармалыгы аркылуу сунуш кылынган ар түрдүү лицей, гимназиялардын окуу пландарын пайдаландык, натыйжада өзүбүздүн региондун, улутубуздун өзгөчөлүгүн жана келечекти эске алуу аркылуу окуу планы түзүлүп, Кыргыз Республикасынын элге билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген окуу пландын ядросу жалпы билим берүүчү предметтер, ал эми профилдик предметтер тармактары болуп калды.

Окуучуну чыгармачылык ишке багыттоодо адегенде өз алдынчалыкка көнүктүрүү зарыл. Ошондуктан тарбия берүүдө жана окутууда окуучулардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүдө көп иштер иштелип жатат. Окутуу жараянасындагы ар түрдүү формадагы өз алдынча иштер: өз ара көзөмөл болуу, билимдердин кароосун өз ара уюштуруп өткөрүү адатка айланууда. Окуучулар тарабынан ар түрдүү формадагы сабактарга, тарбиялык иштерге өз алдынча даярданып, дублер күндөрүн, дублер сабактарды өткөрүүдө жоопкерчилиги жогорулап, өз алдынчалыгы өсөт.

Лицейдин негизги милдеттеринин бири-окуучуну илимий-иштердин айрым ыкмаларына ээ болуусуна тартуу. Бул окуу

жылында окуучулардын илимий-практикалык конференциясы үч жолу өткөрүлдү. Окуучулардын илимий коому аркылуу өткөрүлгөн кийинки эки илимий-практикалык конференциябызда лицей окуучулардын илимий иштерин уюштурууга муктаж экендиги байкалды. Областыбыздын жана республикалык газеттердин беттеринде окуучулардын бир нече эмгектери жарыяланды.

Ооба, турмуш тастыктагандай келечек лицейчилердин колунда. Мектеп-лицейдин педжамааты колдон келишинче аракеттенүүдө.

**Жибек ОЗУБЕКОВА,**
**Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын директорунун илимий иштери боюнча орун басары. 1992-жыл.**

# БИРИНЧИ ЛИЦЕЙЧИЛЕРДИН ОКУУ-ТАРБИЯ ПРОЦЕССИНЕ КАРАТА КӨЗ КАРАШТАРЫ

## *Терең билим ала аласың*

***Ысык Көл кабарлары газетасынын кабарчысынын биринчи лицейчилер менен болгон интервьюсу***

**Лицейдин келечегин көз алдыңа кандай элестетесиң**

**Өзүң окуп келген мектептен лицейдин кандай айырмасы бар экен**

**Өзүң катышкан ийримдерден атайын курстардан билүү чөйрөңдү кеңейтүүгө кандай таасир ала алдың**

***Ар бир адамдын өмүрүндө эң алгач деген окуялар болбой койбойт Төмөндөгү лицейчилер да өмүрүндө алгач ирет журналист менен субкат куруп жатышат Биздин берген жогорудагы үч суроого алар төмөндөгүдөй жоопторду беришти***

***Алмаз Ибраев -класстын окуучусу***

Учурда биз экономикалык каатчылык абалдабыз Ушул кыйынчылыктан өтүш үчүн болочокто жогорку квалификациялуу кадрлар керек Мына ушул каатчылыктан өтүүгө көпүрө болуп бере турган биздин лицей деп эсептейм

Лицей менен мен окуп келген мектептин айырмасы зор Лицейде өзүң тандап алган багыт боюнча терең билимге ээ боло аласың

Мен кол өнөрчүлүк ийримине катышып жатам Үйрөнгөн өнөрүм болочок турмушумда керек болот деп ойлойм

***Назгүл Сүйсүкова -класстын окуучусу***

Лицейдин ачылышына аз убакыт болсо да ийгиликтерге жетишип келе жатат

Айырмасы зор Ага терең деңгээлде билим алуу чыгармачыл иштердин үстүндө иштөө өз алдынча изденүү керек

Мен да кол өнөрчүлүк ийримине катышып ар кыл буюм тайымдарды жасоого каныгуудабыз

**Багдат Дүйшөбаев класстын окуучусу**

Ысык Көл дубанынын бардык таланттуу уул кыздары ушул лицейден окуп жогорку даражадагы билим алып Кыргызстандын

экономикалык, маданий, саясий өсүү деңгээлин бийик даражага жеткирген адамдар чыкса деп ойлойм.

**2.** Жөн мектептен лицейдин айырмасы көп. Лицейде ар кыл конференциялар, класстык сааттар дамаамат өткөрүлүп турат. Окуучулардын илимий иштери боюнча коом түзүлгөн.

Жөн мектептерге караганда окуучулар аздык кылат. Бирок, аз болсо да сапатыбыздын мыкты экендигине ишенем.

**3.** Өзүмдү эле мисалга келтирейин. Шахмат ийримине катышып, мурдагыга караганда жакшы ойноп калдым. Атайын курстардын жардамы менен жайкы экзаменге даярдык көрүүдөмүн.

***Айнагүл Жакакова, 10-класстын окуучусу:***

**1.** Быйылтан баштап эле лицейибиз жогорку окуу жайына окуучуларды кадимкидей эле даярдай турган чакан окуу жайына айланды деп айтсам жаңылышпайм.

**2.** Бул жерде бардык предметтер тереңдетилип окутулат. Жоопкерчилик менен милдеттендирилип, лицейдеги башкы сапат мыкты кадр болуп чыгышыбыз үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Окуучунун өзүн-өзү башкара билүүсүнө көп көңүл бурулат.

**3.** Мурда билбеген көп нерсени үйрөндүм. Комуз ийримине катышып, залкар күүлөрдү чертип калдым. Атайын курстан араб тилин үйрөнүп жатабыз.

**М. УРДАВЛЕТОВ,**
**«Ысык-Көл кабарлары» газетасынын**
**кабарчысы. 1992-жыл.**

***Жогорудагы ойлор менен таанышкан ар бир атуул алгач лицей ачылганда баарыбыздын өсүп өнүгүүгө карата бирдиктүү ой-тилектерибиздин боло тургандыгына ынанышар!***

# АЛГАЧКЫ ИЗДЕНҮҮЛӨР

«Жаңы типтеги жалпы билим берүүчү мектептерди түзүү жөнүндө жобону», «Кыргыз ССРнин лицейи жөнүндө убактылуу жобону» жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан документтерди жетекчиликке алуу менен лицейдин ишин уюштурууга бет алдык.

Лицей жаңы типтеги мектеп болгондуктан окуу планын, лицейди башкаруу, окуу-тарбия процессин пландаштыруу, уюштуруу жана жетектөө боюнча иштердин мазмунун иштеп чыгуу зарылдыгы пайда болду. Окуучуларыбыз жөндөмдүү окуучулар болгондуктан аларды кандай усулдар менен окутуу, окуткан мугалимдер кандай инсандык, кесиптик сапаттарга ээ болушу керек ж.б. көптөгөн суроолорго жооп издөө-лицей жетекчилеринин негизги милдеттери болду.

Лицейдин директору Байсеркеев А.Э., окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Ишенбаев С.И., жана мен болуп биргелешип жогорудагы суроолорго жоопту педагогикалык жана психологиялык адабияттардан издей баштадык.

Алгачкы лицей биздин эрага чейин IV-V кылымдарда Аристотель тарабынан өзгөчө таланттуу балдарды окутуу үчүн «Лицей», «Лицейум» деген ат менен ачылган. Ал эми Россияда лицей, гимназиялар 1804-жылы уюшулган. Орус элинин акыны А.С. Пушкиндин өмүр баянынан анын билим алган лицейи жөнүндө өзүбүзгө керектүү маалымат алдык.

Баалуу маалыматтардын бири: окуучулардын жеке чыгармачылыгын өнүктүрүүгө карата чөйрө түзүү эле. Ал эми чөйрө түзүү үчүн лицейдин негизги мазмунун түзгөн «интеллект», «жөндөм», «талант», «өнүктүрүү», «лицейчинин модели» жана башка түшүнүктөрдүн маңызын ачуу үчүн «Жөндөмдүү балдар менен иштөө системасын» түзүү зарылдыгы пайда болду. Ал окуу-тарбия процессти пландаштыруу жана уюштурууда жетекчиликке алынды. Анын мазмунун түзүүдө бүт дүйнөгө белгилүү сегиз дидактикалык концепцияларга таяндык, Алар[5]:

1. Окуучулардын акыл иш-аракеттерин системалуу калыптандыруу **(П.Я. Гальперин);**

**2.** Өркүндөтүлгөн окутуу **(Л.В.Занков, Д.Б. Эльконин, В.В. Давыдов);**

**3.** Мазмунду жалпылоо **(В.В. Давыдов);**

**4.** Проблемдик окутуу **(М.М. Махмутов, И.Я. Лернер, А.М. Матюшкин);**

**5.** Программалаштырылган окутуу **(Т.А.Ильина, Н.Ф.Талызина);**

**6.** Таанып- билүү кызыгууларын өнүктүрүү **(Г.И.Щукина);**

**7.** Окутууну оптималдаштыруу **(Ю.К.Бабанский);**

**8.**Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирүү **(Ю.К.Бабанский).**

Француз окумуштуусу **Ж.Пиаженин** интеллект[8] жөнүндө теориясынын негизинде окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин өнүктүрүүгө багытталган иштердин мазмунун аныктадык.

Бизди негизги жыйынтыкка алып баруучу усулдук максатыбыз: Педагогдордун жана окуучулардын өзүн-өзү өнүктүрүүсү болду. Америкалык психолог **А.Маслоунун** муктаждык пирамидасынын[8] чокусунда турган адамдын өзүн-өзү өнүктүрүүгө болгон муктаждыгына таяндык. Улуу дидактардын эмгектерине таянуу менен биз ийгиликтерге жетүүгө ынандык.

Мектеп-лицейге инновациялык ой жүгүртүүгө ээ болгон педагогдор керек эле. Бирок жаңы типтеги мектептерде иштөөгө даяр болгон педагогдор жокко эсе болгондуктан, биздин алдыбызда дагы бир негизги милдет бар экендигин түшүнүү менен лицейде усулдук иштерди эффективдүү уюштуруу боюнча изденүүлөр башталды.

Ошол кездеги Ысык-Көл областынын билим берүү башкармалыгынын башчысы **Каниметов Ж.К.** лицейдин түзүлүшүндө, калыптанышында ар түрдүү колдоолорду көрсөтүп турду.

Менин мектеп - лицейдин жетекчиси катары калыптанышыма Жангороз Каниметовичтин төмөнкү сөзү түрткү болду: - «Эже, эгерде сиз мыкты адис болом десеңиз, анда педагогика жана психологиядан күнүнө 50 бет окуп, жеке иш - аракеттериңизди талдаңыз, ошондо гана сиз жана лицей ийгиликтерге жетет».

«Жөндөмдүү балдар менен иштөө системасын» областтын деңгээлинде талкууга коюу үчүн «Ысык-Көл кабарлары»

газетасынын беттеринде жарыяланды, ошондой эле областтык бир катар семинарларды өткөрдүк.

*Аскар Эсеновичтин чыгармачылык менен лицейдин келечеги үчүн изденүүгө даяр экендигин мен түшүнүп, экөөбүз бирге лицейдин алгачкы өнүгүү стратегиясын иштеп чыгып, педагогикалык жамааттын алдына талкууга коюп, алардын колдоосуна ээ болдук. Негизги ой-тилегибиздин бири - биздин бүтүрүүчүлөрүбүз өз мекенибизде гана эмес, планетабыздын ар түрдүү мамлекеттеринин жогорку окуу жайларынан билим алуусун улантса.*

20 жыл артты карап бул тилегибиздин ишке ашып жаткандыгына мен өзүмдү бактылуу инсан катары сезем.

Мектеп-лицейдин негизги документи болгон **Уставы** иштелип чыгып, алгачкы максат тандалып алынды:

***Окуучуну ар тараптан өнүктүрүүдө жеке аң-сезиминин деңгээлин көтөрүүгө, сапаттуу билимге ээ болууга, интеллектисин өнүктүрүүгө, руханий байлыгын кеңейтүүгө, саламаттыгын сактоого, өзгөрүп турган коомдун турмушуна ыңгайлашып кетүүгө, мектепти бүтүргөндөн кийин өз алдынча өнүгүп кетүүсүнө жана өмүр бою билим алууга карата умтулуусуна пайдубал түптөө.***

**Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын негизги милдеттери катары төмөндөгүлөр кабыл алынды:**

- мектеп-лицейдин окуу планын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган окуу пландарынын негизинде түзүү;
- мектеп-лицей-интернатынын өнүгүү программасын түзүү;
- мамлекеттик стандартка туура келгендей билим берүү;
- окуу-тарбия процессте педагогикалык илимдин өткөндөгү жана учурдагы жетишкендиктерин пайдалануу;
- Ата Мекенин коргоп, демократиялык өзүн-өзү башкарууга катышып, өз өлкөсүнүн тагдыры үчүн жооп бере ала турган атуулду калыптандыруу үчүн шарттарды түзүү;
- азыркы мезгилдин талабына туура келген окуучунун компетенцияларын калыптандыруу үчүн - педагогдордун квалификациясын системалуу түрдө жогорулатуу;

- окуучунун жана педагогдордун өзүн-өзү өнүктүрүүсүн калыптандыруу;
- мектеп-лицей-интернатынын моделин түзүү жана анын мазмунун мезгилдин талабына жараша коррекциялоо.
- мектеп-лицей-интернатынын өнүгүү программасын түзүү;

билим берүүдө коомдун социалдык заказы болгон окуучунун башкы компетенцияларын калыптандыруу: ар түрдүү маалыматтар менен иштей алуусу, социалдык - коммуникативдүүлүгү, өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чече билүүсү, өз мамлекетинин атуулу болуусу ж.б.

- окуучулардын саламаттыгын, өмүр коопсуздугун сактоо;
- социалдык жактан коргоого муктаж болгон окуучулар менен жекече иш жүргүзүү;
- профилдик предметтер боюнча окуу программаларын түзүү;
- мектептин ишин стратегиялык пландаштыруу;
- окуу-тарбия процессинин мазмунун аныктоо;
- класстан тышкаркы иштердин мазмунун аныктоо;
- усулдук иштердин багыттарын белгилөө;
- локалдык актыларды иштеп чыгуу;
- материалдык, окуу-усулдук базаны чыңдоо;
- эксперименталдык иштерди жүргүзүү, жыйынтыктоо;
- окуучулардын ата-энелери менен иштөө;
- коомчулук менен байланыш түзүү;
- жогорку окуу жайлар менен байланыш түзүү;
- окуучуларды жогорку окуу жайларга өтө тургандай билим алуусуна ынандыруу.

**Билим берүүнүн негизги принциптери:**

- демократиялуулук;
- улуттук, дүйнөлүк илимдин жана эл аралык тажрыйбанын жетишкендиктерине багыт алуу;
- билим берүүнүн саясий жана диний институттарга көз карандысыздыгы;
- билим берүүнүн усулдарын, формаларын тандоого карата эркиндиги;

- гуманисттик принцип: билим берүүдө окуучунун инсандык өзгөчөлүктөрүн эске алуу (инсандык мамиле);
- билим берүүдөгү милдеттерди чечүүдөгү системалуулук;
- билим берүүдө педагогиканын, психологиянын жана башка илимдердин, техниканын жетишкендиктерине таянуу;
- окутуу, тарбиялоо, өнүктүрүүнүн бирдиктүүлүгү (комплекстүүлүк);
- окутууну практика менен байланыштыруу;
- ачыктык принцип.

## Т. САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ ОБЛАСТТЫК МЕКТЕП - ЛИЦЕЙ - ИНТЕРНАТЫНЫН САЛТТАРЫ

- 1 - сентябрь - Билим берүү күнү.
- Сентябрь айынын үчүнчү жумасынын бешинчи күнү - Кыргыз тили - мамлекеттик тил күнү.
- Ноябрь айынын үчүнчү жумасынын бешинчи күнү - Лицей күнү.
- Декабрь айынын үчүнчү жумасынын бешинчи күнү - Манасчылар күнү.
- Февраль айынын экинчи жумасынын бешинчи күнү - Батыш тилдер күнү.
- Апрель айынын экинчи жумасынын бешинчи күнү - Олимпиадачылар күнү.
- Май айынын экинчи жумасынын бешинчи күнү - Т.Сатылганов - акын, демократ.
- Чыгармачыл окуучулар күнү.
- 25 - май - Акыркы коңгуроо аземи.

# АЛГАЧКЫ ИЙГИЛИКТЕР

Биз беш жыл ичиндеги лицейдеги ийгиликтер жөнүндө кыскача маалымат берип кеткенибиздин себеби, натыйжаларга жетүү үчүн лицейдин педагогикалык жамааты күнүнө 10-12 саат мектепте чыгармачылык менен эмгектенишкендиги жөнүндө таанышсын деп ойлодук. Бизден кийин иштеген мугалимдер, тарбиячылар, лицейдин жетекчилери жеке иш аракеттерин обьективдүү талдоо менен, ишмердүүлүгүн ынтымактын, чыгармачылыктын негизинде уюштурганда гана ийгилик болоруна ынанышат деп ишенебиз.

***1991-1992-окуу жылы***

Бул окуу жылынын башталышындагы алгачкы усулдук ишибиз лицейдин окуу планын түзүү болду. «Жөндөмдүү балдар менен иштөө системасы» иштелип чыккандан кийин лицейдин бир жылдык планы түзүлдү. Локалдык актылар иштелип чыга баштады, алардын бири лицейдин Уставы, окуучулардын илимий коомунун жобосу ж.б. Окуучулардын илимий коомун түздөн түз жетектөө кафедра башчыларына милдеттендирилди. Таланттуу балдардын банкы топтоло баштады, окуучулардын чыгармачылык портреттеринин мазмуну иштелип чыгып, алардын өсүп-өнүүсүнө системалуу көзөмөл болуусуна мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Педагогиканы, психологияны жогорку деңгээлде өз алдынча өздөштүргөн мугалимдер гана окуучулардын чыгармачылык портреттери менен иштеп кете алышып, окуучунун өнүгүүсүнө түрткү бере алышты.

Окуучулардын илимий коомунун иши ээфективдүү уюштурулуп, конференциялар өткөрүлдү, окуучулар алгачкы чыгармачылык иштерин талкуучга алып чыгышты.

Областтык олимпиадага 24 окуучу катышып, 18 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту.

Республикалык олимпиадага 8 окуучу катышып, 5 окуучу байгелүү орундарга жетишти. Алар: орус тили адабиятынан Тулпаров Бакыт, мугалими Омурзакова А., физикадан Эсеналиева М., мугалими Ишенбаев С., химиядан Конокбаев Данияр, мугалими Көкбериева К., кыргыз тили жана адабиятынан Жакакова Айнагүл, Токторбаева Асылкүл, мугалими Сулайманова З. Бул ийгиликтер

талантттуу балдар менен үзгүлтүксүз иш алып баруудан жаралды деген ойдо болдук.

Спорттук жетишкендиктерден болсо Бакасов Ульзана футбол боюнча Кыргызстандын курама командасынын мүчөсү болду. Ыныев Тилек Каракол шаарында теннис боюнча өткөрүлгөн спартакиадада 1-орунду ээледи.

Лицейдин базасында «Жаңы типтеги мектепти уюштуруу жана жетектөө» темасында областтык семинар өткөрүлдү.



**Лицейдин базасында областыбыздын 17 физика жана математика мугалимдери үчүн квалификациясын жогорулатуу максатында интегралдаштырылган курс уюштурулду. Курсту уюштуруу Жангороз Каниметовичтин демилгеси эле. Курс эки этапта өткөрүлдү. Биринчи этап теориялык, экинчиси болсо практикалык.**

Мугалимдер: Асамбаева С., Көкбериева К., Калеева Ш., Сулайманова З. областтык **«Мыкты мугалим»** конкурсуна катышышты. Ушул эле жылы кыргыз тили жана адабияты мугалими Сулайманова Заризанын «Ысык-Көл кабарлары» газетасынын бетинде лицейдин компоненти болгон риториканын программасы жарык көрүп, областыбыздын мугалимдеринин талкуусуна коюлду.

Жаңы типтеги мектептин өзгөчөлүгүн аныктоо максатында, төрт жылдык мөөнөт менен педагогикалык эксперимент жүргүзүү зарылдыгы пайда болду. Эксперименттин максаты, милдеттери, изилдөө обьектилери аныкталып, иштер натыйжалуу башталды.

Чет өлкөлөргө барып алардын билим берүү системалары менен таанышууга мүмкүнчүлүктөр түзүлө баштады. Мен Россиянын Геленджек шаарында өткөрүлгөн Бүткүл союздук математиктердин семинарына катышып, мында таланттуу балдар менен иштөөнү уюштуруу жолдору менен кеңири тааныштым. Ошол эле жылы Түркияга Кыргызстандын 22 билим берүү кызматкерлери менен бирге барып, билим берүү системасынын мазмуну менен таанышып келип, алардын айрым тажрыйбаларынан, айрыкча окуучулардын өзүн-өзү өнүктүрүүсү мектеп-лицейге жайылтылды. Атайын курс катары түрк тилин окута баштадык.

Атайын курстарды өтүүдө Касым Тыныстанов атындагы мамлекеттик университетинин окутуучулары жана окумуштуулары тартылды алар: Токомбаев Ш.Т, Мамытов Ж., Абдыкадыров Т., Саспаев А., Орунбаев Т., Адиев К. ж.б.

Лицейде өткөрүлүп жаткан иштерди, мугалимдердин жана окуучулардын ийгиликтерин областтык газеталардын беттерине жарыялап, коомчулукка маалымдап турдук. «Лицей кабарлары» деп аталган чакан журналдын биринчи номери жарык көрдү.

***1992-жылынын 7-февралында Ысык-Көл областтык билим берүү башкармалыгынын коллегиясынын чечими менен биздин лицейдин базасында чыгармачылык лаборатория ачылып, педагогикалык эксперимент жүргүзүүгө мүмкүнчүлүктор түзүлдү.***

Эксперименталдык лабораториянын Жобосу иштелип чыкты.

Жатаканада жашаган окуучуларды тамактандыруу үчүн Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын ашканасы

иштеди. Коомдук тамактанууну уюштуруучу мекемелер жана ар түрдүү акционердик коомдор менен түзүлгөн келишимдердин негизинде тамактандыруу иштери уюштурула баштады. Жатаканада жашап, билим алган окуучулар менен иштөөнүн мазмуну тарбиячылардын функционалдык милдеттери аркылуу аныкталды.

***1992-1993-окуу жылы***

Окуучулардын саны-450, бүтүрүүчүлөрдүн саны-61, алтын жана күмүш медаль менен аяктагандар-8.

Мугалимдер Калеева Ш.А., Турусбекова А. областтык **«Жылдын мыкты мугалими»** конкурсуна катышып байгелүү орундарга ээ болушуп, Калеева Ш. республикалык конкурска катышууга укуктуу болду.

Мектеп-лицейдин директору Байсеркеев А.Э. **«Жылдын мыкты директору»** конкурсуна катышып, «Жылдын мыкты директору» наамына ээ болду. Окуу-тарбия процессин эффективдүү уюштуруунун натыйжасында Мырзалиева Н.А., Ишенбаев С.И. жана мен **«Эл агартуунун отличниги»** төш белгисине ээ болдук. Областтык жана республикалык олимпиадаларда окуучуларга жогорку деңгээлдеги билим сапатын көрсөткөндүгүнө байланыштуу **«КР Эл агартуунун отличниги»** төш белгиси менен Өмүрзакова А., Көкбериева К., Сулайманова З., Асанбаева С., Асанбекова А. сыйланышты.

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган 15 предметтик ийримдер иштеди. Натыйжада 54 окуучу областтык олимпиадага катышып, 43 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту.

Республикалык олимпиадага 21 окуучу катышып, 9 окуучу байгелүү орундарды ээлешти. Алар: физикадан Садыкова Эльнура, Иманова Мээрим, мугалими Ишенбаев С., математикадан Бакасова Ульзана, мугалими Тайчикова Г., англис тили боюнча Молдокматова Айнура, Кожомбердиева Каныкей, Өскөнбаева Нургүль, мугалими Тынаева Б., химиядан Алиев Айбек, мугалими Көкбериева К, биологиядан Орозбаева Кыял, мугалими Саякбаева Т., кыргыз тили адабятынан Жамангулова Айнура, мугалими Сулайманова З.

Бул окуу жылында спорттук жетишкендиктерден Байтиков

Исламбек-Орто Азия жана Казакстандын окуучуларынын арасында грек-рим күрөшү боюнча 1-орунду жеңип алды. Арпачиев Алмаз-теннис боюнча областтык спартакиадада 3-орунга чыкты.

*1993-1994-окуу жылы*

Окуучулардын саны-470, бүтүрүүчүлөрдүн саны-68. Алтын жана күмүш медаль менен аяктагандар-2. АКСЕЛСтин программасы менен АКШга окууга өткөндөр Өскөнбаева Н., Өмүрзакова М. Областтык олимпиадага 62 окуучу катышып, 54 байгелүү орундарга ээ болушту, республикалык олимпиадага 22 катышып, 15 байгелүү орундарга ээ болушту. Алар: химиядан Конокбаев Данияр-мугалими Көкбериева К., химиядан Сейдакматов Жолдош, мугалими Осмонова Р., биологиядан Молдобаев Кайрат, мугалими Акималиева Ч., математикадан Арпачиев Алмаз, мугалими Жанышева Т., орус тилинен Алиева Р., мугалими Кылычбаева Р., немец тилинен Бекболотова Гүляйым, Шабданбекова А., мугалими Бектенова К., англис тилинен Өскөнбаева Нургүль, Өмүрзакова Миргүль, мугалими Сатарова Р., кыргыз тилинен Иманалиев Кайрат, Буларкиева Назгүль, Түгөлбаева Венера, мугалими Калеева Ш., математика Искакова Г., мугалими Тайчикова Г., физикадан Бегалиева Гулина, мугалими Өмүрбеков Ү., Биздин окуучулардын күчү менен коюлган «Сейтек» спектакли областтык кароодо 1-орунга татыды. Бүтүрүүчүлөрдүн 98% жогорку окуу жайларга өтүштү.

Мектеп-лицейдин базасында республикалык мектептердин биринчи слёту өткөрүлдү. Слётко республиканын ар түрдүү областтарынын мектеп жетекчилери, окумуштуулар катышты. Физика-математика илимдеринин доктору Э.Мамбетакунов катышып, лицейде жүргүзүлүп жаткан илимий-усулдук иштерибизге өзгөчө баа берүү менен, кызматташууну сунуштады. «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна Бокоев М.Т., Момуналиев Т. катышып, жеңүүчүлөрдүн катарында болушту.

«КР эл агартуунун отличниги» төш белгисине ээ болгон мугалимдер-10. Окуу-тарбия процессиндеги жигердүү ийгиликтердин негизинде мугалимдер Тайчикова Г., Жанышева Т., Тынаева Б. «КР эл агартуунун отличниги» төш белгиси менен сыйланышты. «Тынчтык Корпусу» аркылуу АКШдан Эрик

Эвресманн волонтер катары окуучуларды англис тили боюнча окутту.

Спорттук жетишкендиктер боюнча Ибраева Асель республикалык шахмат боюнча мелдеште 1-орунга татыктуу болду. Эркек балдардын футболдук командасы Каракол шаарынын мектептер арасында өткөрүлгөн мелдеште 1-орунду ээлешти.

Ысык-Көл областтык илимий-педагогикалык «Билим шамы» газетасынын 1994-жылынын июнь айынын № 3 «Эврика» деп аталган тиркемесинин беттеринде толугу менен мектеп-лицейде өткөрүлүп жаткан педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана иштелген иштер жарыяланды.

***1994-1995-окуу жылы***

Окуучулардын саны-481, бүтүрүүчүлөрдүн саны-90, алтын жана күмүш медаль менен аяктагандар-3, бүтүрүүчүлөрдүн 98% жогорку окуу жайларга өтүштү.

Областтык олимпиадага 65 окуучу катышып, 39 байгелүү орундарга ээ болушту, республикалык олимпиадага 13 катышып, 5 байгелүү орундарга ээ болушту. Алар: немец тилинен Шаменов Нурлан, мугалими Бектенова К., кыргыз тилинен Түмөнбаева Махабат, мугалими Калеева Ш., географиядан Жаналиев Эсенбек, мугалими Кожомкулова Р., француз тилинен Айдаров Медер, мугалими Эркебуланова Н., физикадан Эшенов Асылбек, мугалими Турусбекова А., окуучубуз Арпачиев А. математикадан Канададагы Торонто шаарында өткөрүлгөн дүйнөлүк олимпиадага катышты АКСЕЛСтин программасы менен АКШга окууга өткөндөр: Карабукаев М., Асанова Д. Областтык эстетикалык олимпиадага катышуу менен 16 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту.

Касым Тыныстанов атындагы мамлекеттик университети менен бирдикте «Манас» эпосунун 1000 жылдыгына карата илимий практикалык конференция өткөрүлдү.

Областтык педагогикалык окууларга Байсеркеев А.Э., Тайчикова Г., Көкбериева К., Асанбаева С., Жанышева Т. жана мен катышып, жаңы типтеги мектептерде окутуунун усулдары боюнча ой бөлүштүк. Мен республикалык педагогикалык окууга катышууга укуктуу болдум.

Тарых мугалими Каниметов Адыл областтык деңгээлде өткөрүлгөн «**Жылдын мыкты мугалими»** конкурсунда 1 байгелүү орунга ээ болуп, республикалык конкурсунун жыйынтыгында «КР Эл агартуунун отличниги» төш белгиси менен сыйланды.

Окуучуларды адептүүлүккө багыттап, терең билим алуусуна көмөктөшүп, эстетикалык аң-сезимин жогорулатууда эмгектери сиңген тарбиячылар (төмөнкү сүрөттөгү) Стамова Т., Бакешова К., Адылканова А. **«КР Эл агартуунун отличниги»** төш белгилерине ээ болушту.



«Сорос-Кыргызстан» фондусу тарабынан өткөрүлгөн «XXI-кылымдын лидерлерин трансформациялоо» конкурсуна катышуу менен, мектеп-лицей ушул фонддун пилоттук мектеби болду. Бул окуу жылында лицей комплексттик аттестациядан өттү.

Областтык билим берүү башкармасынын коллегиясы Т.Сатылганов атындагы областтык мектеп лицейинин педагогикалык коллективин чыгармачылык изденүүнүн жолуна түшүп, жаңы типтеги кыргыз мектебинин моделин түзүү, жөндөмдүү балдар менен иштөөнүн, педагогдордун жана окуучулардын өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үстүндө жигердүүлүк менен аракет кылышканын белгилейт.

***Аттестация учурунда алынган тест-сыноолордун, окуучулардын жазуу жана оозеки жоопторунун жыйынтыктары алардын билим деңгээлинин жогору экендигин көрсөтүп, Т. Сатылганов мектеп-лицейи областтык, республикалык олимпиадада биринчи орунду жеңип алганы толук далилденди.***

Областтык билим берүү башкармасынын коллегиясы **ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

Окуу-тарбия процессин жаңы типтеги билим берүүчү

мекемелеринин деңгээлинде жүргүзүлгөндүгүнө, тиешелүү окуу, материалдык база, жогорку квалификациялуу педагогикалык кадрлар менен камсыз болушуна, окуучулардын билим-сапатынын тереңдигине байланыштуу областтык Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицейинин ишмердүүлүгү жаңы типтеги мектеп-лицейине коюлган талаптарга жооп берет деп табылсын.

2. Областтык Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицейи аттестациядан өттү деп эсептелсин.

3. Үч окуу жылынын ичинде мектеп лицейинин жетекчилигинин жана педагогикалык коллективинин жаңы типтеги кыргыз мектебинин моделин түзүү боюнча ишмердүүлүгү менен чыгармачылык иштери жактырылсын. Мектеп - лицейи областтык бардык жаңы типтеги жана эксперименталдык режимде иштеген мектептер үчүн таланттуу балдар менен иштөө координациялык борборуна айландырылсын жана тажрыйбасы жайылтылсын.

Коллегиянын төрагасы,
ОБББнын башчысы Ж.КАНИМЕТОВ.
1994-жыл, 8-апрель.

## *1995-1996-окуу жылы*

Педагогдордун саны-71, «Эл агартуунун отличниги» төш белгилерге ээ болгондор-17. Жогорку квалификациялык категориядагы-28, биринчи категориядагы-30.

Окуучулардын саны-496, бүтүрүүчүлөрдүн саны-96, алтын жана күмүш медаль менен аяктагандар-4. Областтык олимпиадага 54 окуучу катышып, 37 байгелүү орундарга ээ болушту. Республикалык олимиадага 14 катышып, 7-байгелүү орундарга жетишти.

Алар: кыргыз тилинен Табалдиев Элмир, Сейдакматов Марс мугалимдери Сулайманова З., Ахмеджанова Р., географиядан Абдыкадырова Айсулуу, Кожоканов Фархад, мугалимдери Кожомкулова Р., Тезекбаева Д., англис тилинен Имарова Рима мугалими Эркинбаева С., француз тилинен Айдаров Медер, мугалими Эркебуланова Н., химиядан Кадырова Гүлкайыр, мугалими Иманалиева Ш.

Областтык эстетикалык олимпиадага катышуу менен 12 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту.

Индияда өткөрүлгөн «Мен жана Кыргызстан» конкурсуна 6 окуучу катышты. Бокоев Т., Алиев М. «Түрк дүйнөсү» конкурсуна катышып, алдынкы орунду алган. Алиев М. Туркияга баруу укугуна ээ болду. Окуучулардын изилдөө иштери областыбыздагы газеталардын беттеринде жарык көрдү. Маселен: Э.Табалдиевдин «Ислам жана анын масхаптары», Э.Молдоискенованын «Билим айга жеткирет» новелла-эсселери, Ж.Бейшекееванын «Айылым» аттуу ыры.

Лицейдин окуучулары «Сорос-Кыргызстан» фондусу уюштурган дебаттарга жана ар түрдүү конкурстарга катышышты.

Спорттук жетишкендиктерден болсо 6-класстарынын окуучуларынан түзүлгөн футболдук команда Каракол шаарынын чемпиону наамына ээ болду. Самат Деркембаев - бокс боюнча республикалык чемпионатта 3 орунду ээледи. Бир туугандар Жумагулов Т., Жумагулов Б. Якутск шаарында бокс боюнча өткөрүлгөн Эл аралык спартакиадада 1-орунга татыктуу болушту.

Байсеркеев А., мен, Асанбекова А., Тезекбаева Д., Молдокунов К., Кожомкулова Р., Эркинбаева С., Кангельдиев Б., Самудинов Т., Самыкбаева З. «Сорос-Кыргызстан» фондусу тарабынан уюштурулган семинар-тренингдерге катышып, квалификациябызды жогорулатууга мүмкүнчүлүктөр болду. Төрт окуу китептери боюнча лицейдин базасында аппробация жүргүзүлдү. Мугалимдер Кылычбаева Р., Бокоев М., Иманходжаева Г. «КР эл агартуунун отличниги» төш белгилери менен сыйланышты.

Областтык билим берүү башкармалыгы тарабынан өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен математика мугалими Жанышева Т.Э. жана мага «Мугалим-Новатор-96» наамы ыйгарылды.

1995-жылы лицейдин 5-жылдыгы жана мектеп интернатынын 40-жылдыгы өткөрүлдү, биздин сый коноктерубуз академик Х.Карасаев жана ал кишинин өмүрлүк жары Айша апа, интернаттын бүтүрүүчүлөрү Ж.Аманбаев, биринчи контрадмирал М.С.Темиров ж.б катышып, лицейчилерге акыл - насааттарын айтышып, кызыктуу жолугушуу болду.

1995-1996-жылдарда лицей калыптанып, Кыргыз

Республикасында таанылып калгандан кийин келген жаңы мугалимдер - Ашымбаева К., Молдокунова Г., Тезекбаева Д., Садиев А., Ахмеджанова Р., Маматкулова З., Куланбаев С. ж.б өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн, окутуунун жаңы технологиясына, жөндөмдүү балдар менен иштөө системасына ээ болуу менен эмгектенүүнүн натыйжасында лицей субьект катары аларды көтөрүп, тез аранын ичинде **«КР Билим берүүнүн отличниги»** төш белгилерге ээ болушту.

***1996 - жылынын №8 санындагы «Билим шамы» деп аталган Ысык-Көл областтык илимий педагогикалык газетасынын 2-4 беттеринде лицейдин беш жана Т. Сатылганов атындагы мектеп-интернатынын кырк жылдыгына карата иштелип жаткан иштерин жана ийгиликтерине токтолуу менен мектеп жетекчилерине төмөнкүлөрдү усулдук колдонмо катары пайдаланууга сунуш кылабыз.***



***Академик Х.Карасаев жана өмүрлүк жары Айша апа лицейде мейманда.***

**Педагогикалык эксперимент:**

**I.** Мектепте педагогикалык экспериментти даярдоо.

***Эксперименттин максаты:*** Жаңы типтеги мектептин моделин түзүү.

**Эксперименттин милдеттери**:

**1.** Мектеп - лицейдин концепциясын түзүү .

**2.** Мектеп - лицейдин ишин пландаштыруу жана башкаруу.

**Эксперименттин обьектилери:**

**а)** профилдик класстар ( окуучулар ),

**б)** педагогдор.

**Эксперименттин узактыгы - 3 жыл (1992-1995)**

***Экспериментти жүргүзүүдө колдонулуучу усулдар:***

**а)** аңгеме,

**б)** анкеталаштыруу,

**в)** интервью,

**г)** өздүк баалоо,

**д)** байкоо,

**е)** тестирлөө,

**ө)** диагностикалык анализ,

**ж)** педагогикалык консилиумдар,

**з)** статистикалык анализ.

**II.Эксперименттин жүрүшү.**

***I этап. Талдоо.***

Лицей жаңы типтеги мектеп - анын мазмуну, структурасы жалпы билим берүүчү мектептерден түп тамырынан айырмаланып тургандыгы менен белгилүү .

Мектеп - лицейдин башкы максаты: ***окуучуну ар тараптан өнүктүрүүдө жеке аң-сезиминин деңгээлин көтөрүүгө, сапаттуу билимге ээ болууга, интеллектисин өнүктүрүүгө, руханий байлыгын кеңейтүүгө, саламаттыгын сактоого, өзгөрүп турган коомдун турмушуна ыңгайлашып кетүүгө, мектепти бүтүргөндөн кийин өз алдынча өнүгүп кетүүсүнө жана өмүр бою билим алууга карата умтулуусуна пайдубал түптөө.***

Жөндөмүн, кызыгуусун, билимин эске алуу менен окуучулар конкурстук жол менен кабыл алынат. Мектеп - лицейдин башкы максаты жана андан келип чыккан милдеттерди ишке ашыруу үчүн таяныч жобо керек болууда.

Алгачкы таяныч - жобо «**Жөндөмдүү окуучулар менен иштөө системасы»**. Жобонун негизги мазмуну: илимий усулдук иштерди уюштуруу жана жетектөө, окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин, рухий маданиятын көтөрүү жана окуучулардын чыгармачылык, илимий иштерин уюштуруу.

Анкета, байкоо, тестирлөө, аңгеме диагностикалык усулдар менен окуучулардын билим жана тарбиялануучулук деңгээлин аныктоо, талдоо мезгилиндеги негизги усулдук иштердин бири.

Диагностикалык усулун пайдалануу менен педагогдордун илимий-усулдук практикалык теориялык деңгээли аныкталат.

Педагогдор үчүн иштелип чыккан диагностикалык картанын негизинде, алардын квалификациясын жогорулатуу боюнча иш чаралары түзүлгөн.

Инсанды ар тараптан өнүктүрүү проблемасы тарбия берүү менен окутуунун бирдиктүү системасын түзүүгө түрткү берет. Талдоо этабында, экспериментте таяныч түшүнүктөрүн аныктоо жана аларга болгон ар түрдүү көз караштар менен таанышуу, илимий, педагогикалык, психологиялык адабияттарда мазмундарынын ачылыштарына ар тараптан баа берүү талап кылынат. Биздин эксперименталдык иште таяныч түшүнүктөр: жөндөм, талант, жөндөмдүү окуучу, таланттуу окуучу, өнүктүрүү, рухий байлык, интеллект, чыгармачылык инсан.

Жаңы типтеги мектептин ишин пландаштырууда мурда белгилүү классикалык жол менен ишке ашыруу мүмкүн эмес, мында башкы максаттын жана талаптын негизинде азыркы учурдун талабына жооп бергендей өзгөртүү зарылдыгы келип чыгат.

### ***II этап. Изденүү, прогноздорду коюу.***

Талдоо этабында таяныч түшүнүктөрдөн жөндөм, талант, өнүктүрүү, өзүн-өзү өнүктүрүү, рухий байлык, интеллект,

чыгармачылыкка байланышкан таяныч сүйлөмдөр келип түзүлөт. Маселен: Окуучунун жөндөмүн, өзүн-өзү өнүктүрүүсү, окуучунун интеллектуалдык деңгээлин өнүктүрүү, рухий байлыгын, чыгармачылыгын өнүктүрүү жана башкалар, мына ушулардан өзүнөн-өзү эле мектептин концепциясын түзүүчү таяныч элементтер пайда болот, системаны түзүү, изденүү талап кылынат.

Жаңы типтеги мектептин концепциясын түзүү, ишин пландаштыруу жана башкаруу проблемалары педагогикалык инновацияны түзөт.

Изденүү этабында педагогикалык инноватиканын үч бөлүгү тең калыптанат;

**а)** педагогикалык жаңылануунун түзүү процессин үйрөнүү **(неалогия);**

**б)** педагогикалык жаңыланууга баа берүү, жана аны өздөштүрүү **(аксиология);**

**в)** педагогикадагы жаңылануунун практикада колдонулушун талдоо **(праксиология).**

Биздин экспериментте жаңы типтеги мектептин моделин, анын концепциясын түзүү жана мектептин ишин жаңыча пландаштыруунун, башкаруунун методикасын иштеп чыгуу педагогикалык неологияны түзөт.

Педагогикалык неологияда жаралган жаңылануулардын талдоо, жана аны окуу-тарбия процессинде жетекчиликке алуу аксиологияны түзөт деп эсептейбиз.

Жаңылануулардын практикада колдонулушун талдоо педагогикалык праксиологияны түзөт.

Педагогикалык неологиянын негизинде эксперименталдык прогнозу коюлат: **бүтүрүүчүлөрдөн 70-80% жогорку окуу жайларга өтүүсү, ошондой эле ар бир окуу жылында бул көрсөткүч 5,7% өсүшү күтүлөт**.

Прогноздогу натыйжага жетүү үчүн педагогдун жана окуучулардын өзүн - өзү өнүктүрүүсү зарыл .

Негизги инноватор - бул педагог, ал өзүнүн квалификациясын үзгүлтүксүз көтөрүү менен сөзсүз түрдө өзүн - өзү өнүктүрүүгө келет. Өзүн - өзү өнүктүрүү түздөн - түз жөндөмдүү окуучулар

менен жекече иштөө системасын түзүүгө түрткү берди. Жаңы типтеги мектептин педагогунун ой жүгүртүүсүнүн жаңылануусу менен педагогикалык кызматташтыктын мазмуну гумандуулукка, демократиялуулукка, окуучуларга дифференцирленген, индивидуалдаштырган мамиле жасоого багытталды.

Жөндөмдүү окуучуну өнүктүрүүдө анын интеллектуалдык гана деңгээлин көтөрбөстөн эстетикалык жана нравалык сезимдеги калыптандыруу да талап кылынат. Интеллектуалдык, эстетикалык, нравалык деңгээли окуучунун рухий байлыгын түзө тургандыгына ынануусу биздин дагы бир негизги милдеттердин бири.

Изденүү этабында окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин көтөрүүнү биринчи орунга коюу айрым кемчиликтердин келип чыгышына себеп болду. Эксперименталдык окуу программалар, максаттуу тарбиялык иштердин натыйжалары жакшы ийгиликтерди жарата баштады.

Окуучулардын өзүн - өзү өнүктүрүүсү өз алдынчалыктын чыгармачылыкка өсүп чыгышына алып келет. Окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу максатында, алар илимий коомго муктаж экендиги байкалды. Ал эми окуучулардын таанып - билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн адегенде алардын жалпы жана жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү жана изилдөө талап кылынды. Окуучулардын чыгармачылык портреттерин түзүү педагогдорду көп изденүүгө алып келди .

Эксперименттин натыйжалуулугун билүү максатында көптөгөн анкеталар, байкоолор, аңгемелешүүлөр, диагностикалык иштер, тестирлөөлөр жүргүзүлүүдө. Түшкөн маалыматтарды ар тараптан талдап, жолдомолорду иштеп чыгуу менен, кетирилген кемчиликтерди четтетүү колго алынууда.

Эксперименталдык окуу планында терендетилип окутулган предметтердин туруктуулугу түзүлгөн. Окуучулардын рухий байлыгын өстүрүү максатында ар түрдүү атайын курстарды, жаңы предметтерди окутуу уюштурулду. Тарбиялык иштерде улуттук маданият аркылуу дүйнөлүк маданият менен кеңири таанышууга шарт түзүлдү. Окуучулардын эстетикалык табитин көтөрүү максатында түрдүү ийримдер, студиялар уюштурулуп алардын жекече жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө көмөктөш болууда. Окуучулардын ден-соолуктарын чыңдоо максатында эртең мененки гимнастиканы өткөрүүдөн баштап, ар түрдүү спорттук секциялар

иштеп, ден – соолук күндөрү өткөрүлүүдө. Окуучулар жалпы билим берүүчү предметтер боюнча олимпиадаларга катышууга гана кызыкпастан, көркөм эстетикалык билим берүүчү предметтер боюнча өткөрүлгөн олимпиадаларга активдүү катышуу менен ар түрдүү, шаардык, областтык спорттук мелдештерге катышып байгелүү орундарга жетишүүдө.

***III этап. Изилдөө. Моделдештирүү.***

Мектепте ачылган ар бир профилдер автономияга ээ болуу менен өнүгүүгө багытталууда. Окуу - тарбия иштеринин мазмуну иликтөөгө дуушар болот. Башкы максаттын ишке ашырылышына кандай объективдүү жана субъективдүү шарттар бар жана түзүү талап кылынат, деген суроо педагогдорду гана кызыктырбастан, окуучулар үчүн да негизги маселеге айланат. Мында окуучунун өзүн - өзү өнүктүрүүсү жолго коюлуп, өзүн-өзү талдоого дайыма муктаж экендиги келип чыгат. Бул этапта окуу-тарбия процессиндеги кемчиликтер окуучуларга да даана көрүнүп, алар педагогдор менен бирге, четтетүү жолдорун издешет. Терең билим алуу менен катар рухий дүйнөгө ээ болуу азыркы мезгилдин талабы боло тургандыгын көпчүлүк окуучулар түшүнүп лицейчинин моделин түзүүгө аракет кылышат. Чыныгы лицейчини кандай элестетүүгө болот?- деген суроого окуучулар өздөрү жооп издешет.

Педагогдор усулдук колдонмолорду жаратуунун үстүндө иштей башташты, предметтик концепциялар түзүлүүдө. Окуу-тарбия процессинде окутуунун жана тарбия берүүнүн жаңы технологияларынын элементтери кеңири пайдаланылууда. Тарбия берүүнүн гуманисттик системасын түзүү жолунда көп иштер иштелүүдө.

Тарбия берүү, окутуу, окуучуну ар тараптуу өнүктүрүү бирдиктүү система боло тургандыгы айкын болду. Социалдык шартка ылайыктуу инсанды калыптандыруу иштери көп кырдуу боло тургандыгы айгинеленди.

***IV. Эксперименталдык иштерди жыйынтыктоо.***

Эксперименталдык иштердин натыйжасында төмөнкүлөр иштелип чыкты:

1. **Жөндөмдүү балдар менен иштөө системасы;**
2. **Мектеп - лицейдин концепциясы;**

3. **Мектеп - лицейдин окуу планы;**

4. **Мектеп - лицейдин Уставы;**

5. **Мектеп - лицейинин өнүгүү стратегиялары;**

6. **Мектеп - лицейдин бир жылдык жана перспективдик иш планы;**

7. **Профилдик кафедралардын иш-аркеттеринин мазмуну;**

8. **Тереңдетилип окутулуучу предметтердин программалары;**

9. **Атайын курстардын программалары;**

10. **Дүйнөлүк көркөм маданият, риторика, логика, философия боюнча автордук программалар;**

11. **Окуучулардын жана мугалимдердин, тарбиячылардын өзүн-өзү өнүктүрүү программалары;**

12. **Ар түрдүү усулдук көрсөтмөлөр, жоболор;**

13. **Айрым предметтердин концепциялары;**

14. **Окуучулардын илимий коомунун жобосу;**

15. **Лицейчинин модели;**

16. **Педагогдун модели;**

17. **Илимий-усулдук колдонмо, «Лицей кабарларынын» биринчи саны жарык көрдү**.

3 жылдын ичинде жаңы типтеги мектептин моделин түзүү, окуучулардын өзүн-өзү өнүктүрүүсү, окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин көтөрүү боюнча беш областтык жана эки республикалык илимий, практикалык, теориялык семинарлар өткөрүлдү. Биздин областыбызда ачылып жаткан жаңы типтеги мектептерге теориялык, практикалык жардам көрсөтө баштадык.

1991-1992-окуу жылында мектеп-лицейдин базасында физика, математика мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча интегралдаштырылган, тездетилген курсу өткөрүлдү.

Даярдоо класстарын мектеп-лицейде ачуу зарылдыгы аныкталды. 1992-1993-окуу жылында биздин бүтүрүүчүлөрүбүздүн 98 % жогорку окуу жайларга өтүштү, бул болсо прогнозго караганда 18-28% жогору турат. Бүтүрүүчүлөрүбүздүн арасынан бир эле убакта үч жана эки жогорку окуу жайларга өткөн учурлары болду Маселен физика-математика профилинин окуучулары **Алышбаев**

**Улан, Ибраев Алмаз,** гуманитардвк багыттагы окуучулар **Жолбунова Махабат, Жамангулова Айнура**.

## ***Биринчи беш жылдыкта чет өлкөлөрдө билим алган бүтүрүүчүлөр:***

***АКШ***

Өскөнбаева Н., Көбөнбаев М., Өмүрзакова М., Казакова Б., Карабукаев М., Сарыбаева А., Асанова Д., Курманакунова А., Конокбаев К., Ибакова К., Молдогазиев Т., Ажикова Л., Сарыбаева Б., Турдуманбетов, Калмакеев, Мааткеримов Ч., Молдогазиев Т., Карабукаев К., ж.б.

***Германия***

Шабданбекова А., Дамир у. А., Турдалиев А., Макеева А.

***Австрия***

Вена (аспирантура) - Бекболотова Г.

***Малайзия***

Карабукаев К., Кожомбердиева К.

***Египет***

Ибраев Т., Саркеев М., Тиленбаев К.

***Франция***

Буйлашева М., Жаныбекова А., Калмакеев К.

***Россия***

Конокбаев Д., Сейдекматов М., Ашымов М.,Дүйшөнбиев Э.,Орозалиев Б.,Шерипов Н.

***Турция***

Баизов Т., Ордобаева Н., Мааткеримов Ч.

***Казакстан***

Мааткеримов Ч., Боронбаева А., Молдокунова Н., Апазова М., Казакбаева Э., Абакиров Э., Каниметов А.,ж.б.

***Иран***

Молдокунова Н.

***Англия***

Курманакунова А.

# ЖӨНДӨМДҮҮ ОКУУЧУЛАР МЕНЕН ИШТӨӨ СИСТЕМАСЫ

«**Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөнүн долбоору**» кыскартылган формада адегенде «Каракол» газетасынын 1993-жылынын 12-февралдагы №3, андан кийин ошол эле газетанын 1993-жылынын 18-майдагы санында жарыяланды, толугу менен 1996-жылынын №8 санындагы «Билим шамы» деп аталган Ысык-Көл областтык илимий педагогикалык газетасынын 2-4 беттеринде жарык көрдү. Ысык-Көл областтык илимий-педагогикалык «Билим шамы» газетасынын 2001-жылынын март айындагы №3 санында «**Некоторые аспекты по созданию системы работ с одаренными учащимися**» аттуу макалада жогоруда көрсөтүлгөн система менен иштөөнүн 10-жыл ичиндеги топтолгон тажрыйбалары чагылдырылган. 1994-жылы XXI республикалык педагогикалык окууга катышып, тажрыйбабызды талкууга коюп, катышуучулар аркылуу жактырылгандыктан, докладдардын тезистер жыйнагында жарык көрдү.

Мектепте билим берүүнүн мазмуну мезгилдин талабына жооп берүүсү зарыл. Мектеп-лицейде окуу-тарбия процессин уюштурууда педагогдордун көңүлүнүн борборунда окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша акыл-жөндөмүн, адамдык сапатын ар тараптан өнүктүрүү менен жогорку окуу жайларга өтүүгө даярдоо жана турмуштук позициясын туура ээлешине көмөктөш болуу. Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөнүн долбоорунда окутуу, тарбия берүү, өнүктүрүү, өзүн-өзү өнүктүрүү бири-бири менен байланышкан бир системаны элементтерин түзүшөт. Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөдө, мурда белгилүү болгон мектептин иш-пландарынын классикалык мазмуну туура келбейт, ошондуктан сунуш кылынган долбоордун негизинде анын алгачкы мазмуну төмөндөгүдөй:

**I. Даярдоо класстары менен жүргүзүлүүчү иштер.**

**II. Областтык мектептердин окуучуларынан мектеп-лицейге окуучуларды тандоо.**

**III. Жөндөмдүү окуучуларды окутуу-тарбиялоодогу илимий-усулдук иштер.**

**IV. Окуучулардын рухий жана интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу.**

**V. Окуучулардын чыгармачылык илимий иштерин уюштуруу жана жетектөө.**

**VI. Ички көзөмөл иштери.**

**VII. Мектепти каржылоо, окуу-усулдук, материалдык базасын чыңдоо.**

Долбоордун негизинде окуучуларга тарбия берүүнүн мазмуну да өзгөрүлдү анын негизги бөлүктөрү: окуучулардын интеллектуалдык, рухий маданиятынын деңгээлин көтөрүү, ден соолуктарын чыңдоо, тарбия берүүнүн гуманисттик системасын түзүү.

Окутуунун мазмуну окуучунун инсандык сапаттарын ар тараптан өнүктүрүүгө багыттала баштады.

Тарбия берүүнүн мазмуну окуучунун рухий байлыгын көтөрүү жана билим алууга болгон муктаждыгын калыптандыруу болуп саналат. 3 жылдан бери жөндөмдүү окуучулар менен иштөөнүн болжолдуу долбоорун[1] билим берүүдө жетекчиликке алуудабыз, натыйжада айрым ийгиликтерге жеттик. Долбоордун мазмуну жаңылануусуну, изденүүнү жана илимий негиздөөнү талап кылат.

### *I. Даярдоо класстары менен жүргүзүлүүчү иштер*

**1.** Мектеп-лицейдин алдында даярдоо класстарды ачуу.

**2.** Анкеталар жана тесттер аркылуу окуучулардын билим жана тарбиялануучулук деңгээлин аныктоо.

**3.** Ар бир окуучунун мектеп-лицейге келүүсүнүн мотивдерин аныктоо.

**4.** Мектеп-лицейдин айрым өзгөчөлүктөрү менен окуучуларды тааныштыруу.

**5.** Мыкты лицейчилер менен жолугушууларды уюштуруу.

**6.** Даярдоо класстарды окутуучу педагогдорду топтоо.

**7.** Окуу-тарбия процессти окуучулардын рухий байлыгы жана

интеллектуалдык деңгээли жогорулагандай уюштуруу.

**8.** Даярдоо класстын окуучуларын коомдук, ар кандай класстан тышкаркы, ар түрдүү ийримдердин иштерине активдүү катыштыруу.

**9.** Окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн аныктоо боюнча байкоо жүргүзүү.

**10.** Окуучуларды өз алдынчалыкка көнүктүрүү.

**11.** Даярдоо класстардын өзүн-өзү тейлөөсүн уюштуруу.

**12.** Даярдоо класстарда чыгармачыл сабактардын жана тарбия иштеринин чыгармачыл панорамасын уюштуруу.

**13.** Лицейчилер тарабынан дублер күндөрүн уюштуруу.

**14.** Окутуунун жекече формасынын элементтерин пайдалануу:

- окуу материалды индивидуалдык темпте өтүү;
- класс ичинде туруктуу же убактылуу гемогендик микрогруппаларды түзүү.

**15.** Чейрек сайын окуучулардын билим жана тарбиялануучулук деңгээлине кеңири талдоо жүргүзүү.

**16.** 7-класстын окуучуларынын анкеталык жолу менен тандалган профилдерин аныктоо, көчүрүү экзамендердин негизинде мыкты окуган окуучуларды профилдик класстарга бөлүштүрүү.

**17.** Окуу жылдын аягында индивидуалдык тапшырмаларды берүү.

## *II. Областтык мектептерден мектеп-лицейге ылайыктуу окуучуларды тандоо*

**1.** Мектеп- лицейге «**Кабыл алуу жөнүндө жобо**» иштеп чыгуу.

**2.** Областтык жана райондордун газеталарынын беттеринде, телевидение, радио аркылуу мектеп-лицейге кабыл алуу жөнүндө кулактандырууларды жарыялоо боюнча иштерди жүргүзүү.

**3.** Жөндөмдүү окуучулар жөнүндө маалымат топтоо үчүн дубандык мектептерге баруу, педагогдор жана ата-энелер менен иштемелешүү.

**4.** Кабыл алынып жаткан окуучуларды илимий жана интеллектуалдык деңгээлдерин аныктоочу тесттерди, анкеталарды даярдоо жана аларды пайдалануу.

**5.** Кабыл алынып жаткан окуучуларга психологиялык байкоо жүргүзүү:

- окуучунун кызыгуусунун көп түрдүүлүгү;
- жообунун тездиги, тактыгы, оригиналдуулугу.

**6.** Анкеталардын, тесттердин жыйынтыгынын жана психологиялык байкоонун негизинде окуучуларды класстарга бөлүштүрүү.

**7.** Ар бир класска профилдик сабактарды окутуучу мугалимдерди бекитүү.

**8.** Ар бир класска класс жетекчи, тарбиячы даярдоо.

**9.** Кабыл алынган окуучуларды алардын негизги милдеттери менен тааныштыруу.

**10.** Кабыл алынган окуучулардын ата-энелерин балдардын болжолдуу өнүгүү деңгээлинин элементтери менен тааныштыруу.

**11.** Окуучунун ар тараптан өнүгүүсүнө көмөктөш болгондой ата-энелерди милдеттендирүү.

**12.** Окуучунун келечекте кандай адистикти тандап алуусу жөнүндө алгачкы маалымат алуу.

**13.** Кабыл алынып жаткан окуучулардын өзүнүн алгачкы билим деңгээлин сезе билүүсүн камсыз кылуу.

**14.** Кабыл алынып жаткан окуучуларды терең билимге ээ болорун, рухий потенциалы жана интеллектуалдык деңгээли жогорулай тургандыгына ынандыруу.

**15.** Кабыл алынган окуучуларды билим деңгээлине жараша класс ичинде тайпаларга бөлүү жана алар менен жүргүзүлүүчү индивидуалдык дифференцирленген усулдук иштерди белгилөө.

### *Жөндөмдүү окуучуларды окутуу жана тарбиялоодогу илимий усулдук иштер.*

**1.** Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөчү педагогдорго коюлуучу талаптарды иштеп чыгуу, алардын мазмунун илимий негиздөө.

**2**. Жөндөмдүү окуучуларды окутуу жана тарбиялоонун усулдарына коюлуучу талаптарды иштеп чыгуу, алардын мазмунун илимий негиздөө.

**3.** Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөчү педагогдорду топтоо

(конкурстук жол менен).

**4.** Педагогдордун окуу-тарбия иштерин уюштуруусунун абалын аныктоо жана мындан ары усулдук жардам көрсөтүү үчүн диагностикалык карталарды түзүү.

**5.** Мектепте инновациялык иштерди уюштуруу.

**6.** Мектеп-лицейдин традицияларын иштеп чыгуу.

**7.** Психологиялык тейлөөнү уюштуруу.

**8.** Окуу пландын, тарбия берүүнүн багыттарын, профилдик, профилдик эмес предметтерди тандоо, атайын курстардын, кружоктордун, спорттук секциялардын жана ар түрдүү клубдардын программаларынын илимий экспертизасын уюштуруу.

**9.** Педагогдордун педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүү жана окуучулардын нравалык, психологиялык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү боюнча психолого-педагогикалык семинарларды, тренингдерди, иштиктүү оюндарды уюштуруу.

**10.** Окуу-тарбия процессинин мазмунун демократиялаштыруу:

- окуучунун жана педагогдун укуктарын тактоо;
- мектепти максаттуу өнүктүрүүчүлүк режимге өткөрүү;
- педагогдун иш-аракетин, анын борборунда окуучунун өнүктүрүү болгондой уюштуруу;
- педагогикалык процессти диагностикалык негизде түзүү;
- педагогикалык процесске этнопедагогиканын, этнопсихологиянын элементтерин киргизүү.

**11.** Окутуунун жана тарбия берүүнүн жаңы технологияларынын элементтерин пайдалануу:

- окуучунун кийинки иш аракетин талдоо;
- окуу предметтердин жана тарбиялык иштердин мазмунун инвентаризациялоо;
- окуучулардын нагрузкаларынын даражасын талдоо;
- дидактикалык процессти түзүү үчүн убакытты туура бөлүштүрүү;
- ар бир дидактикалык процесске туура келгендей окутуунун формаларын жана усулдарын оптималдуу тандоо;
- окутуу жана тарбия берүүдө ар бир темага жана анын мазмунуна ылайыктуу материалды даярдоо;

- окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдүктөрүнүн системасын түзүү;
- окуу материалын обьективдүү өздөштүрүү үчүн кам көрүү;
- окуучулардын өз алдынча иштеринин системасын түзүү:
- практика жүзүндө проектилерди аппробациялоо аны коррекциялоо;
- окуучулардын рухий байлыгын өстүрүү.

**12.** Педагогдордун чыгармачыл лабораториясын түзүү.

**13.** Ар бир педагогдун өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн болжолдуу программасын түзүү жана анын үстүндө иштөөсүнө көзөмөл болуу.

**14.** Окуу предметтердин концепцияларын түзүү.

**15.** Окуучулардын предметтерди өздөштүрүүчү жөндөмдүүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн табуу: математикага, физикага, географияга, химияга, биологияга, филологияга, көркөм өнөргө жана башкаларга.

**16.** Окутуунун, тарбия берүүнүн жана өнүктүрүүнүн бирдиктүү системасын түзүү, аны жетекчиликке алуу.

**17.** Тарбия берүүнүн гуманисттик системасын түзүү:

- тарбия берүүгө инсандык мамиле жасоо;
- инсанды жогорку социалдык байлык катары ынандыруу;
- окуучунун уникалдуу өзгөчөлүгүн баалоо;
- тарбия берүүнүн, адам жөнүндө билимдин жана анын өнүгүүсүнүн закон ченемдүүлүгүн билүү негизинде уюштуруу:
- окуучунун мотивациялык муктаждыгынын сферасына таянуу,
- тарбия берүүдө улуттук өзгөчөлүктү эске алуу менен дүйнөлүк көркөм маданиятты пайдалануу;
- тарбия берүүдө психологиялык жаш өзгөчөлүк-диагностикалык системаны түзүү;
- тарбия берүүнү дифференцирлөө;
- окуучулардын планетардык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү;
- тарбия берүүнүн мазмунун ар бир окуучуга, ар бир класска, шартка карата багыттоо;
- окуучуга карата мектептин коргоо функциясын ишке ашыруу;
- педагогикалык процесске катышуучуларга карата тарбиялык таасирлерди интеграциялоо.

**18.** Педагогикалык кызматташтыкты түзүү жана аны өркүндөтүү.

**19.** Окутууну жана тарбия берүүнү индивидуалдаштыруу жана дифференцирлештирүү формаларын кеңири пайдалануу.

**20.** Окуучулардын интеллектуалдык жана рухий маданиятынын деңгээлин аныктоочу критерийлерди белгилөө.

**21.** Окуучулардын ата-энелер менен байланышын ар тараптан өнүктүрүү.

**22.** Мектептин материалдык жана илимий усулдук базасын негиздөө.



***Мугалимдер жаңы типтеги мектептин педагогунун моделин түзүүчү критерийлерди аныктоонун үстүндө иштөө учуру***

**23.** Окуучуларга эстетикалык тарбия берүүнүн системасын түзүү.

**24.** Окуучулардан нравалык тарбия берүүнүн системасын түзүү.

**25.** Жаңы типтеги мектептин педагогунун моделин түзүү.

**26.** Жаңы типтеги мектеп-лицейдин моделин түзүү.

## *IV. Окуучулардын интеллектуалдык, рухий маданиятынын деңгээлин жогорулатуу*

Ар бир окуучуга индивидуалдаштырылган жана дифференцирленген мамиле жасоо

Окуучулардын таанып билүүчүлүк активдүүлүгүн үзгүлтүксүз жогорулатуу менен билим алууга карата умтулуусун арттыруу

Тандоо сабактарды атайын курстарды жогорку илимий усулдук деңгээлде өткөрүү

Окуучулардын жекече кызыгууларын өнүктүрүү жана ден соолугун чыңдоо максатында ар түрдүү кружокторду жана спорттук секцияларды уюштуруу

Окутууда тарбиялык иштерди уюштурууда окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу максатында ар түрдүү усулдарды колдонуу

Предмет аралык байланыштарды түзүү

Ар түрдүү конкурстарды кече пресс конференцияларды диспут окуу конференцияларын кызыктуу адамдар менен жолугушууларды экскурсияларды ишкердүү оюндарды кеңири уюштуруу

Окуучулардын билимдеринин бекемдигине жана тарбиялануучулук деңгээлине өз ара көзөмөл болуусун уюштуруу

Предметтик олимпиадаларды өткөрүү анын натыйжаларын талкуулоо

Республикалык олимпиадаларга катышууга даярдык көрүү

Окуучуларды эл аралык олимпиадаларга катыштырууга ынандыруу

Предметтик инновациялык жумалыктарды өткөрүү

Окуучунун өз билиминин көлөмүн жана интеллектуалдык деңгээлин өзү аныктай алууга багыттоо

Рухий потенциалын кеңейтүү менен билим алуу ар бир окуучу үчүн жалпы максат боло тургандыгын ынандыруу

Окуучунун психологиялык өзгөчөлүктөрүн окуп үйрөнүү изилдөө жана ар тараптан өнүктүрүү боюнча иш чараларды иштеп чыгуу

Окуучунун чыгармачылык портретин түзүү жөндөмдүүлүгүн белгилөө жана анын негизинде алардын өсүп өнүшүн айгинелөө

Окуу тарбия процессинде коллективдик ыкманы пайдалануу

Ар бир сабакта тарбиялык ой толгоолордо класстан

тышкаркы иштерде окуучунун өз алдынча иштөөсүнө жетишүү менен аны чыгармачылыкка багыттоо.

**19.** Дублер күндөрүн уюштуруу, аны жыйынтыктоого окуучуларды активдүү катыштыруу.

**20.** Ар түрдүү спорттук мелдештерди уюштуруу.

**21**. Окуучулардын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө шарт түзүү.

**22.** Окуучунун жөндөмүнүн эркин өнүгүшүнө шарт түзүү.

**23.** Окуучунун социалдык жактан толук өнүгүшүнө жетилгенге чейин өнүгүүсүнүн жекече формаларын жана усулдарын өнүктүрүү.

**24.** Эки же үч чет тилдерин үйрөнүүгө шарт түзүү.

**25.** Окуучулардын интеллектуалдык деңгээлинин картасын түзүү.

**26.** Окуучулардын рухий маданиятынын деңгээлинин картасын түзүү.

## *V. Окуучулардын чыгармачылык, илимий ишин уюштуруу, жетектөө*

**1.** Чыгармачыл инсанды калыптандыруу максатында лицейде чыгармачыл чөйрө түзүү боюнча иштерди уюштуруу.

**2.** Ар бир предмет боюнча окуу материалынын мазмунунун илимийлүүлүгүн белгилөө.

**3.** Окуучулардын илимий коомун түзүү, анын ишин өркүндөтүү.

**4.** Ар бир сабакта, тарбиялык иш аракеттерде окуучунун чыгармачылыгын өстүрүү, аны педагогикалык, психологиялык негиздөө менен мындан ары өнүктүрүүнүн жолдорун издөө.

**5.** Окуучулардын илимий чыгармачылык конференцияларынын жекече көргөзмөлөрүн уюштуруу менен ата-энелерди, коомчулукту тартуу жана алардын пикирлерин талкуулоо.

**6.** Окутууда лабораториялык, практикалык иштерди илимий негизде уюштуруу, окуучуларды ар түрдүү окуу эксперименттерди жүргүзүүдө катыштыруу.

**7.** Билим алууда, ар түрдүү проблемаларды чечүүдө рационалдуу ыкмаларды пайдаланууга шарт түзүү, ой жүгүртүүнүн ар түрдүү формаларын пайдалануу, стандарттык эмес тапшырмаларды аткара алуусуна түрткү берүү.

**8.** Бардык предметтерди окутууда окумуштуулардын инсан болуп калыптануу процессине көңүл буруу, фактылардын, закондордун ачылышында кезиккен карама-каршылыктар менен тааныштыруу.

**9.** Азыркы учурдагы коомдун, экологиянын глобалдуу проблемалары менен тааныштуруу, планетардык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү, алар боюнча рефераттарды жаздыруу менен, ар түрдүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө түрткү берүү.

**10.** Окутуу, тарбиялоо процессине керек болуучу усулдук колдонмолорду даярдоого окуучуларды активдүү катыштыруу.

**11.** Ар бир окуучуну белгилүү бир проблемага ээ кылуу менен аны чечүү жолдорун изилдөөгө жана негиздөөгө багыттоо.

**12.** Гуманитардык багыттагы окуучуларды ораторлук жөндөмдүүлүккө ээ кылуу менен чыгармачылыгын ар тараптан өстүрүү:

- поэзияга;
- прозага;
- журналисттик, котормочулук чеберчиликке үйрөтүү. Алардын чыгармаларын областтык, республикалык газета, журналдардын беттерине жана лицей кабарларына жарыялоо.

**13.** Республикадагы ар түрдүү тармакта иштеген окумуштуулар менен байланыш түзүү, аларды окуучулардын илимий жетекчиси болууга тартуу.

**14.** Жогорку окуу жайлар менен келишимдерди түзүү.

**15.** Окуучунун билими анын идеалына, ынанымына, көз карашына, өнүгүүсүнө, жүрүш-турушунун системасына, интеграциялана тургандыгына жетишүү.

**16.** Лицейчилердин алгачкы кесиптик билим алууга болгон кызыгуусун өнүктүрүү.

17. Чыгармачылык менен эмгектенген көрүнүктүү инсандар менен жолугушууларды уюштуруу.

**18.** Лицейчинин моделин түзүү жана мезгилдин талабына карата өркүндөтүү.

# МЕКТЕП-ЛИЦЕЙДИ БАШКАРУУДА ЖАНА ИЛИМИЙ-УСУЛДУК ИШТЕРДИ УЮШТУРУУДА ЖЕТЕКЧИЛИККЕ АЛЫНГАН МАМЛЕКЕТТИК ДОКУМЕНТТЕР

Инновациялык мектептердеги ийгиликтердин бири жогорку деңгээлде илимий-усулдук иштерди пландаштыруу, уюштуруу жана жетектөө боло тургандыгына окурмандарды ишендирүү менен, биздин тажрыйбабызды ортого салып жатабыз.

Иш аракетибизде жетекчиликке алынган документтерди атап кетели, алар:

**«Кыргыз Республикасынын Конституциясы», «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу»** мыйзамдар, **«XXI кылымдын кадрлары»** (1995-ж.), «Билим» (1996-2000-ж.ж.), 1995-2000-жылдарда «**Маданият аркылуу билим берүү концепциясы»,** «Жеткинчек» (1999-ж), «**Өлкөнүн өнүгүү стратегиясы 2000-2010-ж.ж.»** Кыргыз Республикасынын Өкмөттүк «**Жаңы муун программасы-2001-жыл», «Кыргыз Республикасынын окуучуларынын тарбиялоо концепциясы»** №2/5 25-март 2002-жыл, «**Кыргыз Республикасында билим берүүнүн мамлекеттик доктринасы»** 21-апрель 2000-жыл, «**Бардыгына бирдей билим»** 2002-жыл, **Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунун ата-энелер комитети жөнүндө типтүү Жобосу** (Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 2008-жылдын 11-августундагы №495/1 буйругу) жана башкалар.

Ысык-Көл областтык Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын окуу-тарбия процесси Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарына сунуш кылынган окуу планынын түшүндүрмө катын жетекчиликке алып, «Кыргыз тилинде окутуучу табигый-математикалык, гуманитардык багытындагы лицейлеринин» окуу пландарынын негизинде уюштурулду.

Лицейге даярдоо 6-7-класстары «Кыргыз тилинде окутуучу гимназияларынын окуу планынын» негизинде окутулду.

# ИЛИМИЙ-УСУЛДУК ИШТЕРДИ УЮШТУРУУ ЖАНА ЖЕТЕКТӨӨ

## *1. Жөндөмдүүлүк- адамдын негизги сапаты*

Жөндөм-психологиялык категория. Жөндөмдүү, таланттуу адам-коомдун өзгөчө байлыгы. Коомдун рухий потенциалы жана анын материалдык прогресси, жөндөмдүү, таланттуу адамдардын иш-аракетине көз каранды.

Психология жана педагогикада инсандын жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча ар түрдүү көз караштар кездешет. Алсак, К.А.Гельвеций: «Жөнөкөй жана нормалдуу бардык адамдар бирдей акыл жөндөмдүүлүккө ээ»[4],-деп белгилейт.

Бул болсо К.А.Гельвецийдин эмгегинин башкы идеясы. Ал акыл жөндөмдүүлүгүнүн тубаса негизин чыгаруу менен аны өнүктүрүүнүн өзгөчө жолдорун белгилеген.

Англиялык окумуштуу Ф. Гальтон 1865-жылы адамдардын жөндөмдүүлүгүн жакшыртуу проблемасынын үстүндө иштеп, кайчылаштыруу жана жасалма тандоо программасын сунуш кылган. Өзүнүн программасынын натыйжасы адамдардын тукумун жакшыртуу болгон. Ф. Гальтон «акыл» тесттерин түзүү менен адамдардын жөндөмүн аныктоо усулун иштеп чыккан. Француз психологу А. Бино 20-кылымдын башында жаңы типтеги тесттерди иштеп чыгуу менен баланын акылынын, ой жүгүртүүсүнүн деңгээлин сунуш кылган. Тесттеги суроолорду жана маселелерди түзүүдө балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алган. А. Бино түзгөн тесттердин системасын «Интеллекттин метрикалык шкаласы»- деп атаган. Балдардын акылынын өнүгүү деңгээлин IQ түрүндө белгилөөнү сунуш кылып, акыл жашты ченөө ыкмасын түзгөн. Эгерде баланын жашы төрттө болсо, ал беш жаштагы балдар үчүн түзүлгөн тесттерди аткара алса, анда **IQ= (5*100)/4= 125** болот. IQ нун мааниси 100дөн кичине болсо, анда баланын акыл - жөндөмүнүн деңгээли төмөн деген жыйынтык чыгарган. Бул ыкма ар түрдүү мамлекеттерде өзгөчө АКШда колдонулган. Балдардын жөндөмүнүн деңгээлин изилдөөчүлөр тесттер көп түрдүү болушу керек деген ойго келишкен.

А.А. Венгер өзүнүн эмгегинде: «Жөндөмдүүлүктү адамдын иш-аракетинде гана байкоого болот»,-деп айткан жана аны улуу адамдардын сөздөрү менен ырастайт.

М. Горький «Талант-өзүнүн ишине болгон сүйүүсүнөн өнүгөт, балким талант-өзүнүн ишине болгон сүйүүсү...»

И. Павлов «Илим адамдын бүткүл жашоосун талап кылаарын унутпагыла».

А. Энштейн «Айлап-айлап ойлономун, токсон тогуз жолу менин корутундум туура эмес болот. Жүзүнчү жолу мен туура айтамын.»

Жөндөмдүүлүктү адамдардын иш-аракети аркылуу үйрөнүү, изилдөө жетишсиз деген ойго келүү менен окумуштуулар ар тараптан адамдын мээсин жана анын функциясын изилдөөгө өтүшөт. Адамдын мээси ар түрдүү жөндөмдүүлүктү калыптандыруу касиетин жаратылыштан белек катары алган. Адам жаңы түрдөгү иш-аракеттерди өздөштүрүүгө өз алдынча иштеген мээнин бөлүкчөлөрү бүтүн бир системага биригип, жаңы функцияга ээ болуу менен жаңы жөндөмдүүлүктүн органын түзөт.

Коомчулуктун, изилдөөчүлөрдүн алдына негизги проблема катары: жөндөмдүү жана ышкыбоз балдардын жөндөмүн өнүктүрүү коюлган.

Азыркы учурда баланын жөндөмүн өнүктүрүү үчүн шарттар жана усулдар жөнүндө жеткиликтүү адабияттар бар. Ал эми жөндөмдүү балдардын жөндөмүн андан ары өнүктүрүү проблемасы ачык бойдон калууда. Ошондуктан жөндөмдүү балдарга билим берүүдө окуу-тарбия процессин уюштуруу, аларды окутуу үчүн педагогдорду даярдоо, окутуунун усулдарына коюлуучу талаптарды иштеп чыгуу, жөндөмдүү балдарга мамиле жасоо, окуу программаларын түзүү жана башка көп проблемалар келип чыгууда. Билим берүүнү гумандаштыруу мезгилдин учурдагы талаптарынын бири.

Ш.А. Амонашвили «Личностно-гуманная основа педагогического процесса»,-аттуу эмгегинде «Мектептин гуманисттик принциби-окуучуну инсан катары өнүктүрүү», – деп белгилейт, мында окуучунун ички дүйнөсүнө, кызыгуусуна, муктаждыгына, рухий байлыгынын потенциалына кеңири көңүл

бурулат. Автордун ою боюнча, окутуу балага сүйүнүч алып келип, акыры таанып-билүү процессине айланышы зарыл. Ш.А. Амонашвили ошол эле эмгегинде традициялык окутууга токтолуп, анын айрым өзгөчөлүктөрүн белгилеген.

Педагогдун позициясы окутуу иш-аракети менен гана аныкталат. Традициялык окутууда мугалим түшүндүрөт, айтып берет, көрсөтөт, далилдейт, окуп берет, сурайт, талап кылат, текшерет жана баалайт. Окуучулар болсо көңүл буруу менен угушат, эске тутушат, аткарышат, жооп беришет. Мында окуучуларга мамиле жасоодо гумандуулуктун элементтери да байкалбайт.

**Демек, традициялык окутуунун маңыздуу кемчилиги-окуучунун потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн чектөө**.

Гуманисттер Н.А. Каменский., И.Г. Песталоцци., Ф.А. Дистерверг, В.Г. Белинский, Н.И. Пирогов, К.Д. Ушинский, Л.Н. Толстой, В.А. Сухомлинский өз эмгектеринде окуучуга инсандык мамиле жасоону, окуучунун окууга болгон кызыгуусун арттыруу, аларды өнүктүрүү жолдорун изилдешип, өзүлөрүнүн тажрыйбаларында пайдаланышып, мыкты ийгиликтерге жетишкен.

П.Г. Блонский 1916-жылы «Жаңы мектеп - адамкерчиликтин мектеби» болууга тийиш деп ой жүгүрткөн.

А.Н. Леонтьев «Окуу - окуучунун реалдык жашоосунун бөлүгү» боло тургандыгын ырастаган. В.А. Сухомлинский мектепти «сүйүнүч үйү» деп атаган.

Окутуунун негизи катары окуучунун таанып-билүү өзгөчөлүгүн арттыруу алынат. Азыркы учурдагы гуманист педагогдор Ш.А. Амонашвили, С.Н. Лысенкова, И.П. Волков, В.Ф. Шаталов, Е.Н. Ильин өздөрүнүн иш-аракеттеринде окуучуларга инсандык мамиле жасоо жөндөмдөрүн өнүктүрүү, чыгармачылыкка багыттоо, билимди турмуш менен байланыштыруу проблемаларына көңүл бурушат.

Гуманист педагогдордун инсандык сапаты-балдарды сүйүү. 1994-жылы Юрий Синягин «Народное образование» журналынын №20 санында автордук концепциясында жаңы мектебинин негизги максаты катары: «Чыгармачыл, өз алдынчалыкка ээ, гумандуу жана

ички дүйнөсү эркин адам гана өзүн жана башкаларды сыйлоо жөндөмдүүлүккө ээ болот»,-деп белгилеген.

Азыркы учурда ачылып жаткан жана калыптанган өнүгүү жолундагы жаңы типтеги мектептердин максаттарындагы жалпылык окуучуларга инсандык мамиле жасоо экендиги байкалат.

Окуучуларга инсандык мамиле жасоо, аларды жогорку социалдык байлык катары боло тургандыгына ынануу, окуучунун уникалдуу өзгөчөлүгүн, окуучунун мотивациялык муктаждыгынын сферасына таянуу, окутууну индивидуалдаштыруу жана дифференциялаштырууда психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, билимдин мазмунун ар бир окуучуга, ар бир класска ылайык багыттоо, окутууну өнүгүүнүн закон ченемдүүлүгүнүн негизинде уюштуруу, чыгармачылыкка багыттоо-гуманисттик билим берүүнүн мазмунун түзөт.

***Демек, билим берүүдө жөндөмдүү окуучуну чыгармачылыкка багыттоо азыркы психология жана педагогика илиминдеги актуалдуу проблемалардын бири боло тургандыгына ынануу менен аны лицейдин шартында чечүүгө аракет кылдык.***

## 2. Усулдук иштин үч функциясы

Таланттуу окуучуларды окутууга карата биздин тажрыйбабыз жок болучу. Мектебибиз жаңы типтеги мектеп боло тургандыктан, мында мугалим негизги роль ойномок. Жаңы типтеги мектепте иштей турган мугалимдерди даярдоо-негизги милдеттерибиздин бири болуп калды. Ал үчүн мектеп ичинде жогорку деңгээлде илимий-усулдук ишти уюштуруу зарыл болду.

Мектеп ичиндеги усулдук иш педагогикалык кадрлардын профессионалдык квалификациясын системалуу көтөрүүгө карата үзгүлтүксүз билим алуусунун бирдиктүү системасынын бөлүгү катары боло тургандыгына ынандык.

Мектептеги усулдук ишти илимдин жетишкендиктерине, мугалимдердин алдыңкы тажрыйбаларында кезиккен кыйынчылыктарды конкреттүү талдоого, ар бир мугалимдин ар тараптуу кесиптик чеберчилигин өнүктүрүүгө багытталган иш аракеттердин системасы катары кабыл алдык[3]. Мындай учурда

педагогикалык коллектив бүтүндөй өнүгүп билим берүүдө оптималдуу натыйжаларга жетишүүгө аракет кылышат.

«Кадрлар баарын чечет» дегендей окуучуларга сапаттуу билим берүү үчүн жаңы типтеги мектепте иштеп кете ала турган, лицейдин максатына туура келгендей билим жана тарбия берүү үчүн





*«Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» төш белгисине ээ болгон математика мугалими Бокоев М.Т. жана орус тили жана адабияты мугалими Кылычбаева Р. сабак учрунда.*



*«Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» төш белгисине ээ болгон орус тили жана адабияты мугалими Асанходжаева З.*



*Лицейдин жаш мугалимдери мектептеги жаңы адабияттар менен таанышып жаткан учуру.*





***Математика мугалими Эмилбаева К. жана орус тили жана адабияты мугалими Касымбаева Ч. сабакта маалымат технологияны колдонууда***

педагогдорду окуу-тарбия процесстен ажыратпай туруп, жогору деңгээлде илимий усулдук иштерди уюштуруу керек эле. Жаңы типтеги мектепте илимий-усулдук иштин мазмунун аныктоо үчүн көп изденүүлөр болду.

Мектеп ичинде жогорку деңгээлде уюштурулган усулдук иш, мугалимдин үзгүлтүксүз квалификациясын жогорулатуунун негизги бөлүгү боло тургандыгына ынануу менен, орус педагогу М.М.Поташниктин аныктамасын жетекчиликке алдык.[5]

М.М.Поташниктин идеясынын негизинде мектепте уюштурулган усулдук иштин үч функциясын белгилөөгө болот. Алар: конкреттүү педагогдорго, педагогикалык коллективге, үзгүлтүксүз билим берүү системага, педагогикалык илимге карата багытталган.

**Функциянын биринчи тобу** окутуунун, тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн жаңы парадигмасын калыптандырууну көздөйт. Жаңы типтеги мектепте иштей турган педагогдорго жөндөмдүү окуучуларды окутуудагы усулдарына коюлуучу негизги талаптар иштелип чыкты.[6]

## *Жөндөмдүү окуучулар менен иштөөчү мугалимдерге коюлуучу талаптар*

**1.** Ак пейил жана сезимтал болуусу;

**2.** Окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын кызыгуусун жана муктаждыгын сезе билүүсү;

**3.** Ар түрдүү баскычтагы балдар менен иштөөнүн тажрыйбасына ээ болуусу;

**4.** Интеллектуалдык жактан өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетишүүгө умтулуусу;

**5.** Кызыгууларынын, билгичтиктеринин көп түрдүүлүгү;

**6.** Педагогикалык билимден сырткары башка билимге ээ болуусу;

**7.** Жөндөмдүү окуучуларды окутуу жана тарбиялоо менен байланышкан ар түрдүү милдеттерди аткарууда дайым даяр болуусу;

**8.** Жигердүү мүнөзгө ээ болуусу;

**9.** Өзүнүн позитивдүү көз караштарын өркүндөтүп, өзгөртүп туруусу;

**10.** Жекече чыгармачыл адатка айланбаган дүйнөгө болгон көз карашка ээ болуусу;

**11.** Бекем ден-соолукка ээ болуусу менен турмуштун ар кандай агымдарына туруштук бере алуусу;

**12**. Жогорку окуу жайды бүтүргөндөн кийин, жөндөмдүү окуучулар менен иштөө ыкмасына ээ болуу максатында, кесиптик чеберчилигин өркүндөтүүгө умтулуусу;

**13.** Диагностикалык изилдөөнүн жыйынтыгына туура келгендей окутуунун, тарбиялоонун мазмунун өзгөртүп түзө алуусу;

**14**. Окуу программаларды азыркы талапка жооп бергендей өзгөртүп түзө алуусу;

**15.** Окуучулардын жекече, тайпалык, жамааттык жөндөмдөрүн стимулдаштыра алуусу;

**16.** Окуучуларга жекече жардам көрсөтө алуусу;

**17**. Окуучулардын окуу программасын өздөштүрө алганын талдай жана баалай билүү менен, алардын ата-энелеринин окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугуна көмөктөшкөндүгүн талдай билүүсү;

**18.** Жөндөмдүү окуучулар өздөштүрө турган базалык түшүнүктөрдү мугалимдин терең билүүсү;

**19.** Окуучулардын иш-аракетиндеги түшүнүктөрдүн

өнүгүүсүнүн перцептивдик деңгээлден жогорку деңгээлге өтүүсүнө көмөктөш болгон психологиялык сезимталдыкка жана интеллектуалдык компетенттүүлүккө ээ болуусу;

**20.** Ар кандай тапшырмаларды аткарууда, окуучулардын максатка умтулуусун белгилеп, мактай билүүсү;

**21.** «Мен»- позитивдик концепцияга ээ болуусу абзел.

## *Интеллектуалдык жактан жөндөмдүү окуучуларды окутуудагы усулдарына коюлуучу негизги талаптар*

**1.** Билим алууга карата көмөк көрсөтүү-негизги максаты;.

**2.** Окуучунун интеллектуалдык жана социалдык өнүгүү деңгээлинде жана окуу процессинде окуучу дуушар болгон жагдайлардын ар түрдүү талаптарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө туура келүүсү;.

**3.** Жөндөмдүү окуучунун когнитивдик жөндөмүнүн өнүгүүсүнүн негизги жана удаалаш вариантын чагылдыруу;

**4.** Таанып билүүнүн перцептивдик деңгээлден жогорку түшүнүктүн деңгээлине өтүүгө көмөктөш болуусу;

**5.** Окуучунун өз алдынча иштөөнү каалоосун сыйлоо;

**6.** Окуучунун чыгармачыл иш-аракетине тоскоолдук кылбоо;

**7.** Максатка жетишүү үчүн усулдарды тандап алуусуна эркиндик берүү;

**8.** Окуучунун өзгөчөлүгүнө жараша жекече окуу программаларды колдонуу;

**9.** Конкретүү чыгармачыл пикирлерди ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү;

**10.** Тайпанын (класстык) жалпы ишине салым кошууга мүмкүнчүлүк берүүсү;

**11.** Окуучулар сунуш кылган пикирлерди, долбоорлорду белгилөө;

**12.** Окуучунун ар түрдүү багыттагы иш-аракеттерин белгилөө;

**13.** Жекече айырмачылыктын оң жактарын көрсөтүү;

**14.** Жетишпеген окуучулардын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн сыйлоо;

**15.** Энтузиазмды демонстрациялоо;.

**16.** Өзү менен чогуу окуган окуучулардын басымына дуушар болгон окуучуларга өз алдынча айткан пикирлери үчүн бееделдик жардам көрсөтүү;

**17.** Окууда ийгиликтерге жетише албаган окуучулардын жөндөмдүү окуучулар менен мамиле түзүү үчүн ар кандай жагдайларды иштеп чыгуусу;

**18.** Окуучулардын кызыгуусунан жана жеке жөндөмдүүлүгүнөн максималдык пайдалуулугун табуу;

**19.** Биргелешкен иш-аракетке болгон кызыгуусун белгилөө;

**20.** Ар бир мугалим окуучунун пикирлеши боло тургандыгына ынануусу.

## *Окуучулар ээ боло турган билимдердин, көндүмдүктөрдүн, ыкмалардын жалпыланган схемасы*

### *I. Билим*

**1.** Билимдин жетиктиги.

**2.** Негизги түшүнүктөрдү билүү.

**3.** Окуу программасындагы негизги мыйзамдарды билүү.

**4.** Билимдин терең жана бекем болуусуна ынануу.

**5.** Аргументтөө аркылуу далилдөө.

**6.** Мурдагы билимдердин негизине таянуу.

**7.** Билимге ээ болуусун сезе билүү.

**8.** Ээ болгон билимин өз сөзү менен түшүндүрө билүү.

**9.** Ар түрдүү суроолорго жооп берүүгө көнүгүүсү.

**10.** Билимди стимулдаштыруу.

**11.** Мурда өтүлгөн темалар боюнча берилген суроолорго туура жооп берүү.

**12.** Өтүлүп жаткан темалар боюнча суроо түзө билүүсү.

**13.** Билимдин таасирлүүлүгүнө ынануу.

**14.** Алган билимди стандарттык жана стандарттык эмес абалда колдоно билүүсү.

**15.** Ээ болгон билимдин негизинде татаал жана концептуалдык суроолорго жооп бере алуусу.

## *II. Көндүм, ыкмага ээ болуу*

**1.** Көндүм, ыкмага ээ болуу-жашоонун негизги талабы боло тургандыгына ынануусу.

**2.** Таяныч боло турган ыкмаларды, көндүмдөрдү бекемдөө максатында кайталоо.

**3.** Алгачкы көрсөтмөлөрдө иш-аракеттердин ачык көрсөтүлүшү.

**4.** Билимди, ыкмаларды алгачкы пайдаланууда анын натыйжалуулугун талдай билүүсү.

**5.** Татаалдашкан иш-аракеттерди элементтерге бөлүп кабыл алуусу.

**6.** Билим, ыкманын колдонулушунун узактыгын сезе билүүсү.

**7.** Ыкмаларды стандарттуу жана стандарттуу эмес шарттарда колдоно билүү.

**8.** Өз ара кызматташтыктын элементтерин пайдалануу, көндүм, ыкмалардын калыптанышына алып келе тургандыгына ынануусу.

**9.** Өз алдынчалыктын элементтерине ээ болуу.

## *III. Билим, ыкма, көндүмдүктөргө көзөмөлдүк кылуу*

**1.** Кезектүү.

**2.** Тематикалык.

**3.** Зачеттук.

**Функциянын экинчи тобунун** милдеттери төмөндөгүлөр болду: бүткүл педагогикалык коллективдин өзгөчөлүгүнө багытталышы, мектептин командасы түзүлдү, мектептин жалпы салттары иштелип чыкты, мектептин жалпы усулдук максаты кабыл алынды, окуучулардын жана педагогдордун өзүн-өзү өнүктүрүү программалары, баалуулуктар кабыл алынды, диагностикалык негизде окуучулардын жана педагогдордун өнүгүүсүн көзөмөлдөөгө карата усулдук куралдар даярдалды.

Усулдук куралдарды жогорудагы сүрөттөн көрүп турасыздар. Эң башкысы «Жөндөмдүү балдар менен иштөө системасы» иштелип чыкты. Окуучулардын билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн көзөмөлдөөгө карата документтердин пакети иштелип чыгып, жетекчиликке алынды.

Автордук программалар, педагогикалык табылгалар иштелип чыгып, тажрыйбалар жайылтылды. Окуучулардын илимий коому түзүлүп, алар чыгармачылыкка багыт алышты. Окуучулардын чыгармачылык портретин түзүү менен аларды мындан ары шыктандырууга карата пайдубал түзүлдү. Педагогдор табылгаларын усулдук колдонмо катары чыгара башташты.

Педагогикалык эксперимент уюштурулуп, тажрыйбалар жыйынтыкталды.

**Функциянын үчүнчү тобунун** милдеттери: мамлекеттин коомдук-социалдык заказын аткарууга багытталган иштер жаңы нормативдик өкмөттүк документтерди, жоболорду ар бир мугалимдин, ата-энелердин аң-сезимдүү кабыл алуусун камсыз кылуу боюнча иштерди жүргүздүк. Башкаруу жана окуу-тарбия процессине жаңы технологияны киргизүү боюнча эл аралык билим берүү долбоорлорунун негизинде ар тараптан педагогдор жана окуучулар өнүктү.

Жетишкендиктерибизди семинарлар, конференциялар, педагогикалык окуулар, бенефистер, маалымат каражаттары аркылуу коомчулукка билдирлик.

Түшкөн пикирлерди, сунуштарды ар дайым эсибизге алып турдук.

**Усулдук иштин негизги максаты: педагогдордун чыгармачылык жөндөмүн максималдуу өнүктүрүү, жалпы маданий, илимий, усулдук деңгээлин жогорулатуу менен өзүн өзү өнүктүрүүсүн камсыздоо эле**.

Ар бир педагогдун максаты лицейдин максаты менен үндөшүп турду, ошондуктан биринчи жылдары ийгиликтер абдан арбын болду.

1991-2001-жылдары илимий-усулдук иштерди уюштуруу жана жетектөө менин функционалдык милдеттериме киргендиктен коомчулуктун, лицейдин педагогдорунун, окуучуларынын алдында жоопкерчиликти жан дилим менен түшүнүп, өнүгүүнүн натыйжасында лицей ийгиликтерге жеткен учурда мен өзүмдү чексиз бактылуу адам катары сезчүмүн.

1991-1993-жылдары педагогикалык чеберчиликке ээ болуу тездетилген темпте уюштурулду. Педагогикалык коллектив толугу менен иштин натыйжасын көрүүгө аракет кылышты. Бул учурда биз усулдук иштердин тыгыздыгын жогорулаттык.

Усулдук иштердин ар түрдүү формаларын изилдөө менен биз, аны башкаруу кафедралар түрүндө ыңгайлуу деп чечүү менен, кафедранын жана кафедра башчыларынын милдеттерин иштеп чыктык.

### *Кафедранын иш-аракеттеринин негизги багыттары*[7]

* кафедрада жүргүзүлүүчү илимий-усулдук иштин жалпы багыттарын иштеп чыгат;

* интегративдик байланыштарды түзөт;

* окуу планын жана программалардын аткарылышынын сапатын көзөмөлдөйт;

* педагогдун тажрыйбасын талдайт, жалпылайт;

* илимий-усулдук кеңешмеде бекитилүүчү окуу пландарды, программаларды даярдайт;

* усулдук бирикмелердин иштерин уюштурат;

* окуучулардын билимдеринин абалын үйрөнүү үчүн мониторингдерди уюштурат;

* педагогдорду сыйлыкка көрсөтөт;

* педагогдордун квалификациясын жогорулатуу боюнча иш алып барат;

* Жогору окуу жайлар менен байланышын түзөт;
* психологиялык тейлөөнү уюштурат.

### *Кафедра башчыларынын милдеттери*[7]

* кафедрада жүргүзүлүүчү илимий-усулдук иштин жалпы багыттарын иштеп чыгат;
* профилдерде интегративдик байланыштарды түзөт;
* окуу планын жана программалардын аткарылышынын сапатын көзөмөлдөйт;
* педагогдун тажрыйбасын талдайт, жалпылайт;
* илимий-усулдук кеңешмеде бекитүүгө окуу пландарды, программаларды даярдайт;
* усулдук бирикмелердин иштерин уюштурат;
* окуучулардын билимдеринин абалын үйрөнүү үчүн мониторингдерди уюштурууга карата даярдыктарды көрөт;
* педагогдорду сыйлыкка көрсөтүү үчүн маалыматтарды топтойт;
* педагогдордун квалификациясын жогорулатуу боюнча иш алып барат;
* жогорку окуу жайлар менен эффективдүү иш алып барууга карата приоритеттерди изденет.
* психологиялык тейлөөнү натыйжалуу уюштурууга карата маалыматтарды топтойт;
* кафедранын мүчөлөрү менен бирдикте лицейдин жылдык планынын негизинде администрациянын, психологдун катышуусу менен окуу жылы үчүн бир жылдык план түзүлөт;
* ар бир семестрде кафедранын кеңешмелерин өткөрөт;
* класстар боюнча ар бир лицейчинин билимдеринин, билгичтигинин жана көнүмдүктөрүн аныктоо боюнча жана билим сапатын жогорулатуу боюнча иш жүргүзөт;
* профилдик предметтердин программаларын илимий экспертизадан өткөрүүгө катышат;
* ар бир лицейчинин чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүүчү иш-чараларды уюштурат;
* лицейчилердин акыл жөндөмүнүн өнүгүүсүнө байкоо жүргүзүү иштерин уюштурат;
* лицейчилердин чыгармачылык иштерин уюштурат:

* рефераттар, докладдар, эксперименттер, жекече өздүк чыгармалар, стандарттык эмес чыгармалар, олимпиадалар;

* окуучулардын чыгармачылык конференциясын жана көргөзмөлөрүн уюштурат;

* алгачкы кесиптик билим берүү боюнча иштерди жүргүзөт;

* окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин көтөрүүчү иш чараларды уюштурат жана алардын натыйжаларын талкуулайт;

* лицейчилердин адамгерчилик сапатын ар тараптан өнүктүрүү боюнча иштерди уюштурат;

* кафедрада педагогика, психологиядагы жаңылыктар боюнча маалыматтарды талкуулайт;

* билим берүүнүн жаңы технологияларын окуу-тарбия процессинде колдонуу боюнча иштерди уюштурат;

* окуучулардын жекече психологиялык сапаттарын үйрөнүү менен лицейчинин моделин түзүүгө катышат, анын мазмунун мезгилдин талабына ылайык коррекциялайт;

* педагогдордун иш-аракетин үйрөнүүдө аналитикалык-диагностикалык иштерди жүргүзөт, прогноздорду белгилейт, натыйжалуулугун аныктайт;

*педагогдордун чыгармачылык лабораториясын түзүүгө жардам берет;

* педагогдордун чыгармачылык паспортун коррекциялоого усулдук жардам көрсөтөт жана алардын эффективдүүлүгүнө көмөктөшөт;

* педагогдордун, лицейчилердин өзүн-өзү өнүктүрүүсүн уюштурат, жардам көрсөтөт;

* лицейчилердин баардык предметтер боюнча билим деңгээлдерин ар бир чейрек сайын жыйынтыктайт;

* педагогдордун чыгармачыл сабактарынын панорамасын уюштурат;

* педагогдордун алдыңкы тажрыйбасын үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу боюнча иш жүргүзөт;

* «Жылдын мыкты мугалими» жана «Жылдын мыкты тарбиячысы» конкурсун уюштурууга катышат;

* ар бир педагогдун педагогикалык иш-аракетин педагогикалык жана психологиялык изилдөөгө практикалык жардам

берет;

* окуу программаларында интегративдик байланыштарды аныктайт;

* профилде ОИК (окуучулардын илимий коомунун) ишин жетектейт;

* мектеп парламентинин ишине түздөн-түз жардам көрсөтөт;

*педагогдордун квалификациясын жогорулатуу боюнча иш алып барат;

* профилдик класстарды педагогикалык консилиумга даярдайт;

* чыгармачыл топтун ишине катышат;

* усулдук предметтик бирикмелердин ишин жетектейт;

* ар түрдүү теориялык, практикалык семинарларды өткөрүүгө катышат;

* профилдик класстардын чыгармачылык бенифисин уюштурат;

* профилдик жана профилдик эмес предметтер боюнча мониторингдерди талкуулайт;

* экзамендик материалды талкуулайт;

* жаш мугалимдерге практикалык жардам көрсөтөт;

* автордук программаларды аппробациялайт, коррекциялайт, жетекчилик кылат;

* азыркы мезгилдин, коомдун талабына туура келгендей окуучунун моделин түзүү менен окуу тарбия процессинин жаңылануусуна көмөктөш болот;

*чыгармачылык окуучуну, чыгармачылык менен иштеген мугалимдин калыптандыруусуна жаш педагогдорду ынандырат.

Илимий-усулдук иштерди коллективдүү форма катары жогорку деңгээлде системалуу уюштурдук алар: педагогикалык, илимий-усулдук кеңешмелер, психологиялык жана педагогикалык семинарлар, кафедранын алдында уюштурулган предметтик-усулдук бирикмелер, мугалимдердин устаканалары, педагогикалык окуулар, конференциялар, чыгармачыл лабораториялар ж.б.

### *Эл аралык билим берүү долбоорлордун илимий-усулдук иштердин мазмунун жакшыртуудагы ролу*

1994-жылы «Сорос-Кыргызстан фондусу» тарабынан уюштурулган «XXI - кылымдын лидерлери» конкурсуна катышып, ал фонддун пилоттук мектеби болуу менен окутуунун жаңы технологиялары боюнча педагогдордун кесиптик чеберчилигин жогорулатууга мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Биринчи ресурстук борбор уюштурулуп, мугалимдердин өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө карата илимий-усулдук жана техникалык база түзүлдү.

Коллективдүү формага ээ болгон илимий-усулдук иштер жаңы мазмунда уюштурулду.

2003-жылдан баштап ЮСАИДдин алкагында каржыланган «ПИКС» долбоорунун негизинде пилоттук «Профессионалдык өнүккөн мектеп» катары педагогдордун 80%ти окутуунун жаңы технологияларын билим берүүдө пайдалануу боюнча семинар-тренингдерге катышты.



***ЮСАИДдин өкүлү Мырза Каримов, КР Билим берүү жана илим министрлигинин Ысык-Көл областы боюнча куратору Исаева А.А. жана ортодо мен.***

«Окуучулардын окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү» программанын негизинде инновациялык технологияны окутуу жана тарбиялоодо колдонуу боюнча кесиптик чеберчилигин жогорулатышып, сегиз мугалим ушул эле программанын алкагында уюштурулган эки жылдык окууга катыша алышты.

Жаңы субъект катары стратегиялык команда түзүлдү, мектептин стратегиялык планы иштелип чыкты. Педагогдорду стратегиялык ой жүгүртүүгө ээ кылуу максатында бир катар семинар-тренингдер өткөрүлдү. Лицейдин базасында иштелип чыккан автордук программалардын негизинде Ысык-Көл областынын 130 билим берүү кызматкерлеринин «Ваучердик механизм» программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу курстары уюштурулду.

***Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин №171/1. 11-август 2005-жылдагы буйругу менен инновациялык илимий-усулдук иштердин натыйжасында жаңы статуска ээ болдук. Ал: «Ысык-Көл областтык Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернаты-инновациялык билим берүү технологияларынын борбору" деп аталды.***

Бул болсо мектеп-лицейдеги илимий-усулдук иштерди долбоор тарабынан жогору баалоо эле. ЮСАИД тарабынан каржыланган «ПИКС» долбоорун ийгиликтүү ишке ашыруунун натыйжасында дагы бир ресурстук борбор ачылып, мугалимдердин 15% компьютердик технологияны өздөштүрүү менен практикада пайдалана башташты.

Ушул эле долбоордун алкагында 2007-жылы уюштурулган «Жылдын мыкты мугалими» конкурсунда химия мугалими Алыбаева Чолпон биринчи байгелүү орунга ээ болду.

2007-жылдан баштап «Дүйнөлүк Банк» тарабынан каржыланган жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан даярдалган «Айылдык билим берүү» долбоорун мектеп ичинде ишке ашырууда педагогдор жана мектеп администрациясы өзүн өзү өнүктүрүүнүн натыйжасында долбоор тарабынан уюштурулган аттестациядан 30 мугалим жана 4 мектептин администрациясы өтүшүп, кошумча эмгек акы алышты. Окуучулардын билимин жаңыча баалоо-формативдик баалоо ыкмасына мугалимдердин 80% ээ болду.

Мектеп администрациясы толугу менен «Окутууну жана тарбиялоону жакшыртуу» боюнча стратегиялык план иштеп чыгууга

багытталган семинар-тренингдерге катышып, лицейдин планын иштеп чыгышты. Биздин багыбызга жараша дагы бир ресурстук борбор ачылып, илимий-усулдук адабияттардын жана маалымат технологиянын негизинде кесиптик чеберчилигин өнүктүрүүгө зор мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

Жогорудагы эл аралык билим берүү долбоорлордун педагогдордун кесиптик чеберчилигин ар тараптан жогорулатууга көмөктөшкөндүгү, азыркы учурдагы билим берүүгө коюлган талаптарга татыктуу даярдыктар катары тастыктайбыз.

Биз бул жерден белгилей турган баалуулук-эл аралык билим берүү долбоорлорунун жалпы мектептин, педагогдордун, окуучулардын өнүгүүсүнө жана ата-энелердин мектептин ишине тартылуусуна зор салым кошкондугунда.

Мектепте жогорку деңгээлде уюштурулган илимий-усулдук иштердин натыйжасында, бир катар педагогдор эл аралык билим берүү долбоорлордун ар түрдүү программаларынын негизинде Кыргыз Республикабыздын бардык областтарында семинар-тренингдерди өткөрүүгө катыша алышты. Педагогикалык жамаат лицейди көтөрсө, лицей жогорку квалификацияга ээ болгон педагогдорду өстүрдү.

***Колдонулган адабияттар:***

**1. Озубекова Ж.Р. Жөндөмдүү балдар менен иштөөнүн долбоору. Ысык-Көл областтык илимий-педагогикалык «Билим шамы» газетасынын «Эврика» тиркемесинин №3. июнь. 1994-ж**

**2. Озубекова Ж.Р. Таланттуу балдар менен иштөө системасы. Тезисы докладов XXI Республиканских педагогических чтений «Инновационные процессы в образовании. Проблемы, опыт, перспективы развития». Бишкек-1994.**

**3. Озубекова Ж.Р. Организация и руководство научно-методической работой учителей в условиях школы нового типа. Кыргыз Билим берүү Академиясынын кабарлары. Бишкек-2010.**

**4. А.Н Радищев. Полные собрания сочинений. Т. 11. М-Л. 1941. с.65-66**

**5. Управление современной школой. Под редакцией члена корреспондента Российской академии образования, доктора педагогических наук. М.М. Поташника. Москва 1992.**

**6. Одарённые дети. Перевод с английского. М. «Прогресс», 1991**

**7. Ысык-Көл областтык мектеп-лицей-интернатынын Уставы. 2009-ж.**

**8. Г.Д Марциновская, Г.И.Ярошевский. 100 выдающихся психологов мира. Москва-Воронеж ,1995.**

# МЕКТЕП-ЛИЦЕЙДЕ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР

Лицейде өткөрүлүүчү тарбиялык иштердин мазмуну «**Жөндөмдүү балдар менен иштөө системасында**[1]» көрсөтүлгөн, мында биз 20-жылдан бери иштелип чыгып практикада колдонулуп жаткан айрым багыттарын ачып көрсөтүп кетели деп чечтик.

- Аскердик - атуулдук тарбиялык иштер
- Окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууга багытталган иштер.
- Окуучулардын экономикалык маданиятын калыптандырууга багытталган иштер.
- Окуучулардын саламаттыгын сактоого багытталган окуу, тарбия иштери.

***Аскердик –атуулдук, тарбиялык иштерди жакшыртуу***

- АЧД сабагын окутууну жакшыртуу;
- Согуш жана тынчтык темасында дил баяндардын, сүрөттөрдүн ж.б. конкурсун өткөрүү;
- Согуш жана тынчтык темаларында жазылган чыгармалар боюнча окуу конференцияларды өткөрүү;
- Кыргыз Республикасынын армиясы жөнүндө маалыматтар менен таанышуу жана талкуулоо;
- Туристтик жүрүштөрдү уюштуруу.
- Эстафета, спорттук мелдештерди уюштуруу.
- Кыргыз Республикасынын Баатырларынын өмүр баяндары жөнүндө маалымат берүү жана өз алдынча маалымат жыйноого багыттоо.
- Улуу Ата Мекендик согуштун кесепеттери боюнча аңгемелерди өткөрүү;
- Афганецтер менен байланыш түзүү.
- Согуш жана эмгек ветерандары менен жолугушууларды уюштуруу;
- 9-май- «Жеңиш күнү» майрамын жогорку деңгээлде өткөрүү.
- «Кана эмесе, жигиттер!» конкурсун өткөрүү.
- «Мамлекет», «Улут», «Эне тил», «Мекен» түшүнүктөрүнүн маңыздуу белгилерин окуучуларга кеңири жеткирүү.



АЧД сабагында



9-май- «Жеңиш күнүнө» карата асфальттагы сүрөттөрдүн конкурсу.

**Каракол шаарынын согуш жана эмгек ардагерлери менен жолугушуу**





**Эмгек ардагерлери**

### *Окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууга багытталган иштер*

**Максаты: Жашоонун сапатын жакшыртууга багытталган, экологиялык маалымдуулукка жана жүрүм-турумга ээ болгон атуулдук сапаттарды калыптандыруу.**

- Кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабиятын окутууда:

• айлана-чөйрөнү сүрөттөө боюнча окуучулардын көндүмдүктөрүн калыптандыруу;

• айлана-чөйрө менен байланышкан жеке сезимдерин жана эмоцияларын билдирүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу;

• «адам-коом-жаратылыш» байланышын окуучулар менен бирге аныктоо.

- Музыка сабагында жана музыка ийримдерде:

• жаратылыштын үндөрүн кабыл алууга үйрөтүү.

- Сүрөт сабагында жана көркөм өнөр ийримдерде:

• окуучунун жеке эмгегинде айлана-чөйрөнү кабыл алуусун көрсөтө алышы.

- Чет тилдерин окутууда:

• экологиялык материалдарды пайдалануу.

- Математика сабагын окутууда:

• экологиялык мазмундагы маселелерди чыгаруу;

• предмет аралык байланыш түзүү;

• логикалык ой жүгүртүүнүн мааниси, анын экологиясы жөнүндө аңгемелешүү.

- Информатика сабагын окутууда:

• информациялык технологияны айлана-чөйрөгө мониторинг жүргүзүүдө пайдалануу;

• информациялык технологиянын өнүгүүсү менен келип чыккан социалдык, экономикалык, этикалык проблемаларды талкуулоо;

• ЭВМдин адамдын организмине тийгизген таасири.

- Тарых сабагын окутууда:

• адам жана айлана-чөйрөнүн мамилесинин өзгөргөндүгү жөнүндө дискуссия өткөрүү;

•индустрилизациянын, илимий-техникалык революциянын натыйжалары жөнүндө дискуссия.

- География сабагын окутууда экологиянын аспектилерин кеңири колдонуу:

•глобалдык экологиялык проблемалар боюнча дискуссияларды өткөрүү;

•Каракол дарыясынын суусун изилдөө боюнча эксперименталдык ишти уюштуруу;

•Ысык-Көлдү коргоо боюнча реферат жаздыруу. Экология жана география боюнча уюштурулган атайын курстарда Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган Конвенциялар менен окуучуларды тааныштыруу.

•Дене-тарбия сабагында окуучунун жеке экологиясынын сакталышына ынандыруу.

•Шаардык, областтык, республикалык деңгээлде уюштурулган экологиялык конкурстарга катышуу.

•Каракол шаарындагы зоопарктын биотүрдүүлүгүн коргоо боюнча иштерге катышуу үчүн аны менен байланыш түзүү.

•Экологиялык майрамдарды, кечелерди уюштуруу.

•Экологиялык акцияларды өткөрүү. «Жашыл бакча», ж.б.

•Каракол шаарынын тургундарын аларга катышууга тартуу.

•Мектеп-лицейдин санитардык-гигиеналык абалын талапка жооп бергендей сактоо, жашылдандыруу.

•Химия, биология жумалыгын өткөрүүдө экологиялык маалыматтарды кеңири пайдалануу.

- Химия, биология, география, экология предметтери боюнча уюштурулган атайын курстарда:

•окуучуларды экологиялык проблемаларды талдоого, прогноздоого багыттоо;

•социалдык-экологиялык проблемалардын чечилишине карата жоопкерчиликтерин арттыруу;

•«Эколог» клубунун ишин жакшыртуу, эксперименттик иштерди уюштуруу.

## *Окуучулардын экономикалык маданиятын калыптандырууга багытталган иштер*

-Экономика предметин окутууда турмуш менен байланыштыруу, интерактивдүү усулдарды пайдалануу;

-Экономикалык проблемалар боюнча предмет аралык байланыштарды түзүү.

- Окуучуларды рынокко ориентациялоо ыкмаларга ээ кылуу;

-Кесибин тандоодо өзү жашаган территориянын жана мамлекетибиздин инфраструктурасын изилдөөгө багыттоо;

-Ишкердүүлүк, сарамжалдуулук сапаттарын калыптандырууга багыттоо;

-Практикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү;

-Эмгек көндүмдүктөргө ээ болуусу адамдын жашоосунун булагы боло тургандыгына ынандыруу; багыттоо;

-Үй-бүлө, жергиликтүү, мамлекеттик бюджет түшүнүктөрүн калыптандырууга багытталган практикалык иштерди уюштуруу, реферат жаздыруу, ж.б.;

-Кесипке ээ болуу, жеке муктаждыгына жараша кайрадан башка кесипке ээ болуу, квалификацияны системалуу түрдө жогорулатуу зарыл боло тургандыгына окуучуларды ынандыруу;

-Мектеп-лицейдин мүлктөрүнө, электроэнергияга, сууга ж.б. сарамжалдуу мамиле жасоо боюнча рейддерди уюштуруу, газета чыгаруу;

-Сарамжалдуулук-өнүгүүнүн булагы темасында дискуссия уюштуруу;

-Лицей Өкмөтүнүн «Упай» акча бирдиги системасын иштетүүнү жакшыртуу, окуучулардын билим сапатын көтөрүү.

## *Окуучулардын саламаттыгын сактоого багытталган окуу, тарбия иштери*

-Лицейде медициналык тейлөөгө системалуу көзөмөлдүк кылуу.

-Медициналык кызматкерлердин кесиптик чеберчилигинин жогорулашына көзөмөлдүк кылуу.

-Лицейге окуучуларды кабыл алууда, алардын Ф-63 формасындагы медициналык картасын талап кылуу, ата-энелерден окуучулардын ден-соолугу жөнүндө маалымат алуу.

-Жаңы кабыл алынган окуучулардын ден-соолугун жана сезип



туюу процесстерин үйрөнүү максатында анкеталарды жана ар түрдүү тестирлөөнү жүргүзүү, аны талдоо, жолдомолорду иштеп чыгуу жана окуучунун өзүнө, ата-энелерине, окуткан мугалимдерине маалымат берүү.

-Өз учурунда окуучуларды медициналык кароодон өткөрүү.

-Мектеп лицейде «Сергек жашоо образын» пропагандалоо.

-Гигиена, медицина, дене-тарбия жана спорт боюнча окуучуларды зарыл билимдердин минимумуна ээ кылуу:

- күндөлүк режим;
- жеке гигиена;
- дене-тарбия сабагынын мааниси;
- спорттун ден-соолуктун чыңдалышына тийгизген таасири;
- көнүгүүлөрдү аткарууда гигиеналык эрежелердин сакталышы;
- кыймылдын жашоодогу мааниси;
- негизги кыймыл сапаттарын өнүктүрүү;
- дене-тарбия сабагында коопсуздук, техникалык эрежелердин сакталышы;
- жеке ден-соолукту коргоо бул коомдук жоопкерчилик боло тургандыгы жөнүндө моралдык сапаттарын калыптандыруу.

-Саламаттыкты сактоодо жаратылыш факторлорун колдонуу (күндүн нурлары, аба, суу).

-Гигиеналык факторлор:

- сабакка даярданууга;
- дем алуунун, тамактануунун, уктоонун гигиенасы.

-Дене-тарбия сабагын жогорку усулдук деңгээлде өткөрүү:

-Дарылоо физкультураны уюштуруу.

- Спорттук секциялардын ишин жакшыртуу.

-«Ден-соолук күндөрүн» эффективдүү уюштуруу. Жыйынтык чыгаруу: спонсорлор аркылуу материалдык жана моралдык сыйлоо, Грамоталарды тапшыруу.

-Мектеп-лицейинин эл аралык спорттук мелдештерге катышкан мыкты спортсмендери менен жолугушууларды уюштуруу.

-Областтык «Өспүрүмдөр кабинети» менен байланыш түзүү менен, врачтарды окуучулардын ден-соолуктарын чыңдоо, жугуштуу оорулардан сактануу ж.б. актуалдуу темалар боюнча лекция, практикалык иштерди уюштурууга тартуу.

-Химия, биология, экология сабактарын окутууда саламаттыкты сактоо боюнча турмуштук ыкмаларга ээ кылуу.

-Химия сабагын окутууда кальций, магний, темир, йод, жез, марганец, кремний, фосфор, цинк, селен, калий ж.б. химиялык элементтерди адамдын ден-соолугуна тийгизген таасири боюнча теориялык жана практикалык билим берүү.

-Биология (киши) сабагын окутууда окуучуга жеке өзүнүн организмин таанытуу жана ар биринин жеке функционалдык өзгөчөлүктөрүн, алардын бирдиктүүлүгү боюнча теориялык жана практикалык билим берүү. Биринчи медициналык жардам көрсөтүү ыкмаларга ээ кылуу

-Окуучунун саламаттыгын сактоодо:

- инсандык-багытталган мамиле түзүүдө;
- окуучуларды басмырлоого жол бербөөгө;

-Психологиялык комфорт түзүүгө ар бир педагогдун негизги милдети боло тургандыгын, педагогикалык коллективди, лицей кызматкерлерин ынандыруу.

-Класстык журналдарда ден-соолук баракчаларын толтурууда класс жетекчилердин жоопкерчиликтүү мамиле кылуусуна жетишүү.

- Окуучулардын өзүнүн ден-соолугуна өздүк көзөмөл болуу ыкмасына ээ кылуу.

-«Мыкты ден-соолуктуу окуучу» конкурсун өткөрүү.

-Өздүк релаксация ыкмаларына ээ кылуу.





Чет тилдер жумалыгы



«Мамлекеттик тил» күнү



Ыр ийриминин катышуучулары



«Назик» бий ансамбли «Акыркы коңгуроо» аземинде

**Лицейдин бүтүрүүчүсү, юридика илимдеринин кандидаты Шерипов Нурлан менен лицейчилердин жолугушуусу.**






**Акын-демократ Т.Сатылгановду эскерүү**



**«Назик» бий ансамбли «Мугалимдер күнү» майрамында**



**Ата-эне класстык саат өтүүдө**



**Комузчулар ансамбли**




**Лицейдин бүтүрүүчүсү, информатика мугалими Сырдыбаева Айзада ресурстук борбордо сабак өтүп жаткан учуру.**

# ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ПРЕДМЕТТЕР БОЮНЧА РЕСПУБЛИКАЛЫК ОЛИМПИАДАДА БАЙГЕЛҮҮ ОРУНДАРГА ЭЭ БОЛГОН ОКУУЧУЛАР

Таланттуу балдарды окутууда лицейдин негизги милдеттеринин бири: окуучулардын интеллектисин өнүктүрүү болгондуктан, системалуу түрдө иштер уюштурулду[1].

Мектеп ичинде жалпы билим берүүчү предметтер боюнча олимпиадаларды өткөрүү, областтык, республикалык ж.б. олимпиадаларга катышууга даярдоо иштери жогорку деңгээлде уюштурулушуна системалуу көзөмөл иштери жүргүзүлдү. Олимпиадаларга катышкан окуучулардын айрым күчтүү инсандык сапаттарга ээ болууга умтулуусун байкадык. Алар:

- **Лидер болууга умтулуусу.**
- **Чыгармачылык менен билим алууга умтулуусу.**
- **Ар түрдүү кырдаалга карата адаптацияланышы.**
- **Атаандаштыкка жөндөмдүү болуу.**
- **Баарлаша билүүгө умтулуусу.**
- **Натыйжага жетишүүгө умтулуусу.**

Мында биз сыймыктануу менен республикалык олимпиадага катышып, байгелүү орундарга ээ болгон окуучуларды жана аларды даярдаган мугалимдерди атагыбыз келди.

***1991-1992-окуу жылы***

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тулпаров Б. | Орус тили | 1 | Өмүрзакова А. |
| 2 | Эсеналиева М. | Физика | 1 | Ишенбаев С. |
| 3 | Конокбаев Д. | Химия | 2 | Көкбериева К. |
| 4 | Жакакова А. | Кыргыз тили | 1 | Сулайманова З. |
| 5 | Токторбаева А. | Кыргыз тили | 2 | Сулайманова З. |

## *1992-1993-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 6 | Садыкова Э. | Физика | 1 | Ишенбаев С. |
| 7 | Бакасов У. | Математика | 1 | Тайчикова Г. |
| 8 | Имаш к. М. | Физика | 1 | Ишенбаев С. |
| 9 | Молдокматова А. | Англис тили | 1 | Тынаева Б. |
| 10 | Кожомбердиева К. | Англис тили | 2 | Тынаева Б. |
| 11 | Өскөнбаева Н. | Англис тили | 2 | Тынаева Б. |
| 12 | Алиева А. | Химия | 3 | Көкбериева К. |
| 13 | Орозбаева К. | Биология | 2 | Саякбаева Т. |
| 14 | Ормуков Ч | География | 3 | |
| 15 | Жамангулова А. | Кыргыз тили | 3 | Сулайманова З. |

## *1993-1994-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 16 | Конокбаев Д. | Химия | 3 | Көкбериева К. |
| 17 | Сейдакматов Ж. | Химия | 1 | Осмонова Р. |
| 18 | Молдобаев К. | Биология | 1 | Акималиева Ч. |
| 19 | Арпачиев А. | Математика | 1 | Жанышева Т. |
| 20 | Алиева Р. | Орус тили | 1 | Кылычбаева Р. |
| 21 | Бекболотова Г. | Немец тили | 1 | Бектенова К. |
| 22 | Осконбаева Н. | Англис тили | 1 | Сатарова Р. |
| 23 | Шабданбекова А. | Немец тили | 1 | Бектенова К. |
| 24 | Омурзакова М. | Англис тили | 1 | Сатарова Р. |
| 25 | Иманалиев К. | Кыргыз тили | 1 | Калеева Ш. |
| 26 | Искакова Г. | Математика | 3 | Тайчикова Г. |
| 27 | Бегалиева Г. | Физика | 2 | Өмүрбеков У. |
| 28 | Буларкиева Н. | Кыргыз тили | 2 | Калеева Ш. |
| 29 | Орозалиева Ч. | Физика | 3 | Өмүрбеков Ү. |
| 30 | Түгөлбаева В. | Кыргыз тили | 3 | Калеева Ш. |

### *1994-1995-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 31 | Шаменов Н. | Немец тили | 1 | Бектенова К. |
| 32 | Түмөнбаева М. | Кырг тили | 2 | Калеева Ш. |
| 33 | Жаналиев Э. | География | 3 | Кожомкулова Р. |
| 34 | Айдаров М. | Француз тили | 3 | Эркебуланова Н. |
| 35 | Эшкинов А. | Физика | 3 | Турусбекова А. |

### *1995-1996 -окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 36 | Табалдиев Э. | Кыргыз тили | 1 | Сулайманова З. |
| 37 | Сейдакматов М. | Кыргыз тили | 1 | Ахмеджанова Р. |
| 38 | Абдыкадырова А. | География | 1 | Кожомкулова Р. |
| 39 | Көкөжанов Ф. | География | 3 | Тезекбаева Д. |
| 40 | Имарова Р. | Англис тили | 3 | Эркинбаева С. |
| 41 | Айдаров М. | Француз тили | 3 | Эркебуланова Н. |
| 42 | Кадырова Г. | Химия | 3 | Иманалиева Ш. |

### *1996-1997- окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 43 | Буйлашова М. | Француз тили | 1 | Кайкиева А. |
| 44 | Сейдакматов М. | Кыргыз тили | 3 | Ахмеджанова Р. |
| 45 | Жээнбаева М. | Химия | 2 | Көкбериева К. |

### *1997-1998-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 46 | Иманбаев М. | Математика | 3 | Бокоев М. |
| 47 | Буйлашева М. | Франц тили | 1 | Кайкиева А. |
| 48 | Жээнбаева М | Химия | 2 | Маматкулова З |
| 49 | Чыныбаев А. | Тарых | 3 | Каниметов А. |
| 50 | Кубакаева Н. | Орус тили | 3 | Иманходжаева Г. |
| 51 | Турдубаев Э. | География | 2 | Арунова Д. |
| 52 | Юсупова А. | Француз тили | 2 | Эркебуланова Н. |

### *1998-1999-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 53 | Мусаев А. | Тарых | 1 | Каниметов А. |
| 54 | Турдубаев Э. | География | 1 | Ашымбаева К. |
| 55 | Касымалиева А. | Кыргыз тили | 2 | Ахмеджанова Р. |
| 56 | Молдобаев М. | Француз тили | 1 | Кайкиева А. |
| 57 | Султанов А. | Химия | 2 | Маматкулова З. |
| 58 | Ахмеджанов Т. | География | 3 | Ашымбаева К. |

### *1999-2000-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 59 | Оторбаев У. | География | 2 | Ашымбаева К. |
| 60 | Абдылдаев А. | Тарых | 1 | Каниметова Р. |
| 61 | Шаршеев И. | Тарых | 1 | Каниметова Р. |
| 62 | Жумакеев Р. | Тарых | 1 | Сагынтай кызы К. |
| 63 | Иманалиев А. | Информатика | 2 | Садиев А. |
| 64 | Куланбаева Р. | Физика | 1 | Куланбаев С. |
| 65 | Куланбаева Т. | Математика | 1 | Озубекова А. |
| 66 | Сулайманова Н. | Кыргыз тили | 1 | Ахмеджанова Р. |

***2000-2001-окуу жылы***

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 67 | Садырбаев С. | Математика | 1 | Озубекова А. |
| 68 | Искаков И. | Математика | 3 | Жанышева Т. |
| 69 | Калдыбаев Т. | Математика | 3 | Бокоев М. |
| 70 | Абдыке к.Нуриза. | Кыргыз тили | 1 | Ахмеджанова Р. |
| 71 | Калмакеев К. | Француз тили | 1 | Кайкиева А. |
| 72 | Акматова Э. | Француз тили | 3 | Кайкиева А. |

***2001-2002- окуу жылы***

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 73 | Молдогазиева Ж. | Кыргыз тил | 1 | Калеева Ш. |
| 74 | Темиралиева А. | Орус тили | 2 | Кылычбаева Р. |
| 75 | Жанпеишов М. | География | 2 | Жапаров А. |
| 76 | Калдыбаев Т. | Математика | 2 | Бокоев М. |
| 77 | Куланбаева М. | Франуз тили | 3 | Эркебуланова Н. |
| 78 | Мусуралиев Ж | Француз тили | 3 | Эркебуланова Н. |

***2002-2003 окуу жылы***

| № | Окуучунун фамилиясы, аты. | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 79 | Масимова С. | Орус тили | 1 | Касымбаева Ч. |
| 80 | Турдубекова Ж. | Кыргыз тили | 1 | Ахмеджанова Р. |
| 81 | Буйлашева М. | Француз тили | 2 | Эркебуланова Н. |

### *2003-2004-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 82 | Буйлашева М. | Француз тили | 3 | Эркебуланова Н. |
| 83 | Турдубекова | Кыргыз тили | 2 | Ахмеджанова Р. |
| 84 | Анарбек уулу А. | География | 2 | Ашымбаева К. |

### *2004-2005-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 85 | Касаналиева Н. | Орус тили | I | Кылычбаева Р. |
| 86 | Казакбаева Н. | Кырг тили | 3 | Ахмеджанова Р. |
| 87 | Байымбетов А | Тарых | 3 | Ашымбаева К |

### *2005-2006-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 88 | Касаналиева Н. | Орус тили | 2 | Кылычбаева Р. |
| 89 | Жыргалбек к Н. | Орус тили | 2 | Хахулина О.А. |
| 90 | Акунов Т. | География | 2 | Жапаров А. |
| 91 | Эшимбек к А. | Биология | 3 | Текебаева В. |
| 92 | Кыдыкова Т. | Француз тили | 3 | Чолпонбаева Н. |

### *2006-2007-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 93 | Рахманова У. | Орус тили | 1 | Хахулина О.А. |
| 94 | Алиеков У. | Физика | 1 | Куланбаев С. |
| 95 | Зарылыков Б. | География | 2 | Жапаров А. |
| 96 | Алмазбек у А. | Француз тили | 2 | Исабаев А. |
| 97 | Пиназар к П. | Адам жана коом | 3 | Ноорузбаев Н. |

## *2006-2007-окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 98 | Рахманова У. | Орус тил | 2 | Молдакунова Г. |
| 99 | Алиеков У. | Физика | 1 | Куланбаев С. |

## *2008-2009- окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 100 | Байсеитова Ж. | Кыргыз тили | 1 | Ахмеджанова Р. |

## *2009-2010- окуу жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 101 | Токчулукова  Н. | Француз тили | 2 | Исабаев А. |

## *2010-2011-жылы*

| № | Окуучунун фамилиясы, аты | Предмет | Ээлеген орду | Мугалимдин фамилиясы, аты |
|---|---|---|---|---|
| 102 | Токчулукова Н. | Француз тили | 3 | Исабаев А. |
| 103 | Русланова Айдай. | Француз тили | 3 | Исабаев А. |
| 104 | Темирбеков Т. | География | 1 | Ашымбаева К. |
| | | | | |

## *2010 -2011-окуу жылында областтык олимпиадада 1-орунга ээ болгон окуучулар*



**Токонова Бегимай**



**Кадыралиев Азим**



**Токчулукова Наргиз**



**Русланова Айдай**



**Темирбеков Турат**



**Шакитов Нурсултан**

## ЭЛ АРАЛЫК ПРЕДМЕТТИК ОЛИМПИАДАЛАРГА ЖАНА АР ТҮРДҮҮ КОНКУРСТАРГА КАТЫШУУГА УКУКТУУ БОЛГОН ОКУУЧУЛАР

1. Бакасов У.-1993-жылы математика боюнча Гонконгдо өтүлүүчү дүйнөлүк олимпиадага катышууга укуктуу болгон. Мугалими-Тайчикова Г.

**2. Арпачиев А.-1995-жылы математика боюнча Канаданын Торонто шаарында өткөрүлгөн дүйнөлүк олимпиадага катышкан. Мугалими-Жанышева Т.**

3. Жээнбаева А.-1995-жылы химия боюнча Австралияда өткөрүлгөн дүйнөлүк олимпиадага катышкан. Мугалими-Кокбериева К.

**4. Куланбаева Т.-2000-жылы математика боюнча Кореяда өткөрүлгөн дүйнөлүк олимпиадага катышты. Мугалими-Озубекова А.**

5. Садырбаев С.-2001-жылы математика боюнча АКШда өтүлүүчү дүйнөлүк олимпиадага катышууга укуктуу болгон. Мугалими- Озубекова А.

**6. Алиеков У.-2006-2007-жылдардагы физика сабагы боюнча Иран, Монголия, Россияда өткөрүлгөн эл аралык олимпиадалардын катышуучусу. Мугалими- Куланбаев С.**



**Алиеков Улан**

## *Эл аралык конкурстарга катышкандар*




***Бокоев Талантбек Мелисович 1996-жылы живопись боюнча Турциядагы сынакка катышкан. Мугалими: Жапаров Ж.***

**БОКОЕВ Талантбек Мелисович** - 2001-жылы С.А.Чуйков атындагы көркөм окуу жайын артыкчылык диплому менен аяктаган.

Чыгармачыл көргөзмөлөргө катышуусу: 1995-жылы Эл аралык «Turk Dunuasi» көргөзмө конкурсу. Стамбул шаары, Турция. Чыгармачыл иши түрк календарына басылып чыккан.

2001-жылы ПРООН тарабынан «Эл аралык аялдар күнүнө» карата өткөрүлгөн көргөзмө. 2006-жылы «Триеналле Мармара» Эл аралык көргөзмөсү. Стамбул шаары, Турция.

2006-жылы «Шабыт» Эл аралык фестивалынын Баш байгесинин лауреаты. Астана шаары, Казакстан.

2007-жылы Германияда өткөрүлгөн Кыргыз сүрөткерлеринин көргөзмөсү. Франкентхаль шаары, Германия.


2008-жылы Ч. Айтматовдун 80 жылдыгына карата «Тоолорураганда» Эл аралык көргөзмөдө 1чи байгенин лауреаты. 2008-жылы Ч.Айтматовду эскерүүгө арналган көргөзмө. Штаб квартира Юнеско, Париж шаары, Франция.

2010-жылы Илимпоздор үйүндө А.Акаев тарабынан өткөрүлгөн Кыргыз сүрөткерлеринин көргөзмөсү. Москва шаары, Россия.

2010-жылы «Бишкек сүрөткерлердин көзү менен» көргөзмөсү Г.Айтиев атындагы КМКИМ, Бишкек шаары, Кыргызстан. 2010-










**Жапаров Ж. Б. -
«Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги» төш белгисинин ээси, көркөм өнөр мугалими.**

жыл Өзбекистан көркөм сүрөт Академиясынын жана өлкөнүн президенти И.Каримовдун кызы Гүлнара Каримованын жеке чакыруусу менен уюшулган Ташкент-Самарканд-Бухара-Хива шаарларына чыгармачыл жүрүштүн катышуучусу.

2006-жылдан тартып Г.Айтиев атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт музейинин сүрөтчү-реставратору. 2010-2011-жылдары Италиянын Перуджа шаарына стажировкага барган.



2

**Совет уулу Чынгыз**

2002-жылы скульптура боюнча Брянск шаарында өткөрүлгөн Дельфий оюнуна катышкан. **Анын жетишкендиктери -** 2003-жылы скульптура боюнча мамлекеттик «Алтын дипломдун» ээси болсо, ошол эле жылы скульптура боюнча «Прелюдия» аттуу президенттик стипендияга ээ болгон.

3 **АЛИЕВ Мирлан 1996-жылы живопись боюнча Туркияда өткөрүлгөн конкурска катышкан. Мугалими Момуналиев**




**САДИЕВ Кутман Москва шаарында өткөрүлгөн «Зелёная планета» конкурсунда Гран-Прини жеңип алган.**




**Дюшеева Бегай**



ГРАМОТА

НАГРАЖДАЕТСЯ

*Дюшеева Бегай*
*Иссыккульской области, г. Каракол*
*за получение Гран - при*
*в республиканском конкурсе*
*«Ярмарка кукол» в номинации*
*«Самая традиционная национальная кукла»*
*март 2007г.*

# АЛТЫН, КҮМҮШ МЕДАЛДАР ЖАНА АРТЫКЧЫЛЫК АТТЕСТАТЫНА ЭЭ БОЛГОН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨР

**Лицейде түзүлгөн чыгармачылык чөйрө окуучулардын өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө, билимдин баалуулугуна, коом талап кылган инсандык сапаттарга ээ болууга негизделди. Натыйжада күмүш, алтын медалдарга жана артыкчылык аттестаттарга татыктуу болгон бүтүрүүчүлөр өсүп чыкты.**

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуучулар билим алган профилдер |
|---|---|---|
| | ***1992/1993- окуу жылы*** | |
| 1 | Арпачиева Айзада | Физика-математика |
| 2 | Жаныбекова Асель | Физика-математика |
| 3 | Имаш кызы Мээрим | Физика-математика |
| 4 | Аракеева Жылдыз | Химия-биология |
| 5 | Ахметова Альфия | Химия-биология |
| 6 | Турдубеков Алайбек | Химия-биология |
| 7 | Жакакова Айнагүл | Кыргыз филология |
| 8 | Орозалиева Фаризат | Кыргыз филология |
| | ***1993/1994- окуу жылы*** | |
| 9 | Асылбекова Аида | Кыргыз филология |
| 10 | Конокбаев Данияр | Химия-биология |
| | ***1994/1995- окуу жылы*** | |
| 11 | Кекебаева Мээрим | Химия-биология |
| 12 | Мукалиева Гулзат | |
| 13 | Арпачиев Алмаз | Физика-математика |
| | ***1995/1996- окууу жылы*** | |
| 14 | Айдаров Медер | Чет тили |
| 15 | Молдогазиев Темирлан | Чет тили |
| 16 | Муслимова Гүлмира | Экономика |
| 17 | Бейшембиева Асель | Экономика |
| | ***1996/1997- окуу жылы*** | |
| 18 | Жаналиева Нурия | Чет тили |
| 19 | Курманакунова Асель | Чет тили |
| 20 | Ибраев Алмаз | Кыргыз филология |

| | | |
|---|---|---|
| ***1998/1999- окуу жылы*** | | |
| 21 | Юсупова Асель | Чет тили |
| 22 | Арпачиев Алмаз | Чет тили |
| 23 | Сарыбаева Айжамал | Чет тили |
| 24 | Макеева Анара | Физика-математика |
| 25 | Шаршеева Нурмира | Физика-математика |
| 26 | Содомбаев Руслан | Физика-математика |
| 27 | Мураталиева Анара | Химия-биология |
| 28 | Султанова Гүлзада | Химия-биология |
| 29 | Осмоналиева Индира | Химия-биология |
| ***1999/2000- окуу жылы*** | | |
| 30 | Курманбаева Айдай | Чет тили |
| 31 | Орунбаев Мырза | Чет тили |
| 32 | Искакова Даражан | Чет тили |
| 33 | Казакова Бриллианта | Чет тили |
| 34 | Абдылдаев Алмаз | Чет тили |
| 35 | Шаршеев Искендер | Чет тили |
| 36 | Казакбаева Эльнура | Физика-математика |
| 37 | Кадыркулова Кыял | Физика-математика |
| 38 | Асанова Альбина | Физика-математика |
| 39 | Куланбаева Турар | Физика-математика |
| 40 | Куланбаева Рита | Физика-математика |
| 41 | Жанбаева Индира | Физика-математика |
| ***2000/2001- окуу жылы*** | | |
| 42 | Калмакиев Канат | Чет тили |
| 43 | Ажикова Лира | Чет тили |
| 44 | Мамбетов Кыдык | Чет тили |
| 45 | Садырбаев Самат | Физика-математика |
| 46 | Озубекова Эльнура | Чет тили |
| 47 | Акматова Эльнура | Чет тили |
| ***2001/2002- окуу жылы*** | | |
| 48 | Мусаев Нурлан | Физика-математика |
| 49 | Масиева Фарида | Экономика |
| 50 | Рахимбердиев Тимурлан | Физика-математика |
| 51 | Турбатов Азат | Физика-математика |
| 52 | Кенжебаева Айзада | Физика-математика |
| 53 | Искаков Ильгиз | Физика-математика |
| 54 | Турсунбаева Гулмира | Чет тили |
| 55 | Калдыбаев Таалайбек | Физика-математика |

| | | |
|---|---|---|
| ***2002/2003- окуу жылы*** | | |
| 56 | Абиров Улан | Чет тили |
| 57 | Касымбеков Адилет | Физика-математика |
| 58 | Курбанова Кундуз | Экономика |
| ***2003/2004- окуу жылы*** | | |
| 59 | Зарылбай кызы Чынара | Физика-математика |
| 60 | Турдубекова Жайнагул | Физика-математика |
| ***2005/2006- окуу жылы*** | | |
| 61 | Калкожо кызы Үмүт | Физика-математика |
| 62 | Молдакунова Гулназ | Физика-математика |
| 63 | Омурканова Азиза | Физика-математика |
| 64 | Сейитова Наргиза | Химия-биология |
| 65 | Касаналиева Наргиза | Чет тили |
| 66 | Муратова Дилбара | Чет тили |
| 67 | Токтогазиева Сания | Чет тили |
| ***2006/2007- окуу жылы*** | | |
| 68 | Акматова Сайкал | Чет тили |
| 69 | Сыдыкова Эркингүл | Чет тили |
| 70 | Курбанова Перизат | Чет тили |
| 71 | Турсунбекова Нуркамал | Кыргыз филология |
| 72 | Шабданова Асель | Кыргыз филология |
| 73 | Айсахунова Жаркынай | Химия-биология |
| 74 | Турсунова Жанат | Химия-биология |
| ***2007/2008- окуу жылы*** | | |
| 75 | Алиеков Улан | Физика-математика |
| 76 | Алмазова Айсулуу | Физика-математика |
| 77 | Раимбекова Жазгүлү | Физика-математика |
| 78 | Рахманова Упагүл | Физика-математика |
| 79 | Эсентурова Сайкал | Физика-математика |
| 80 | Өзгөрүшова Майрамкүл | Чет тили |
| 81 | Саламатова Рахат | Чет тили |
| ***2008/2009- окуу жылы*** | | |
| 82 | Сейдикеримова Айсулуу | Чет тили |
| 83 | Султанбекова Марал | Чет тили |
| 84 | Усубакунова Эркесак | Чет тили |
| 85 | Байсеитова Жанара | Экономика |
| 86 | Төлөмүшова Рыскул | Экономика |
| 87 | Токтомушева Эльнура | Экономика |
| 88 | Өмүрбеков Айдар | Физика-математика |
| 89 | Бекжанова Айгүл | Физика-математика |

| | | |
|---|---|---|
| ***2009/2010- окуу жылы*** | | |
| 91 | Кенешов Урмат | Физика-математика |
| 92 | Кубанычбекова Жаннат | Физика-математика |
| 93 | Туралиева Айдана | Физика-математика |
| 94 | Карыбаева Акжолтой | Чет тили |
| 95 | Акунова Жылдыз | Экономика |
| 96 | Сулайманова Жылдыз | Экономика |
| ***2010/2011-окуу жылы*** | | |
| 97 | Шакитов Нурсултан | Экономика |
| 98 | Токонова Бегимай | Экономика |
| 99 | Кадыралиев Азим | Экономика |
| 100 | Турусбеков Элдияр | Чет тили |
| 101 | Ажапкерова Динара | Чет тили |

**2010-2011-окуу жылында артыкчылык аттестатка ээ болгон окуучулар.**



# СПОРТТУК ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

Мектеп-лицейде окуучулардын акыл жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө, ден соолугунун экологиясын сактоо максатында, спорттук иштерди эффективдүү уюштурууга зор көңүл бурулуп, иш-чаралар иштелип чыкты. Лицейде жүргүзүлүп жаткан айрым иштерди көрсөтүп кетүүнү чечтик.

**1.** Дене-тарбия сабагын жогорку усулдук деңгээлде өткөрүү:

-сабактын өнүктүрүүчүлүк жана ден-соолукту чыңдоо максаттарына жетүүдө гимнастикалык, жеңил атлетикалык, кыймыл жана спорттук оюндарды өткөрүүдө окуучулардын эмоционалдык жана кыймыл сезимдеринин бирдиктүүлүгүн камсыз кылуу;

- интеллектуалдык аракеттерде жалпы дидактикалык жана өзгөчө талаптардын аткарылышына жетишүү;

- окуучуларга дифференцирленген мамиле жасоо;

- окуу программасында көрсөтүлгөн улуттук спорттун түрлөрүн окутууда анын философиясынын маңызын окуучуларга аң-сезимдүү жеткирүү.

**2.** Спорттун адамдын ден-соолугунун чың болушунда негизги ролду ээлегенине ынандыруу менен, окуучулардын өз алдынча көнүгүүлөрдү жасоосуна жетишүү, спортко болгон кызыгууларын арттыруу.

**3.** Спорттук секциялардын ишин жогорку деңгээлде уюштуруу.

**4.** «Ден-соолук күндөрүн» өткөрүүдө ата-энелерди тартуу. Жыйынтык чыгаруу, талдоо.


**5.** Жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен мектеп ичинде системалуу спорттук мелдештерди уюштуруу, жеңүүчүлөрдү стимулдоо.

**6.** Мектеп-лицейинен эл аралык спорттук мелдештерге катышкан мыкты спортсмендери менен жолугушууларды уюштуруу.

**7.** Шаардык, областтык, республикалык эл аралык спорттук мелдештерге катышууга даярдыктарды көрүү жана катышуу.

**8.** Областтык, шаардык спорттук уюмдар, клубдар менен байланыш түзүү, алардын секцияларына окуучуларды тартуу.

**9.** «Мыкты спортсмен» лицейчилердин банкын түзүү.



Мектеп-лицейдин ачылышынан бери тынымсыз эмгектенип келе жаткан дене-тарбия мугалими, «Кыргыз Республикасынын эл агартуунун отличниги» төш белгиге ээ болгон Мамырбаев Сагындын атын атап кетүүгө милдеттүбүз.

Азыркы учурда өзүнүн шакирти Сопиев Эрнеске ар тараптуу усулдук жардам көрсөтүү менен, аны өзүнүн кесибин сүйгөн педагог катары калыптандырууда.

***Эл аралык спорт оюндарга катышкандар:***

1. Эгембердиев А. 1995-жыл, лыжа-Италия
2. Моңолдор у. Т. 1996-жыл, бокс-Пакистан, Иран, Якутия.
3. Моңолдор у. Б. 1996-жыл, бокс-Пакистан, Иран, Якутия.
4. Усубакунов А. 1998-жыл, бокс-Ташкент
5. Алымбеков А. 1998-жыл, бокс-Ташкент
6. Жакыпов А. 1998-жыл, бокс-Ташкент
7. Осмоналиев М. 2001-2002-жылдар, дзю-до-Бишкек
8. Осмоналиев М. 2003-жыл, дзю-до-Оренбург



***3-жыл удаасы менен Каракол шаарынын чемпиону болгон футбол командабыз.***



***Окуучулардын спорттук жетишкендиктери боюнча алган сыйлыктары.***



***Аскарбек уулу Кубаныч - бокс боюнча Кыргызстандын чемпиону.***



***ШАКИТОВ Нурсултан - тогуз коргоол боюнча областтын чемпиону.***



*НУРБЕКОВ Нурсултан*



*НУРБЕКОВ Бексултан*

**футбол боюнча Ысык-Көл областынын чемпиондору, курама команданын мүчөлөрү.**



**ЖЕКШЕЕВ Самат - бокс боюнча курама команданын мүчөсү.**



**Кубанычбек уулу Нурдөөлөт - Ысык-Көл областынын футбол боюнча курама команданын мүчөсү.**



**САМЫЙБЕКОВ Назар - грек-рим күрөшү боюнча республиканын чемпиону, спорттун чеберине талапкер.**

# МУГАЛИМДЕРДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШТЕРИ

**З.Сулайманова,**
**кыргыз тили жана адабияты мугалими**

## РИТОРИКА САБАГЫ ЧЕЧЕНДИК ӨНӨРГӨ БАГЫТ



1991-1992-окуу жылында мектеп-лицейдин онунчу классынын окуу программасына алгачкы жолу риторика сабагы киргизилген. Бул- кыргыз тилин, адабиятын дурустап, тереңдетип өздөштүрүү үчүн окуучуларга жаңы мүмкүнчүлүк ачып берүүчү дарс.

Демек, негизги предметке карата алардын кызыгуусун арттырууда да олуттуу ролду ойноп, сабакта алган билимин турмуш менен байланыштыра алуусуна өбөлгө болот.

Риторика- чечендик өнөр жөнүндөгү илим. Байыркы гректердин «ритор»-«чечен» деген сөзүнөн келип чыккан. Бирок чечендик өнөр ар бир тилде, ар бир элде, алардын оозеки жана жазма адабиятында, андан тышкары күндөлүк тиричиликте, турмуш жагдайларында жолугат. Алыс барбай эле өзүбүздүн кыргыз адабиятыбыздын мисалдарына токтолсок жетиштүү. Элдик оозеки чыгармачылыктын жанрлары: дастандарда, жомоктордо, уламыштарда, макал-ылакаптарда, табышмактарда, жаңылмачтарда кездешет. Ал тургай тамаша-азилдерде, оозеки айтыштарда чечендиктин мисалдары көп. «Кылыч-эттен өтөт, сөз чучуктан өтөт» деген накыл кептин пайда болушу дал ушул чечендикке берилген.

Чечендик өнөр- жазуучуларга, акындарга, драматургдарга да таандык биринчи касиет. Сөздөрү куюлушуп уккулуктуу болбосо, адамдын акыл-эсине таасир бере албаса-анын эмнеси жазуучулук өнөр? Ошондой эле ар бир манасчы, санжырачы, дастанчы, жомокчу чечендик өнөрү аркылуу элден «алтын шилекей» же

болбосо «тилинен бал тамган» деген сыяктуу жогорку баага ээ болушкан.

Риторика сабагын өтүүгө даярданууда мугалим жогоруда кыскача айтылып өткөндөрдү жалпылаштырып, топтоп алып, ага ылайыктуу маалыматтарды издеп таап, аларды конкреттештирип тактап, ылайыктап, бөлүштүрүп алуусу керек. Антпесе, азырынча риторика боюнча кыргыз тилинде атайын окуу китеби жок. Бул темага кайрылган илимпоздор да аз. Жалгыз гана С. Закиров чечендик өнөргө аздыр-көптүр эмгектерин арнап жүргөндөй.

Ошого карабастан бул сабакты кызыктуу, таасирдүү, жагымдуу, өтүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Көп толуп жаткан мисалдарды, дилилдерди жана башка маалыматтарды таап, топтоштуруп, ылайыктап алуу ар бир мугалимдин колунан келе турган иш.

**Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицейинин 1991-1992-окуу жылынын 10-класстары үчүн иштелип чыккан**

## РИТОРИКА САБАГЫН ОКУТУУ ПРОГРАММАСЫ

| № | Өтүлүүчү сабактардын темасы | Сааты | Пайдалануучу адабияттар |
|---|---|---|---|
| | **I-чейрек 9 саат** | | |
| 1 | Риторика жөнүндө түшүнүк, риториканын максаттары, милдеттери, мазмуну. | 1 | (1) |
| 2 | Чечендик сөздөр кыргыздын оозеки чыгармаларында. Кириш бөлүм. | 1 | (2) 196-199<br>(3) 134-137 |
| 3 | Эпостордогу, жомоктордогу, уламыштардагы, дастандардагы чечендик сөздөр (таамай сөздөр). | 2 | (3) 142-144<br>(2) 199-203 |
| 4 | Макал-лакаптардагы, табышмак, жаңылмачтардагы, санжыралардагы чечендик сөздөр. | 1 | (2) 171-179 |
| 5 | «Акыл чечендер» жана «тил чечендер», айтыштар. | 1 | (3) 144-146<br>(2) 203-206 |
| 6 | Куудулдардын чечендиги, юмор, сатира, какшык, жанытма, кыйытма. | 1 | (1) 206-212<br>(3) 146-149 |
| 7 | Чечен сөздөрдүн коомдук, үй-бүлөлүк кубулушка таасири. | 1 | (3) 150-155 |
| 8 | Чейректик кайталоо | 1 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **II-чейрек 7 саат** | | |
| 1 | Чечен сөздөр кошоктордо: а) кыз узатканда; б) өтө жакыны каза болгондо. | 1 | (1) 125-130 |
| 2 | Байыркы доордогу чечендик өнөр риториканын негиз салуучусу М.Т. Цицерондун өмүрү, чыгармачылыгы | 1 | (4) 246-261 |
| 3 | XX кылымдагы чечендик өнөр, АКШнын окумуштуусу Д. Карнегинин өмүрү, чыгармачылыгы | 2 | (5) 1бөл. 16-31 |
| 4 | Эл арасында чыгып сүйлөөгө кандай даярдануу керек? | 1 | (5) II-бөл. 16-31 |
| 5 | Өзүңө-өзүң ишенимдүү жана кайратуу бол. | 1 | (5) 31-40 |
| 6 | Чейректик кайталоо | 1 | |
| | **III-чейрек 11саат.** | | |
| 1 | Белгилүү чечендер эл арасында чыгып сүйлөгөнгө кандай даярданышкан? | 2 | (5) III бөл. 40-68 |
| 2 | Ишенимдүү болуу үчүн даярдыктын зарылдыгы. | 1 | IV-бөл. 69-87 |
| 3 | Эске тутууну кантип өнүктүрүү керек? | 1 | IV-бөл. 69-87 |
| 4 | Көпчүлүк алдына чыгып сүйлөөдө ийгиликке жетишүүнүн эң башкы тасмиялары (мүмкүнчүлүктөрү) | 2 | (5) V-бөл.87-97 |
| 5 | Эл алдында чыгып сүйлөөнүн маңызы жана сүйлөгөн адамдын касиет-касирети. | 2 | VI-бөл. 114-133 |
| 6 | Кепти кандайча баштоо керек? | 1 | VII-бөл.133-151 |
| 7 | Кайталоо (Диспут) | 1 | |
| 8 | Чейректик кайталоо | 1 | |
| | **IV- чейрек 8саат** | | |
| 1 | Кепти кантип бүтүрүү керек? | 1 | (5) VIII-бөл. 151-167 |
| 2 | Кептин маңызы түшүнүктүү болушу үчүн эмне иштей алабыз? | 1 | (5) IX-бөл. 167-184 |
| 3 | Маңдайындагы олтурган адамдарды б.а. угуучуларды кантип, эмнеге кызыктыруу керек? | 2 | X-бөл. 184-200 |
| 4 | Рефераттарды, таяныч конспектилерди карап, талдоо жүргүзүү (практикалык иштерди жүргүзүү) | 2 | |
| 5 | Чейректик кайталоо | 2 | |

**Колдонулган адабияттар:**

Кыргыз Совет энциклопедиясы V том. Фрунзе. *«Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки» Фрунзе 1973-ж.* «Ала-Тоо» 1986 ж. №6. *Античная литература. (под общей редакцией проф. А.А. Таха-Годи. 1963г. Москва).* Дейл Карнеги «Как вырабатывать уверенность к себе и влиять на людей, выступая публично». «Как перестать беспокоиться и начать жить».



# Физиканы окуп-үйрөнүүдө талanttуу балдар менен иштөө ыкмасы

**С. Ишенбаев,**
**физика мугалими**

Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет болуп бөлүнгөндөн кийин, азыркы базар экономикасынын шартында келечекте жаңы техника менен технологияны башкара турган адистер талап кылынары шексиз. Мындай адистер жеке эле билимдүү болбостон, стандарттык эмес ойлонуусу, чыгармачылык менен иштөөсү керек. Ошондуктан азыркы учурда мектептерде талanttуу балдар менен иштөө алдыңкы планга коюлуп жатат. Бул жагынан Каракол шаарындагы Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде бир топ тажрыйба топтолууда. Ал жерде бир нече предметтер менен катар физика жана математика сабактары тереңдетилип окутулган класстар бар.

1992-1993-окуу жылында 18 окуучу физика математиканы тереңдетип окутуучу классты алгачкы жолу бүтүрүп чыгышты. Алар лицейде окуган 2 жыл ичинде мектеп окуучуларынын областтык олимпиадаларында физика-математика боюнча байгелүү орундарды колдон чыгарышкан жок. Имаш кызы Мээрим республикалык олимпиадада 1-орунду ээлеп, КМУнун физика факультетине экзаменсиз кабыл алынып, ийгиликтүү окуп жатат.

Мектеп-лицейдин физика-математика классын биринчи бүтүрүп чыгышкан 18 окуучунун үчөө күмүш медаль менен сыйланышты. Азыркы учурда алардын үчөө физика, экөө математика-экономика, төртөө прикладдык математика адистиктери боюнча, төртөө техникалык университетте окуп, билим алышууда. Султан уулу Уландын эки жогорку окуу жайына (КМУ, КТУ) өтүшү кимди болсо да кубандырбай койбойт.

Төмөндө биз физика сабагын окутууда талanttуу балдар менен иштөөнүн айрым өзгөчөлүктөрүнө токтолмокпуз.

багыт беребиз. Бул максатта кошумча сабактарды уюштуруп турабыз.

Теориялык материалды анализдөө жана сабактын практикалык багытын жогорулатуу максатында физикалык маселелерди чыгарууга өзгөчө көңүл бурабыз. Окуучулар өз алдынча стандарттуу маселелерди чыгаруунун алгоритмин түзүүнү үйрөнүштү. Ал эми стандарттуу эмес маселелерди чыгаруу үчүн семинар сабактарды уюштурабыз, мындай сабактарга окуучулар 1-2 жума даярданышып, өз алдынча чыгара албаган маселелер талкууланат.

Областтык жана республикалык олимпиадаларга даярдык көрүү-биздин ишибиздин эң маанилүү бөлүгү. Олимпиадаларга класстагы бардык окуучулар катышууга аракеттенишет жана алардын чыгармачылык менен стандарттуу эмес ойлоосун өстүрүүгө түрткү болот. Олимпиадаларга даярдануу учурунда ар кандай «олимпиадалык» жыйынтыктардан стандарттуу эмес маселелерди талкуулап чыгарабыз.

Таланттуу балдардын мүмкүнчүлүктөрүн толугураак ачуу максатында класста илимий-практикалык мини-конференциялар уюштурулуп, анда окуучулар өздөрү жазган рефераттарын коргошот. Түзгөн баш катырмаларын чечишет, лотолорун ойнотушуп, айрым маселелердин оригиналдуу чыгарылышын талкуулашат.

Жалпы мектептердей эле физика-математиканы тереңдетип окутулуучу класстарда лабораториялык иштер өткөрүлөт, эң негизги айырмачылык лабораториялык иштерди аткаруу учурунда окуучуларга максимум өз алдынчалык берилет. Айрым окуучулар эксперименталдык маселелерди чыгарууга үйрөнүшөт.

Башка мектептерден айырмаланып, окуучулардын билим деңгээлин текшерүүнүн түрдүү жолдорун колдонобуз. Өз алдынча чыгаруу үчүн айына 30-40 зачеттук маселелер берилет, ар бир теманы аяктагандан кийин компьютердик тестирлөө, жазуу жүзүндөгү текшерүү иш жана мини зачет өткөрүлөт.

Билим лицейинин бүтүрүү экзаменде окуучулар физикалык компьютердик тесттен өтүштү. Тестке ар бири 60 суроодон 3

вариант түзүлүп, физика курсунун негизги материалдары камтылды. Лицейде окуган мезгилде балдар физикадан чыныгы жана туруктуу билимдерге ээ болушкандыктарын убакыт көрсөттү.

## «МАНАС» ЭПОСУ ФИЗИКА САБАГЫНДА

***А. Турусбекова, физика мугалими***



«Манас» эпосунун – 1000 - жылдыгы белгиленип, анын теңдешсиз улуу энциклопедиялык чыгарма боло тургандыгы дагы бир жолу дастыкталды. Чыгарма кыргыз элинин эркиндикке, ынтымакка, биримдикке, эркиндикке умтулуусун чагылдырат.

Дастанда бүткүл адамзаттык жакшы жана жаман, үмүт жана тилек түшүнүктөрү, инсанга, коомго жаратылышка жана ааламга карата философиялык көз караштар жуурулушкан. Анда география, медицина, экология, экономика боюнча маалыматтар камтылган. Баатырлар, чоролор минген тулпарлар, алардын ар биринин курал-жарактары, жоокер кийимдери сүрөттөлөт. Тарыхка салыштырып карасак, ошол кезде эле кыргыздар темир эритип, андан ар түрдүү курал шаймандарды жасаган. Комуз өтө чоң мааниге ээ болгон. Кыргыздар айбалта, кылыч чапканга, найза сайганга, мылтык атканга, жаа тартканга да өтө устат болушкан.

«Манас» - кыргыз элинин рухий маданияты. Анда элдин дүйнө, коом жөнүндөгү түшүнүгү, таанып – билүүсү чагылдырылат, нравалык принциптери, эстетикалык аң-сезими маалымдалат, билим-илим жөнүндө кабар берилет.

«Манас» эпосу – элдик педагогиканын соолбос булагы. Ошондуктан, ар бир педагогдун бүгүнкү милдети-улутубуздун негизги идеологиясы болуп калган «Манас» эпосундагы асыл ойлорду изилдеп, маңызын терең түшүнүү менен, окуу-тарбия процессинде кеңири колдонуу.

Төмөндө биз физика сабагын окутууда «Манас» эпосунун материалдарын колдонуунун айрым мисалдарын сунуш кылабыз.

**1. Металл куймаларынын касиеттери, катуу телолордогу деформация, күндүн энергиясы өтүүдө**

Алтын менен күмүштүн,
Широөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен Жериңдин,
Тироөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара Жер,
Жердигинен түткөндөй.

**2. Оордук күчү, салмак**

Он бештеги баладай,
Көтөргөндө салмагы.

**3. Боз үйдүн сүрөттөлүшү, статистиканын элементтери**

Торум кыздын ак сарай,
Салтанаты бир далай.
Кереге, уук сырдалуу,
Чийи жибек чырмалуу.
Аземдүү бою тактырган,
Ак манат менен жаптырган.

**4. Бир калыпта ылдамдатылган кыймыл, горизонтко бурч боюнча ыргытылган телонун кыймылы, катуу заттардагы деформация.**

Мылтыктын баары октолду,
Милтенин баары чоктолду.
Мылтык атаар, жаа тартаар,
Мыктынын баары топтолду.
Күркүрөп огу жеткени.
Аткан жерден Аккелте,
Серпилтип сегиз аярдын,
Башын жулуп кеткени.
Ачууланып эр Манас,
Бир чүкөнү черткени.
Чыркырап чүкө кеткени.
Чүкө ыргыды чыркырап,

Эсенкандын эки пар,
Чүкө тийген жилиги,
Талкан болду быркырап.

**5. Бул жерде жаан-чачындын пайда болушу, суюктуктар менен газдардын өз ара өтүүлөрү көркөм сүрөттөлүп жатат, ошондуктан, окуучуларда эч кандай диний көз караштар пайда болбош керек. Кубулуштар физиканын законлорунун негизинде түшүндүрүлүшү керек**

Өзү жайчы кан Жолой,
Токойго кирип барганы.
Күн жаадырчу жай ташты,
Көтөрүп сууга салганы.
Астынан булут табылды,
Жер үстүндө көгөрүп,
Жөө туман түшүп жабылды.
Туш-тушунан зыркырап,
Муздак шамал урду эле,
Тоо башында дүпүйүп,
Кара булут турду эле.
Булут учуп бурулуп,
Асмандан алты-сай мөндүр куюлуп,
Тоо-тоонун башы жабылды.

**6.Статистиканын элементтери, катуу заттардын деформациясы**

Эл эригип алар деп,
Сегиз күндө ат келет,
Зеригип жатып калар деп,
Бекерге кантип жатсын деп,
Белсенип жамбы атсын деп,
Каркыранын карагай,
Кыскасына карабай,
Узунунан кыйкырды.
Устунду бир миң жыйдырды.
Түбүнө түркүк буратып,
Алты жүзүн асманга,
Чыгарып ийди улатып.

### 7. Телонун ылдамдыгы, кыймылдын салыштырмалуулугу

Эпсиз күлүк Актулпар,
Ал да күлүк мал экен,
Эңкейишке киргенде,
Тайтору озот моюнча.
Тал жибектей куйрукту,
Чаткы аякка чапкылап.
Келе жатат Тайтору,
Учкан куш менен жарышып.
Эликтей чуркап Чалкуйрук,
Эңкейиш жерде өтүптүр,
Өйдө жерде Ачбуудан,
Өкүм күлүк союлгур,
Астына чыгып кетиптир.
Ал экөөнүн артынан,
Эти кызып, бою ысып,
Эми кула ат жетиптир.
Бакайы жерге малынып,
Маралдай төшү салынып.
Атын көрүп эр Манас,
Алдасына жалынып.

### 8. Инерция, телонун ылдамдыгы

Аңдабай мурда калыптыр,
Кырк төрт кытай жабылып,
Бош болгону Коңтөрө.
Аккуланы жыгууга,
Аракет кылып калыптыр.
Эки жайсаң чаптырып,
Туура тосуп салыптыр.
Арстандын аты Аккула,
Абыдан кызып калыптыр.
Арышын керип салыптыр.
Жолдогу эки устундан,
Аттап өтүп алыптыр.
Алгара менен чуркатып,
Коңурбай жөнөп калыптыр.

**9. Инерция**

Жалгыз жолго түшкөндө,
Арам өлгөн Көкчебич.
Мүдүрүлүп болот туулга,
Учуп түшүп кеткени.
Жоого уруучу добулбас,
Үнүн уксаң оолак кач.
Доол кагар шаң жыгач,
Толгоп колуна алганы.
Алтын курбу доолду,
Даң дедире салганы.
Доол катуу кагылды,
Ордодогу кырк баатыр,
Бири калбай таптакыр,
Кошту көздөй жабылды.

**10. Үн кубулуштары, үн бийиктиги**

Ал күнү анда жатканда,
Эртеңки таң атканда,
Керней-сурнай тартканда,
Керней үнү бакылдап,
Сурнай үнү такылдап,
Чылмардан согуп шакылдап,
Кулак тунган көп чуусу,
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү кылкылдап.

**11. Жарыктын спектри, жарыктын чагылуу кубулушу**

Найза таккан желеги,
Алтымыш түрдүү кубулган.
Сарысы бар, көгү бар,
Жаалданган капырда,
Салтанаттын көбү бар.

Ушул чакан материалда «Манас» эпосунун идеяларын окуу-тарбия процессинде колдонуунун айрым учурларынан гана сунуш кылдык. Эпостун материалдарын окуп-үйрөнүү ушуну менен эле чектелип калбайт, ага ар бир педагог чыгармачылык мамиле жасоого тийиш.

Биздин өнүгө турган айкын жолубуз «Манас» эпосунан келип чыккан Жети осуят. Ал биздин келечектеги өнүгүүбүздүн стратегиясы. Биз «Манастан» чоң сабак алдык. Жолубузду таптык. Эми ошолорду негиз катары бекемдешибиз керек.

Эң негизгиси- эпостун өзүндө айтылгандай:

Отун болбой от болбос,
Мылтык болбой ок болбос.
Бел байланбай мээнетке,
Пендеге дөөлөт токтолбос.

## ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ФЕОДАЛДЫК УРУУЛУК ЧАБЫШТАР. ОРМОН, БОРОМБАЙ.

**КАНИМЕТОВА Рыскүл - тарых мугалими**



**Максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:** Окуучуларды Түндүк Кыргызстандагы уруулар аралык чыр-чатактар, алардын кыргыздардын коомдук өнүгүүсүнө тийгизген таасири жөнүндөгү билимдерге ээ болууга багыттоо.

***Тарбия берүүчүлүк:***

Окуучуларды тарыхый көрүнүштөр менен таанышуусу, жеке көз караштарынын туура калыптанышына көмөктөшүү. Кыргыз элинин тарыхына болгон кызыгууларын арттыруу.

***Өнүктүрүүчүлүк:***

Окуучулардын чыгармачылык ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, өз-ара баалоого пайдубал түзүү.

**Сабактын милдеттери:**

Уруулар ортосундагы чыр-чатактардын кыргыз элинин өсүп өнүгүүсүнө тышкы душмандардын бул аймактарда жүргүзө турган саясатына тийгизген таасирин талдай алышат.

Уруу башчылары Ормон, Боронбай, Ныязбек, Медет даткалардын өз ара мамилесине мүнөздөмө бере алышат. Ормондун кан которулушу жөнүндөгү маалыматтарга ээ болуу менен талдай алышат.

Боромбай, Ормондун ортосундагы мамиленин курчушу Бугу уруусунун Орусия букарлыгын кабыл алууга алып келүүгө карата негизги себеп болгонун түшүнөт.

«Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдик» гана кыргыз элинин өнүгүшүнө алып келээрине ынанышат. Окуучулардын логикалык жана сынчыл ой жүгүртүүсү өнүгөт.

***Колдонулган адабияттар:***

*Т. Омурбеков, Т. Чоротегин, «Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы». 1992-ж.*

*Э. Турсунов, «Боромбай» тарыхый романы. 2004-ж.*

*О. Ж. Осмонов, «Кыргыз тарыхы. Энциклопедия». 2002-ж.*

*«Боромбай Меңмурат уулунун XIX к. коомдук саясий ишмерлиги» илимий колдонмосу. ЫМУ-Каракол-2004 ж.*

**Сабактын жабдылышы:** Окуу китеби, тарыхый инсандар - Боромбай, Ормон, Медет даткалардын сүрөттөрү. Ватман, маркерлер.

**Сабактын тиби:** Жаңы сабак.

**Сабактын усулу:** Интерактивдүү «Б Б.к.Б». стратегиясы.

**Баалоо усулу:** Өз ара баалоо.

*Сабактын жүрүшү:*

**I. Чакыруу баскычы:** Сабактын темасын окуучуларга билдирип, аларга төмөндөгүдөй кайрылдым:

- Кана балдар, Түндүк Кыргызстандагы уруулар ортосундагы чабыштар жөнүндө эмнени билесиңер?

Ишти төмөндөгүдөй уюштурдум:

- Ар бириңер билгениңер жөнүндө өз алдыңарча жазгыла, билбесеңер эмнени билгиңер келсе ошого карата суроо түзгүлө. ( 2 мин.)
- Жазганыңар боюнча түгөйүңөр менен ой бөлүшкүлө. (1мин).

- Ар бир түгөйдөн бирден ойду ватманга тизмектеп, жаздым. (2 мин.)

Бугу, сарыбагыш, солто, саяк
Чыр чатактар, малдарын тартып алуу
Жайыттарды талашуу
Орусия менен мамиле түзүү
Жоокерчилик заман R
Жайыт талашкан R
Жылкыларына тийген R
Кыз-келиндерди, уулдарын кул-күн кылышкан R
Сарбагыш-Бугу чатагы болгон R
Кокондуктар оңой басып алган R
Тышкы душмандар үчүн шарт түзүшкөн R
Ормон хан-түндүк кыргыздардын ханы R
Боронбай бий R
Балбай баатыр -
Казактар менен мамилеси

**II.** Жазылган ойлорду категорияларга окуучулар менен бирге бөлдүк.

***1-категория:*** Түндүк Кыргызстандагы уруулар.

***2-категория:*** Уруулар аралык чыр-чатактардын себеби, мезгили.

***3-категория:*** Ормондун хан көтөрүлүшү. Өз алдынча мамлекет түзүү аракети.

***4-категория:*** Бугу уруусунун Орусия букарлыгына өтүшү.

**III.** Таблица чийилет: «Б.Б.к.Б» стратегиясын ишке ашыруучу таблица даярдалды.

**IV.** Таблицанын «Билем» бөлүгү категориялар менен толтурулду.

**V.** Ар бир категория боюнча пайда болгон суроолор «Билгим келет» бөлүгүнө жазылды.

**VI.** Түшүнүү баскычы: Окуучуларга текстти таратып, окуп чыгууга 15 мин. убакыт бердим. Окуучулар колдоруна карандаш

алып, ( R, +, -, ?) белгилерин коюп, б. а. маркировкалоо менен окушту. «Билгим келет» графасында түзүлгөн суроолорго да жооп издеп окушту. Жооптор ар бир суроонун тушуна - «Билдим» графасына жазылды. Текстти окууда пайда болгон суроолорду да таблицанын «Билгим келет» графасына жазышты.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| 1. Түндүк Кыргызстан-дагы уруу-лар. | Сарбагыш, бугу, саяк, солтодон башка дагы кандай уруулар болгон?<br>Кайсыл манаптар башкарган? | Саруу, кушчу, черик, азык уруулары болгон.<br>Жантай, Ормон, Боронбай, Байтик, Жангарач, Маймыл, Тынаалы, Медет датка, Жанболот бий ж.б. |
| 2. Уруулар аралык чатактардын себеби, мезгили. | Кайсы уруулардын ортосунда чатактар болгон?<br>Качан болгон? | Коңшу уруулардын жылкысы-на тийүү, малын айдап кетүү, барымтага алуу, туткун менен олжого байуу, жер, жайыт талашуу.<br>Солто-сарбагыш чатагы-1820-ж.<br>Сарбагыш-саяк-1830-ж.<br>Бугу-саяк-1830-ж.<br>Бугу-сарбагыш чатагы 1850-жылдарда башталган. |
| 3. Ормондун хан көтөрүлүшү, өз алдынча мамлекет түзүү аракети. | Ормонду бардык уруу башчылары хан болушун каалашкан-бы? | 1840-жылы Орто-Токойго жакын жерде атайын жыйында хан көтөрүлгөн, аны ага тең ата болгон уруулар колдогон эмес. (Бугу уруусу өз алдынча болууну каалаган).<br>Ормонго анын бирдиктүү бийлигине караганда өзүнчө болууну каалаган ак сөөктөр менен чатакташууга туура келген. Ормондун хандыкка көтөрүлүшү коңшу өлкөлөр Кытай, Кокон хандыгы, улам жакындап келе жаткан Россиянын кысымына туура келген. |

| | | |
|---|---|---|
| 4. Бугу уруусунун Орусия букарлыгына өтүшү. | Бугу уруусу Орусияга кошулбай койсо эмне болот эле?<br><br>Балбай баатырды Ормон өлгөндөн кийин жазалашты беле?<br><br>Бугу уруусунун казактар менен мамилеси кандай эле? | Кокон хандыгынын ээзүүсүндө кала бермек. Уруулар ортосундагы чатак тереңдей бермек. Кытайлыктар менен мамилеси курчумак.<br>Ормонго бугулардын өз алдынча орустар менен жакындашуусу, Боронбай манаптын тең ата болушу жаккан эмес. Ал өз бийлигин бекемдеш үчүн 1854-жылы Бугу уруусуна кол салган, ошол кармашта, оор жараттан көз жумган. Ормондун кунун куугаи Үмөтаалы менен Төрөгелди бугуларга кайра-кайра жортуул уюштуруп, Каркыра, Текеске чегинүүгө аргасыз кылган.<br>Боронбай калканыч издеп Кытай, Орусияга кайрылган. Бугулар Орусияга кошулгандан кийин гана уруулар аралык чатактар токтолгон. |

**VII.** Ойлонуу баскычы.

Түгөйлөрү менен иштөө уюштурулду. Таблицанын толтурулушу боюнча бири-бири менен талкуу жүргүзүштү.

**VIII.**Группада талкуулоо.

1. Категорияда түзгөн суроолордон сырткары дагы эмне билгендерин окуучулардан сурадым, жообун «Билдим» графасына жаздырдым.

2. Категориялардагы суроолорго кайрылып, тексттен жоопторун табышты, мындан сырткары эмне билишкенин, дагы кандай суроолор пайда болгонун айтышты, таблицанын «Билдим» графасына толуктап жазышты.

3. Таблица менен иштеп бүткөндөн кийин теманын башында айтылган окуучулардын ойлоруна кайрылып, (R), белгисин коюп, тактап чыктык.

**IX.** Окуучуларды 3 топко бөлдүм. Ар бир топ «Уруулар чатагы» деген сөзгө синквейн түзүштү.

**X.** Синквейндерин окуп, ар бир сапка түшүндүрмө беришти.

**XI.** Баалоо: Группалар бири-бирин баалоодо төмөндөгү критерийлерди жетекчиликке алышты.

**Баалоо критерийлери:**

1.Окуучулардын уруулар аралык чыр-чатактардын себебин, кесепетин түшүнүп, айтып бере алуусу.

2.Уруу башчылары жана алардын ортосундагы мамилеге мүнөздөмө бере алуусу.

3. Активдүүлүгү.

4. Бири-бирин уга билүүсү.

**XII** Үйгө тапшырма төмөндөгүдөй берилди: «Билгим келет» графасындагы жоопсуз калган суроолорго жооп издеп таап келүү. Төмөндөгү адабияттар көрсөтүлдү:


1. ***Т. Өмүрбеков, Т. Чоротегин, «Түндүк Кыргызстандын Орусияга каратылышы». 1992-ж.***
2. ***Э. Турсунов, «Боромбай» тарыхый романы. 2004-ж.***
3. ***О. Ж. Осмонов, «Кыргыз тарыхы. Энциклопедия». 2002-ж.***
4. ***«Боромбай Менмурат уулунун XIX к. коомдук саясий ишмердиги» илимий колдонмосу. ЫМУ-Каракол-2004-ж.***

# «ЭР ТАБЫЛДЫ» ЭПОСУ
## (А. Тыныбековдун варианты боюнча).

**БИЛАЛОВА Кыял -**
**кыргыз тили жана адабияты мугалими**



**Сабактын тиби:** Жаңы маалыматтарды өздөштүрүү сабагы.

**Окутуунун методу**: Интерактивдүү метод. «Чаташкан логикалык ойлор», «Эки бөлүктүү күндөлүк» стратегиялар.

**Сабактын максаттары:**

**Билим берүүчүлүк:**

Окуучулардын эпос тууралуу түшүнүктөрүн калыптандыруу. Окууучулардын «Эр Табылды эпосунун» негизги идеясы, мазмуну менен таанышуусу.

**Тарбия берүүчүлүк;**

Окуучулардын элдик жана көркөм адабий чыгармаларга болгон кызыгуусун арттыруу менен, аларды эр жүрөктүүлүккө, өз Ата-Мекенин сүйүүгө, аны көздүн карегиндей сактооого, намыстуу болууга, ынтымактуу жашоого, кайраттуу, чечкиндүү болууга багыттоо.

**Өнүктүрүүчүлүк:**

Окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү. Өз алдынча жана кичи топто иштөө жөндөмдүүлүктөргө ээ болууга багыттоо. Элдик чыгарманын баалуулугуна ынандыруу.

**Сабактын жүрүшү:**

1. Үй тапшырманы текшерүү.
2. Жаңы маалыматтарды интерактивдүү формада окуучулардын өздөштүрүүсүн камсыз кылуу.
3. Баалоо.

I. Сабактын башында эпос тууралуу маалымат бердим. «Акыл чабуулду» пайдалануу менен окуучуларга төмөндөгүдөй кайрылдым.

-Бүгүн биз «Эр Табылды» эпосу тууралуу сөз кылабыз, ал үчүн ишти төмөндөгүдөй уюштурабыз.

а) «Эр Табылды» эпосу жөнүндө эмне билесиңер же билем деп ойлойсуңар, ар бириңер өз алдыңарча жазгыла ( бир минута убакыт берилди).

б) Жазып бүтсөңөр кошунаңар менен иштегиле, өзүңөрдүн жазганыңарды бири-бириңерге окуп бергиле (бир минута убакыт берилди).

в) Ар бир жуптан бирден ой ватманга жазылды, алар:

- жоокер,
- аскер башчы,
- баатыр,
- жетекчи,
- элдин уулу,
- Кудайназардын бир тууганы.ж.б.

**II.** Доскага тексттин ар кайсы жеринен алынган төрт маалымат илинди, алар хронологиялык ирети менен жайгаштыруу үчүн даярдалган.

1) Ормон хан баласыз өтүп кетти.

2) Болжол менен андагы окуялар 15-18-кылымдардын ичинде калмактардын (тарыхта жунгарлар деп да айтылат) басып кирүү мезгилинде жаралган.

3) Табылды 14 жашка чыкканда атасынын казынасын ачып, жоо жарагын алат.

4) Кудайназардын жаман адаттарын койдура албай, атасы эл-жеринен кууп жиберет.

**III.** Балдар, ар кимибиз өз алдыбызча иштейбиз. Доскадагы төрт маалыматтын хронологиялык ирээтин түзгүлө, дептериңерге жазгыла. Хронологияны түзүп болсоңор жупта ой бөлүшкүлө.

Ар бир кичи топ өз вариантын презентациялады.

**Биринчи кичи топтун варианты:**

4. Кудайназардын жаман адаттарын койдура албай, атасы эл-жерден кууп жиберет.

1. Ормон хан баласыз өтүп кетти.

3. Табылды 14 жашка чыкканда атасынын казынасын ачып, жоо жарагын алат

2. Болжол менен андагы окуялар 15-18-кылымдын ичинде калмактардын (тарыхта жунгарлар деп да айтылат) басып кирүү мезгилинде жаралган.

**Экинчи кичи топтун варианты:**

2. Болжол менен андагы окуялар 15-18-кылымдын ичинде калмактардын (тарыхта жунгарлар деп да айтылат) басып кирүү мезгилинде жаралган.

4. Кудайназардын жаман адаттарын койдура албай, атасы эл-жеринен кууп жиберет.

3. Табылды 14 жашка чыкканда атасынын казынасын ачып, жоо жарагын алат,

1. Ормон хан баласыз өтүп кетти.

Кызуу талкуу жүргүзүү менен, ар бир кичи топ өз пикиринде калды. Маалыматты тактоо максатында сабак уланды.

Текст таратылат

**Эр Табылды.**

**Эр жигит-эл четинде жоо бетинде.**

Элибиздин тарыхы узак кылымдар бою эркиндик үчүн күрөштүн тарыхы болду. Калк чачылды, чабылды, жер которуп, коңуш оодарды, бүлүнүп, талоондо калды, айра оңолуп, эл ичинен эрлер, арстан жүрөк шерлер чыгып, чачылганды жыйнап, бөлүнгөндү чогултту. Күрөш, жеңиш жана жеңилиш. Кайгы-азап, ый-муң менен коштолуп келген. Эл турмушу элдик оозеки чыгармаларына өтүп, ыр, дастанга айланып, күү болуп чертилип, жомок, табышмак, макал-ылакап болуп төгүлүп, кылымдарды карытып жашап отурду.

«Эр Табылды»-дал ошол эле эл башына күн түшкөн узак тарыхтын бир көз ирмемин, бир үзүмүн чагылдырган эпос. Болжол менен андагы окуялар XV-XVIII кылымдардын ичинде калмактардын (тарыхта калмактар жунгарлар деп да айтылат) басып кирүү мезгилинде жаралган. Эгер, өткөн эле жылы силер окуган «Эр Табылды» эпосу элдин байыркы түшүнүгүн, тээ өтө алыс мезгилиндеги дүйнөгө көз караштарын чагылдырса, «Курманбек», «Жаңыл Мырза», «Жаныш-Байыш» дастандары жана ушул «Эр

Табылды» эпосу бизге бир кыйла жакыныраак мезгилди ичине камтыйт.

«Эр Табылды» эпосунда баскынчы калмактарды эл-жерден кууп, туулган жерди боштондукка чыгаруу үчүн ошол айыгышкан кармашта Эр Табылды баштаган, Элдияр, Эрмек жана кырк жигиттин теңдешсиз эрдиктери, ички душмандар Кудайназар, Алтыбайлардын «өрдөк жокто чулдук бийлик» кылып, хандык талашып, элди кыйын күнгө салганы тууралуу кызыктуу окуялар баяндалат.

Чыгармадагы кейипкерлердин өзүнүн инсандык сапаты жагынан да, баатырдык касиети боюнча да «жаагынан түк чыккан, жалындап көздөн от чыккан, бала жолборс өндөнгөн», «ак жолборстой чамынган», «шилтегени албарстай, ирмегени жолборстой эр Табылды» өзгөчө бөлүнүп турат.

Анын тагдырына кайдыгер карай албай, жеңишине кубанып, жеңилишине кейип-кайгырып отурабыз.

Экинчи тараптан анын элдешпес душманы «жоодон качып көрбөгөн, кишиге жолун бербеген», «Ак Дөө менен күрөшүп, алты күн удаа тирешип», акырында аны жыккан калмак ханы Чалкалмак көрүнөт. «Нар өлтүрсө пул бербей, эр өлтүрсө кун бербей», «куудай сакал агартып, кузгундай көзүн кызартып, куу байталын» чапкылап жүргөн ичтен чыккан кара ниет Кудайназардын кылыктарына жан ачыйт. Эпостогу сөз жан-дүйнөңөрдү байытып, өткөн доорлорго барат. Мурунку өткөн заманда катаган эли бар, Кара Тоо деген жери бар, алты миң үйлүү катагандын башында, Ат-Башы, Нарынды жердеген Ормокан деген өткөн. Омокандын Ормонкан, Эрменкан аттуу балдары болгон. Ормонкан менен Эрменкан баатыр чыгып, катаган элин жоодон сактап, эрдик менен эл багып, катылгандын катыгын берип турчу экен.

Ормонкан баласыз өтүп кетти. Эрменкандын мурунку калмак аялынан Кудайназар деген бир уулу бар эле. Ал чоңойуп бой тарткандан баштап куу-шум чыкты. Эр Табылдыны көрө албай душмандык кылган. (Текст андан ары улантылат, мугалим сабактын жүрүшүнө карата текстти ылайык түзөт).

**V.** Окуучуларга текстти окуп чыккандан кийин мурда түзүлгөн хронологияны оңдоону сунуштадым. Хронологиянын төмөндөгүдөй вариантынын тууралыгына ынанышат.

1. Болжол менен андагы окуялар 15-18-кылымдардын ичинде калмактардын (тарыхта жунгарлар деп да айтылат) басып кирүү мезгилинде жаралган.

2. Ормон хан баласыз өтүп кетти.

3. Кудайназардын жаман адаттарын койдура албай, атасы эл-жерден кууп жиберет.

4. Табылды 14 жашка чыкканда атасынын казынасын ачып, жоо жарагын алат.

**VI.**Таблицаны даярдадым жана тапшырма бердим.

Текстти окуп жатканда силердин оюнарды бөлгөн, суроо туудурган, өзгөчө жаккан үч цитатаны жазгыла. Ал цитаталар тексттин башынан, ортосунан жана аягы жагынан алынып, ага жараша кубаттоо, тан калуу, макул же макул эмес сезимдерди комментариялоо керек (текстти окууга жана коментарий жазууга 15минута убакыт берилди).

Ар бир кичи топ өз ишин презентациялайт. Бир кичи топтун иши төмөндөгүдөй болду:

| Цитата | Комментарий |
|---|---|
| Калк чачылды | Капысынан басып келген душманга каршы туралбай, чачылып, жер которуп, бүлүнүп, кайра оңолуп, эл ичинен эр азамат баатырлар чыгат. |
| Эл турмушу элдик оозеки чыгармага айланды. | Ал кезде эл сабатсыз болгондуктан, көргөн азап-тозогун, кубанычын, тагдырын ырга кошуп, дастан кылып, күү чертип, атадан балага оозеки түрүндө айтып келген. |

**VII.** Сабактын башында түзүлгөн тизмеге талдоо жана толуктоо жүргүзүлдү.

**VIII.** Окуучуларга кийинки тапшырма берилди.

Текстти окуганда Эр Табылды жөнүндө кандай ойлор жана

суроолор пайда болду? (оозеки жооп берүүнү сунуш кылдым).

**IX.** Азыр балдар, бүгүнкү өтүлгөн маалыматтардын негизинде каармандарга синквейн түзүп көргүлө. Бир кичи топтун иши:

**Эр Табылды**
**Эр жүрөк, ар намыстуу,**
**коргойт, жаны ачыйт, жараланат,**
**Ата Мекенин көзүнүн карегиндей сактайт,**
**Баатыр.**

Балдар менен түзүлгөн синквейн боюнча талдоо жүргүзүлдү. Эр Табылдынын инсандык сапаттары бүгүнкү күндө ар бир атуулга керек экендигине окуучулар ынанышты.

Үй тапшырма: «Эр Табылды» эпосун андан ары улантып окуп келүү, синквейинди улантып түзүүнү, эпостун жаккан жерлеринен үзүндү жаттоо жана баатырга байланыштуу макалдардан жаттап келүү.

**XI.** Баалоо: окуучулардын өз ара баалоолорун эске алуу менен, сабактын жүрүшүндө борттук журналга байкоолорду түшүрүп, өзүм да бааладым.

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНӨ 2200 ЖЫЛ

*Сагынтай кызы Кенжегүл-*
*тарых мугалими*



**Сабактын максаты:**

Элибиздин басып өткөн даңктуу жолу, каада-салты, үрп-адаты, чыгаан инсандары аркылуу окуучулардын рухий байлыгын өстүрүү, нравалуулукка тарбиялануууга багыттоо, эстетикалык табитин, атуулдук сезимин ойготууга карата окуу чөйрөсүн түзүү.

**Сабактын жабдылышы:**

Кыргызстандын саясий картасы.
Магнитофон.
Хронологиялык таблица (кыргыз элинин тарыхы боюнча)
Манастын жети осуяты.

Канцелярдык товарлар: Ватман, маркерлер, скотч.

**Колдонулган адабияттар:**
Ө.Ж.Осмонов, А.А.Асанканов. Кыргызстандын тарыхы. Б.2003-ж.
К.Жетимишбаев. Р. Масыракунов. Санжыра санаты.
«Кыргыз туусу» газеталары 1998-2003-ж.ж.

**Окутуунун методу:** Интерактивдүү метод.

**Сабактын жүрүшү:**

1. Манас эпосунан үзүндү угуу, мазмуну боюнча ойлорду билдирүү. Окуучулардын чыгармачыл иштерин талкуулоо.
2. Мамлекеттүүлүккө салым кошкон инсандар боюнча концептуалдык карта түзүү.
3. Манастын жети осуяты менен эл аралык гуманитардык укуктун принциптерин байланыштыруу.
4. Кичи топтордо иштөөнү уюштуруу.
5. Презентациялоо. Талдоо
6. Жыйынтыктоо. Үй тапшырма берүү. Баалоо.

**Чакыруу стадиясы:**

**I этап**: Сабак Манас эпосунан үзүндү угузуу менен башталды (магнитофондон).

Окуучулардан үзүндүдө эмне жөнүндө айтылганын, анын маанисин талдоо менен угуусун өтүндүм.

Ватманга окуучулардын ойлору жазылды.

Окуучулардын чыгармачыл, өз алдынча иштерин угуу жана талкуулоо.

К.Акматовдун Кыргыз мамлекеттүүлүгүнө карай чыгарган ыры окулат.

### ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК

Кыргыз эли жашап келген байыртадан,
Баатырлары сактап келген душмандардан.
Эркин эл, эркин жерде жашасын деп,
Жаралды эгемендүү Кыргызстан.
Кыргызды карасаң санжырадан,
Бөлүнүп чыккан экен түрк бабадан.
Эл болуп, калыптанып акырында,

Жетип элим эркиндикке,
Желбиреди көк асабасы жакында.
Карылары кадырман, апалары даанышман,
Жигиттер Мекен үчүн даяр турган.
Тайманбас, абийир туткан насили таза,
Кыргызым улуу эл байыртадан.

## МЕН КЫРГЫЗ ЭКЕНИМЕ СЫЙМЫКТАНАМ

Мен кыргызмын танбайм андан эч убак,
Сыймыктанам Ала-Тоодой тоо менен.
Бактылуумун жашайм бейиш жеринде,
Көп-көк болгон Ысык-Көлдүн жээгинде.


Бейиш жерим атам Манас жердеген,
Бакыт кушум бизди көздөй жиберген.
Андан башка улуу инсан адамдар,
Өттү канча Кусейиндей аталар.

Токтогул эң алпы акындардын баарынан,
Алыкулду айтпай анда кимди айтам.
Акын деген улуу наамдан ыйгарып,
Кыргыз эли сыймыктанат ар качан.

Жазуучулар кур калбады кыргыздан,
Сыймыктанып айта алам Чыңгызды.
Бул адамдар жаш кезинен үйүрчөк,
Мына эми болду бизде зор Адам.

Сыймыгым менин кыргызым.
Сени сүйүп, түбөлүккө өтөмүн.
Каада-салтка баш, от менен көнөмүн,
Кыргызым деп сыймыктанып жүрөмүн.

**II этап: Мамлекеттүүлүккө салым кошкон инсандар боюнча концептуалдык карта түзүү:**




**III этап: Манастын жети осуяты менен Эл аралык гуманитардык укуктун принциптерин байланыштыруу.**

Манастын жети осуяты менен ЭГУнун принциптери менен байланыш талкууланды.

**ЭГУнун принциптери:**

-Адамгерчилик

-Адилеттүүлүк

-Калыстык

-Көз каранды эместик

-Ыктыярдуулук
-Биримдик
-Бүткүл дүйнөлүк.

**IV этап: Түшүнүү стадиясы.**

Окуучулар жети кичи топко бөлүндү. Ар бир кичи топто кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшү, этаптар боюнча чыгармачылык менен долбоор (кат, эссе, сүрөт ж.б.) түзүүгө убакыт берилди.

1. Байыркы кыргыздардын мамлекеттүүлүгүнүн башаты б.з.ч. V к.к.
2. Кыргыздар түрк каганаттарынын курамында. VI-VIII к.к.
3. Улуу Кыргыз дөөлөтү IX-X к.к.
4. Караханиддер мамлекети XI-XII к.к.
5. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн күрөш. XVI-XIX к.к
6. Кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгүнүн Совет доорунда негизделип, өнүгүшү. 1924-1990-ж.ж.
7. Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн Декларациясынын кабыл алынышы. 1991-ж.

**V-этап: Ойлонуу стадиясы.**

Ар бир топтун презентациясын активдүү угуу менен, кызуу талкуулоо жүргүзүлдү.

**VI этап**: **Жыйынтыктоо:** Окуучуларга өз ойлорун эркин билдирүү максатында эссе жазууну сунуштадым (убакыт берилди). «Автордук креслону» пайдаланып, үч окуучунун эссесин угуп, окуучулар пикирлерин билдиришти.

**Сабактын аягы төмөндөгүдөй бүтүрүлдү:**

Кыр-кырларда, кайындардын бетинде,
Тамга жокпу, кыргыз балта чаппаган,
Ашууларда, жылгаларда, сайларда,
Кыргыз жокпу, кыргын таап жатпаган.

Кыргыз эли, канчалык азап чегип, бирде сүрүлгөн, бирде торолгон кыргыздын мамлекеттүүлүгүнө 2200-жыл болушу ар бир кыргыз үчүн сыймык, кубаныч экенине токтолуп, «Кылымдардан кылымдарга өнүгө бер, өсө бер, Кыргызстан!» деген лозунг илинди.

Көөнө тарыхтан көчмөн аталган кыргыз журту үчүн ата-тектен агылып, бабалардан керез, даанышман; аялдары ажарлуу, ак жаркын; жигиттери жигердүү, жоодон тайманбаган баатыр; келиндери келбеттүү, шайыр; кыздары кымбаттуу, сөздөрү жылуу экендигин окуучулардын жан дүйнөсүнө сиңирүү, мекенине, жерине, элине болгон сүйүүсүн арттыруу атуулдук парз экендигине ынандырууга бүт сабак бою аракет кылдым.

## АТА ТАРБИЯСЫ

***Узакбаев Б.У.-***
***эмгек ардагери, Кыргыз Республикасынын***
***Элге билим берүү отличниги***



Үйдүн да, баланын да куту-ата. Анткени ал үйдүн дубалы, камкор таянычы. Атанын мээримдүү алаканы, ысык ыкласы, жылуу дили баланы жетишинче бакытка бөлөйт. Кайгы убайымсыз, мээнетсиз тиричилик даамын таткызат. Анын асыл бейнеси аска тоодой бийик көрүнүп, көңүлүнө медер, ишине жазганбай багыт алчу компас болуп, атасына окшош, атасын тарткан бала болууну ар бири эңсейт.

Ошондо алды менен мына буларды билүүнү самайт. Ата-тегин билүүнү, конок күтүүнү, мал багууну, сөз тыңдоону, үй-бүлөө куруп, аны багууну, жүрүш-турушту билүүнү, зээндүүлүктү, өжөрлүктү жана эрдикти, эркек атына шайма-шай болууну, жоомарттык менен токтоолукту, эрдик менен эмгек эрдигин, ат багууну, куш салууну дагы башкаларды мурас кылып өсөт, көйгөйүнө сактайт. Демек, атасынын түшүнүгүнө өзүн окшоштуруусу кажет. Мына ошондуктан ар дайым баланын жаш кезинде калыптанган бийик кадыр баркынан төмөн түшпөй, аны башка менен алмаштырбай жашоосу милдет.

Ата-балага сынчы, ал баладагы ар бир жакшы иштерге куштарланып, терс жорук-жосундарына күйүнөт. Аларды баамдап,

түзөтүүгө тырышат. Ошондуктан анын сергек болгону ийги. Арийне бала мүнөздөгү өзгөрүш менен бирге кыялда анын жагымсыз жек көрүндүүлүктү өз мезгилинде байкап, адил чара колдонуп акылга салып тейлөө атанын башкы парзы. Бирок ал айып таткызган жалаң гана жазгырып жазалоочу эмес, өнөгөлүү ишти айтаар акылдуу адам болууга милдетүү. Ошондо гана бала анын таалимин өзүнө сиңирет. Ата тарбиясы азоону оолдуктаган, тентекти теске салган, калыстыкты сактоочу, эрдикти, үйдүн кутун арттыруучу, патриархаттын мартабасын жогорулатууга кызмат өтөй турган улуу мектеп.

Ата үйдүн алтын чамгарагы, бекем босогосу, кубат берекеси, эненин асыл жары, ак никеси, башкы ээси. Баланын мээрими менен бедели, үлгү алаары. Эгерде булардын өз ара катышын карасак, ата бийик аскар зоо, созулган чексиз асман. Булар көп убакыттарда эске алынбай калат.

Маселен айрым чарба, мекеме башчылары кадрларды тандоодо, адамдарды тарбиялоодо кемчиликтерге жол беришет. Алар эр-азаматтардын кулк мүнөзүнө, жеке башындагы адамгерчилик касиеттерине назар салбастан кызматтарга жиберишет. Алардын болоор болбос жакшы иштерин асмандата мактап, ар түрдүү жолдомолорду беришет. Анын ички жан дүйнөсү менен моралдык-психологиялык жагдайлары иликтенбей калк арасында иштей турган кызматтарга жиберилет, депутаттыкка шайланат. Коомдук саясий аң-сезим, эстетикалык, этикалык көз карашы эскертилбейт. Ушундан улам кээ бир адамдардын үйдөгү, мекемедеги тартиби, өмүргө көз карашы эсепке алынбайт. Үйдөгү балдарына тарбиячы, үй бүлөөгө көз карашы, камкордугу, кубаныч менен кайгысы эскертилбейт.

Ошондуктан биздин «Идишине карап - ашын ич, энесине карап - кызын ал, уулуна карап - уясын тааны» деп айтканыбыз тегин эмес.

# ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ИШТЕРИ

Лицейде таланттуу балдар менен иштөөгө өзгөчө көнүл бурулган. Ар бир окуучу уникалдуу, ар биринин өзү ээлеген орду бар боло тургандыгына педагогдорду ынандыруу менен, ар бир класста, профилде жана лицейде чыгармачылык чөйрө түзүү зарылдыгы пайда болду. Баарыбызга белгилүү тарыхтын айрым маалыматтарына кайрылып көрөлү.

А.С.Пушкиндин акын болуп калыптанышына билим алган лицейдеги адабий чөйрө негизги роль ойногон. Орус окумуштуусу С.Ковалевскаянын илимий ишмердүүлүгү көрүнүктүү батыш окумуштуулары Герман Амандус, Пуанкаре, Карл Рунге ж.б. тегерегинде өнүккөн. Кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматов М.Ауэзов менен чыгармачылык байланышта болуу менен, аны өзүнүн мугалими катары баалаган. Чөйрө өзү эле таланттарды жаратаарын биздин Ысык-Көл областынын мисалында белгилеп кетсек болот:

Манасчылар: Балыкооз, С. Орозбаков, Ч. Өмүр уулу, С. Каралаев, Ш. Азизов, К. Атабеков, У. Мамбеталиев.

Комузчулар: К.Орозов, Ч. Иманкулов, Ч. Исабаев, Ы.Туманов.

Жазуучулар: К.Жантөшев, К. Баялинов, Т. Сыдыкбеков, М. Элебаев, Ж. Турусбеков, О. Султанов, Б. Жакиев, Э. Турсунов, К. Акматов, О. Орозбаев, А.Саспаев.

Биринчи профессорлор: Касым Тыныстанов, академиктер Х. Карасаев, А.Салиев, А.Алышпаев, Мамакеев ж.б бул тизмени дагы эле уланта берсек болот.

Төмөндө кыргыз филология профилинин окуучуларынын чыгармачылык иштерин көрсөтүп кетүүнү чечтик.

## ЫР ДЕСТЕ

Ынсан сезимин сүрөткө тартып окурмандарга элестетүү колдон келе бербес иш. Адамдар катышкан окуяны же табияттын кооз көрүнүшүн көрүп туруп элестете алабыз, көргөн нерсени айтып берүүгө тилибиз жетет. Бирок, көзгө көрүнбөгөн адам туйгусун, сезимин элестетүү, айтуу - бул табият тартуулаган өзгөчө дараметтин гана жемиши. Көркөм адабият жана анын жаратуучусу мына ушунусу менен аздектелет. Бул эзелки түшүнүк, бирок, акын



атагын алууга караганда аны, ошол эле акындын өзү жете түшүнүшү эки таалай.

Токтогул атындагы лицейдин бүтүрүүчүсү Жылдыз Турдумамбетованын татымдуу ырлары жергиликтүү гезиттерде эки жылдан бери окурмандар менен жүз көрүшүп келе жатат. Өзүнүн да, калеминин да жаштыгына карабастан жазган ырлары болочогунан үмүт туудурууда. Жаш калемдин өзгөчөлүгү - сезим толкундарын кагаз бетине артык-оош сөзү жок, таза, тунук түшүрүүгө умтулгандыгы. Маселе, мына ушул жылт эткен кыпындай белгиде жатат. Ал эми, поэтикалык тил менен жашоо философиясына ой жүгүртүү, албетте, ага али эрте. Мен, Жылдызга поэзия мейкиндигинде көздөгөн максатка жетүү үчүн, чыгармачыл татаал жол, азаптуу изденүү, эрктүү эмгек каалар элем.

Эмесе, сапарың жемиштүү болсун, Жылдыз.

**Аман САСПАЕВ, жазуучу.**

## *СЕНИ*

Мен сени арча кылып тигээр элем,
Алыскы көркөм тоонун арасына,
Мен сени мончок кылып тагаар элем,
Эненин көздөй үйгөн баласына.

Тышта кыш аяз болуп турса дагы,
Идишке лимон кылып багаар элем,
Жүзүмдөн бороон-чапкын жүрсө дагы,
Буйдалбай сага умтулуп бараар элем.

Жарыгым сен көктөгү айым болсоң,
Түн бою кирпик какпай караар элем,
Жүрөктүн толтосуна куса куйган,
Сен менден калышпаган санаа элең.

### *ЭРГҮҮ*

Мен дайым ачык тийген кеч бешимде,
Калемин өзүм сүйгөн суу жээгине.
Жылтыр таш гаухар сыңдуу чагылышат,
Мөлтүр агып жаткан суу ичинде.

Арча бар агын сууну жандай өскөн,
Ийилип аккан суунун жүзүн өпкөн.
Четин бар айланага тамыр жайган,
Өзүнүн кооз мөмөсүн жерге төккөн.

Адатта жээктеги ташка келип,
Ыр жазам бул ааламга өзүм ээлик.
Өзүмчө бир дүйнөгө кез келемин,
Олтурам журөк толкуп көңүл эргип.

### *ӨКҮНҮЧ*

Бир ажайып боло турган сезимди,
Ызгаар уруп, алып кеткен бурганак.
Теңириме барбы кылдай жазыгым,
Жылоологон зор сезимден кур калмак.

Мунарыктап, алыс турат элеси,
Жакындабайм көл-шал тердеп барсам да.
Терең сууда сар-санаамдын кемеси,
Мен жолукпай жалт деп өчүп калсаң да.

Ата деген алоолонгон жалын ат,
Жүрөгүмдү тумчуктуруп түтөтөт.
Куса менен таңым атып, күн батат,
Ички сезим чекем жөлөп, түнөрөт.

Мени ээрчибе, калчы мени жандаба,
Жүрөгүмдөн шүүшүндөгөн кан агат.
Жүрөк куюп, гүлзар кылган гүл багым,
Кусалыктан саргайгансып баратат.

**Жылдыз ТУРДУМАМБЕТОВА.**

# «МӨЛТҮР БУЛАК»



Окуучуларга адабиятты мектепте үйрөтүүдөгү негизги максаттуулук жана дүйнөлүк көркөм маданияттын мыкты чыгармаларын окутуу жана аларга асылдыктарды жеткирүү, ар кандай адабий көрүнүштөрдү түшүнүп, тандап кете алуу жөндөмдүктөрүнө ээ кылуу, адабият таануу жана эстетикалык табитин көтөрүү, адептик-ыймандык он сапаттарга тарбиялоо.

Деги эле адабият адамды күрөшкө үйрөтөт, турмушта туура жол тандоого жардам берет, образдуу ой жүгүртүүсүн, коопдукту сезе билүүсүн, чыгармачылык илхамын, кыялын, фантазиясын калыптайт.

Адабият сабагын окутуудагы башкы кыймылдаткыч күч мугалим менен окуучунун чыгармачыл кызматташтыгы, алардын билими, кызыгуусу жана демилгеси болгондуктан, биздин профилдеги окуучулар жөндөмүнө, шыгына жараша тандалып алуу менен окуучулардын чыгармачылыгынын өнүгүшүнө, эркин ой жүгүртүүсүнө жакшы шарттар түзүлгөн. Бүгүнкү күнгө чейин бир топ таланттуу окуучуларыбыздын: Жакакова А., Орозалиева Ф., Токторбаева, Султангазиева Л., Бегматова В., Турдумамбетова Ж., Асылбекова А., Иманалиева, Абдылдаева, Жумаев Б., ж.б. ырлары, Иманалиев К., Абакиров, Шерипов Нурландын аңгеме, пьесалары басма сөз беттеринде жарыяланып, областтык телевидениеден көрсөтүлүп, республикалык конкурстардан биринчи орундарга татыктуу болушкан. Окуучулардын мындай ийгиликтерге жетишине албетте профилдик мугалимдер: Эсеналиева Ф., Сулайманова З., Ахмеджанова Р., Субанбекова Р. ж.б. эмгектери зор. Жогорудагы жакшы салттарды бүгүнкү күндө да таланттуу окуучуларыбыз улантууда.

Эмесе, биз профилдеги окуучуларыбызга мындан аркы чыгармачыл ийгиликтерди каалап, өздөрүнүн таланттары менен лицейибиздин, областыбыздын андан ары кыргыз элинин атаган чыгарган белгилүү инсандардан болушуна тилектешпиз.

***Ш. КАЛЕЕВА.***

## КИЙСЕМ ДЕСЕМ

Кийсем десем акындардын күрмөсүн,
Бирок таппайм элибиздин дүр сөзүн.
Теңелем деп таланттарга каргача,
Кокусунан бутум сынып жүрбөсүн.

Таңып берсе чебер акын ага бар,
Кокусунан бир керекке жаралар.
Сындап көрсүн чебер сынчы акыйкат,
Кандай экен жазганымды бул сапар.

**Г. Даулетова,**
**10-в класс.**

## ТҮНКҮ КӨЛӨКӨ

Ай толукшуп кудум топтун өзүндөй,
Бирде ойлосом түнкү асмандын көзүндөй.
Туш тарапка сансыз жылдыз чачырап,
Саламдашат жамгыр өңдүү төгүлбөй.

Муздак илеп тарс урунат маңдайга,
Жаным сүйүп, жүзүм тосом андайга.
Киргим келбей күтүп турган бөлмөдө,
Көз чаптырам, сыртта жүрүп далайга.

Дал ушундай, сонун кезде ушундай,
Жалгыз койбой жолдош болуп көңүлгө.
Ай нурунан боюн керип чубалат,
Үрүл-бүрүл үзүлчүдөй көлөкө.

**Аскербек кызы Эльмира, 11-в класс**

## КӨЛ ЖЭЭГИ

Толкундары шырп-шырп эткен көл жээги.
Укмуштуудай көрүнөт го бир деги.
Чыбырчыктап көл бетине түшкөнсүйт,
Өмүрдүн табылгыс бир кереги.

Кайда барсам, кайда калсам сен дедим,
Түбөлүккө көрбөдүм деп дегдедим.
Өмүрүмдүн жаштыгына арнаймын,
Толкундардын ичиндеги берметин.

**Р. Кыдырова, 9-в класс**



***ИМАНАЛИЕВ Сардарбек,***
**2010-2011-окуу жылынын бүтүрүүчүсү, К.Тыныстанов атындагы университетинин студенти.**

## ЭНЕ ТИЛ

Нечендеген кылымды,
Басып өткөн эне тил.

Шар аккан суу, көпкөк муз,
Ашып өткөн эне тил.
Кыргыздын болуп тумары,
Чечендин болуп шумкары.
Кылымдар келет сабалап,
Уккандын канып кумары.
Аспабы болуп чечендин,
Сыймыгы болуп эчендин.
Нечени басып кылымдын,
Ыйыгы болдун кыргыздын.
Алтындан кымбат менин дилим,
Баа жеткис сүйүктүү эне тилим.
Неге мынча жагымдуусуң кулакка,
Жоголбостон, жоюлбастан гүлдөй бер,
Белек болуп улам соңку урпакка.

## ҮРКҮН ЭЛЕСИ

Окудум «Ажар» повестин,
Эстедим Үркүн элесин.
Кытайга качкан калың эл,
Миниптир азап кемесин.
Талканга сатып уул-кызын,
Кырылды тоодо кыргызым.
Көмүлбөй урук-тууганың,
Турпанда абдан куурадың.
Учурап кыргыз кыргынга,
Той түштү карга, кузгунга.
Мал-мүлкүң калды ашууда,
Кийимиң жок оңдуу басууга.
Ачкалык батып жаныңа,
Карабай тууган барына.
Кытайга кеттиң бир кезек,
Азаттык күтүп зарыга.

## БӨБӨКТӨРДҮН СУРООСУ?

Айдын барбы түнөгү?
Чымындын барбы жүрөгү?
Сүйүнгөндө бизчилеп,
Балыктар да күлөбү?

Булуттун барбы түнөгү?
Чиркейдин барбы жүрөгү?
Кубанганда бизчилеп,
Козулар да күлөбү?

Тумандын барбы түнөгү?
Көпөлөктүн барбы жүрөгү?
Сүйүнгөндө бизчилеп,
Улактар да күлөбү?

Тоонун барбы түнөгү?
Көгөндүн барбы жүрөгү?
Кубанганда бизчилеп,
Кулундар да күлөбү?

Жердин барбы түнөгү?
Жөргөмүштүн барбы жүрөгү?
Сүйүнгөндө бизчилеп,
Ботолор да күлөбү?

## ЫСЫК-КӨЛ

Шамал жүрсө акырын,
Үстүңдөгү жел кайык.,
Ары-бери кайкалайт.
Жээктеги шок толкун,
Кумдун өңүн ар түскө,
Ары-бери саймалайт.

Толкунуң шаңдуу шарпылдайт,
Күн нуру жандуу жаркылдайт.

Үстүңдөгү коңур каз,
Балык издеп каркылдайт.
Сен ыйыгы кыргыздын,
Сенсиз болот беле
жылмайышы жылдыздын.

**ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВго**

Айдың көл сымал чалкыган,
Ак булут сымал калкыган.
Дүйнөгө чыгып атагы,
Алтын нур болду жаркыган.

Мекенди сүйчү жанындай,
Чындыкты айтчу жаңылбай.
Сапарга узак кетсе да,
Койчу эмес элин сагынбай.

# ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШТАР

## *«Сорос-Кыргызстан» фондусу менен иштөө*

1994-жылы «Сорос-Кыргызстан» фондусу тарабынан «XXI-кылымдын лидерлери» жалпы билим берүүчү мектептердин жетекчилери үчүн өткөрүлгөн конкурска катышып, бул фонддун пилоттук мектеби болуп калдык. Ал кезде «Сорос-Кыргызстан» фондусунун аткаруучу директору Жакыпова Чинара эле.

Конкурстан өткөн 25 мектептин жетекчилери үчүн семинар-тренингдер өткөрүлдү. АКШдан келген профессорлор: Дейл Манн, Владимир Бриллер, Лоренс Финкель, Крейг Ричардс, Эстел Гельман жана башкалар семинарларды активдүү формада өткөрүштү. Семинарлардын темаларынын бардыгы актуалдуу болуп, биз лицейде пайдалана баштадык. Биринчи жолу эффективдүү мектептин моделдери жана аны жетектөө, стратегиялык пландаштыруу, окутууну оптимизациялоо боюнча жети баскыч, мектепте окуу пландарды иштеп чыгуу, мектепти жакшыртуу боюнча иштерди пландаштыруу, окуучулардын билимдерин баалоочу тесттерге коюлган талаптар, мектептин муктаждыктарын баалоо менен тааныштык.

Дин Финк Канадалык профессор окутуунун жаңы парадигмасы, билим берүүдөгү реформанын үч баскычы боюнча «Сорос-Кыргызстан» фондунун координаторлору Ахмат Низамович, Салтанат Булашева, Александр Иванов, Валентин Дейчман, Нурбек Тилешалиев биздин жаңы ой-жүгүртүүгө ээ болгон мектеп жетекчилери катары калыптануубузга зор салым кошушту деп айта алабыз.



Ар бир мектептин жетекчиси беш жыл бою колдоно турган теориялык материалдарга ээ болдук. «Сорос-Кыргызстан» фондусу тарабынан уюштурулган семинар тренингдерде мугалимдердин квалификациясы жогорулады. Айрыкча англис тили жана экономика предметтерди окуткан мугалимдер үчүн өтө натыйжалуу болду.

Педагогикалык кеңешмелерди активдүү формада өткөрүүнү фонд тарабынан уюштурулган семинарларда үйрөнүп, жеке тажрыйбабызда колдоно баштадык.

Окуу-усулдук базасын чындоо максатында 15 миң доллар суммадагы грант аркылуу ар түрдүү жабдуулар, орг техникалар, китептер берилди.

186122 сомго көркөм адабий, илимий популярдык, окуу жана методикалык, энциклопедиялар, справочниктер, дидактикалык материалдар, 232836 сомго оргтехника (ксерокс, телевизор, аудио, видеомагнитофондор, проектор, фотоаппарат, видеокамера) берилди. 223351 сомдун деңгээлинде компьютердик класс ачылды.

Лицейдин тарыхында биринчи ресурстук борбор ачылып, окуучулардын интеллектуалдык, мугалимдердин педагогика жана психология боюнча билим деңгээлдерин көтөрүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Ушул эле фонддун жардамы менен 1999-жылы «IEARN» программасынын негизинде лицей интернет системасына кошулду.

«Сорос-Кыргызстан» фондусу тарабынан 1996-1997-окуу жылында пилоттук мектептер арасында уюштурулган конкурста биздин лицей «Жылдын мыкты мектеби» катары таанылып, 3-байгелүү орунга ээ болуп, 3000 доллар менен сыйланды.

Бул фонддун программалары көп түрдүү болгондуктан окуучулар жана мугалимдер үчүн ар түрдүү конкурстар, семинарлар уюштурулуп турду.

Окуучулар үчүн өтө пайдалуу болгон, мектеп парламентин түзүү жана аны мектептерде ишке ашыруу боюнча системалуу иш чаралар өткөрүлүп турду.

Парламенттик Ассамблеяга жана Эвергриния лагерине катышкан биздин окуучулардын көпчүлүгү лидерлик сапатка ээ болушту. Алар Шаршеев Искендер мектеп лицей өкмөтүнүн биринчи Конституциясын иштеп чыгып, жалпы шайлоонун жыйынтыгы менен, лицей парламентинин биринчи спикери, ал эми Казакбаева Эльнура биринчи президенти болушту. Лидер окуучуларыбыз

Жанадилов Тынчтык, Жанадилова Чолпон, Калмакеев Канат, Казакова Брилианта, Раимбекова Жазгүл, Таалайбек уулу Азим лицейде окуучулардын өзүн-өзү тейлөөсүнө абдан зор салым кошушту.

Тарых мугалими Сагынтай кызы Кенжегүл «Дебат клубун» ачып, чыгармачылык менен жетектеп, лицейдин дебат командасына кирген окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатууга, лидерлик сапатка ээ болууга жеке салымын кошо алды.

Лицей парламенти тарабынан «Упай» системасы киргизилип, окуучулардын активдүүлүгүн өстүрүүгө, билим сапатын жогорулатууга карата пайдубал түзүлдү.

Англис тили, экономика жана орус тили предметтери боюнча сырттан уюштурулган олимпиаданын жыйынтыгында 29 окуучубуз жеңүүчү болуп, региондун деңгээлинде өткөрүлгөн олимпиадага катыша алышты.



Пилоттук мектептердин окуучулары ар түрдүү темалардын негизинде дебаттарды уюштурушту, мында алар пикирлерди ырастоо жана төгүндөө ыкмаларга ээ болушту.

Биз бюджеттик эмес финансалык каражаттарды тартууга карата ар түрдүү долбоорлорду иштеп чыгуу ыкмаларына ээ болдук.

Окуучулар жана мугалимдер биргелешип лицейдин көйгөйүн чечүүгө багытталган долбоорлорду даярдап, гранттар келе баштады.

2004-2005-жылдары грант аркылуу алынган 69525 сомго жатаканын эки секциясынын бөлмөлөрү капиталдык ремонттон өткөрүлдү.

«Социалдык өнөктөштүк» программа аркылуу Самара шаарында өткөрүлгөн эл аралык конференцияга катышып, тажрыйба алмашууга мүмкүнчүлүктөр болду. Республикалык «Мөлтүр Булак» фестивалына окуучулар ийгиликтүү катыша алышты.

«Сорос-Кыргызстан» фондусунун билим берүү программалары менен мектеп-лицей субъект катары өнүктү деп айта алабыз.

### *ЮСАИД тарабынан каржыланган «ПИКС» (Билим сапатын жакшыртуу жана билим берүү маселелерине коомчулуктун катышуусун өстүрүү) долбоору менен иштөө*



Бул долбоорго биздин лицей конкурстук жол менен өттүк. **Долбоордун негизги максаты:**

Билим сапатын жакшыртуу жана билим берүү маселелерин чечүүдө коомчулукту тартуу.

Лицейди башкарууда жетекчиликке алынган стратегиялык план иштелип чыгып, мектептин баамы, миссиясы аныкталды.

Лицейде жаңы субъект пайда болду. Ал стратегиялык планды ишке ашырууга көмөктөш болгон стратегиялык команда эле. Лицей жетекчилери, команданын мүчөлөрү стратегиялык ой-жүгүртүү ыкмасына ээ боло башташты.

Мен 2008-жылы АКШда болгонумда, барган мектептин жетекчилерине дайыма бир суроо берип жаттым: -Сиздер кайсы убактан баштап мектептин ишин стратегиялык пландаштырасыңар? Көрсө алар үчүн бул иш жаңылык эмес экен. Ар бир ишти стратегиялык пландаштыруу менен башташат экен.

***Ар түрдүү программалар боюнча мугалимдердин квалификациясы жогорулады:***

- «Окуучулардын окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой-жүгүртүү-сүн өнүктүрүү» программасынын негизинде- 18;
- «Инклюзивдик билим берүү»-24;
- «Мектеп жана социалдык өнөктөштүк»-2;
- «Кадам артынан кадам»-2;
- «Мектепти жакшыртуу»-16;
- «Педагогдордун чеберчилигин өнүктүрүү устаканасы»-7.

«Улуттук тренер» сертификатына ээ болуу үчүн да көп эмгек талап кылынды. «Жазуу жана окуу аркылуу окуучулардын сынчыл ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү», «Мектепти жакшыртуу» программалары боюнча улуттук-тренер сертификаттарына ээ болдум.

География мугалими Ашымбаева Кундуз «Жазуу жана окуу аркылуу окуучулардын сынчыл ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү», «Мектеп жана социалдык өнөктөштүк» программалары боюнча «Улуттук тренер» сертификаттарына ээ болду.

«ПИКС» долбоору аркылуу Ош областынын Өзгөн жана Ноокат райондорунун А.Таңатаров жана Кыргыз-Ата, Талас областынын Бакай-Ата районунун Бакай-Ата мектептеринде семинар-тренингдерди өткөрүп, алардын тажрыйбалары менен таанышуу мен үчүн жакшы күндөр болду.

Сыймыктануу менен Ош областындагы А.Таңатаров мектеп – гимназиясынын директору Каныбектин, уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары Канаттын, Талас областындагы Ленин атындагы мектептин директору Айнанын, Жалал-Абад областындагы С.Ногоева атындагы мектептин директору Рымтайдын, Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарынын №1 мектебинин директору Людмиланын, анын окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Евгениянын, Чүй областынын Кара–Балта шаарындагы №6 гимназия мектебинин директору Ольганын, ошондой эле №1 Шопоков мектебинин директору Натальянын аттарын атап кетүүгө болот. Жогоруда аталган мектептер да натыйжага иштешет.

«ПИКС» долбоору аркылуу берилген 6976 доллар гранттын негизинде Ресурстук борбор ачылды.

«Ваучердик механизмдин негизинде мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу» программасы боюнча автордук программалар түзүлүп, долбоор колдоого алынып, 171363 грант аркылуу мугалимдер Калеева Ш.,.Ахмеджанова Р., Молдокунова Г., Ашымбаева К., Садиев А. жана мен областын мугалимдери үчүн семинар-тренингдерди өткөрдүк.



Албетте бул иш лицейдин мугалимдерине кошумча эмгек акы болду, экинчи жактан лицейдин колдоосу менен жогорудагы мугалимдердин тренер катары чеберчилиги өстү.

Кайсы гана эл аралык билим берүү долбоорлору менен иштебейли «Мугалимдердин демилгесин колдоо» фондусунун жетекчиси Иванов А.П., программалардын координаторлору Матохина Т. бизге ар тараптуу колдоо көрсөтүп, тренер катары калыптанууга зор салым кошушту.



**«Жазуу жана окуу аркылуу окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү», семинар-тренинг өткөрүү учуру.**

Ошондой эле Кыргыз-Америка университетинин алдындагы «Жазуу жана окуу аркылуу окуучулардын сынчыл ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү» лабораториясынын кызматкерлери: **Задорожная Н.П., Низовская И.** лицей педагогдорунун интерактивдүү усулдарды, ар түрдүү стратегияларды окутууда



**«Мугалимдердин демилгесин колдоо» фондусунун жетекчиси Иванов А.П. тренерлик сертификатты тапшырууда.**






**«Пикс» долбоорунун негизинде АКШнын Миссури штатынын билим берүү системасы менен таанышуу.**



**Компъютердик технология боюнча областтын мугалимдери лицейдин базасында квалификациясын жогорулатып жаткан учуру.**



**2006-жылы «Пикс» долбоору бүткөн учурда АКШнын Кыргызстандагы элчиси Мария Ивановичтин лицейге келиши.**



**«Пикс» долбоорунун координатору Л.В.Киселева делегация менен бирдикте лицейчилердин концерттин көрүп жаткан учуру.**



**АКШнын Кыргызстандагы элчиси Мария Ивановичтин «Пикс» долбоору жөнүндө маалыматты угуп жаткан учуру.**




**«Пикс» долбоору аркылуу алынган сертификаттар.**



колдонуп, азыркы мезгилде актуалдуу болуп жаткан окуучулардын компетенцияларын калыптандырууга карата мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Мектеп-лицейинин мугалимдерин эл аралык билим берүү программалары боюнча тренер катары калыптанышына Эсенгулова Миргүлдүн эмгегин жогору баалассак болот.

### «*Тынчтык Корпусу*» менен иштөө

Бир катар жылдар мектеп-лицейде волонтёрлор иштеди:

**Эрик Эвресманн** 1992-1993-окуу жылдары;
**Тимоти Джонсон** 2002-2003, 2003-2004-окуу жылдары;
**Лукас Бендер** 2004-2005-окуу жылы;
**Дженифер Айстли** 2010-2011; 2011-2012-окуу жылдары

### «*Мерси КО*» менен иштөө

2007-жылы **131040 миң сом** грант аркылуу жатаканага эмеректер алынды.

2005-2007-жылдары **286300.4 миң сом** грант аркылуу азык-түлүктөр алынды.

2009-жылы **225790 миң сом** грант аркылуу үч класс кабинеттерге жаңы парта, стул, шкафтар алынды.

«***Дүйнөлүк Банк***» тарабынан каржыланган «Айылдык билим берүү» долбоору менен иштөө.

Бул долбоор менен иштөөдө 2007-жылы **177152 сомго** ресурстук борбор ачылды.

**84 миң сомго** окуу куралдар, китептер берилди.

**3000 долларга** –лицейде медиа борбор түзүлдү.



**Орус тили жана адабият мугалими Шакеева З. «Пикс» жана «Айылдык билим берүү» долбоорлору аркылуу түзүлгөн китепканада.**



**Окуучулар «Айылдык билим берүү» долбоору аркылуу түзүлгөн ресурстук борбордо.**

*Мектеп-лицейдеги ийгиликтер төмөндө көрсөтүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыгында белгиленди.*

## 2007-2008-окуу жылында Ысык-Көл областтык Т.Сатылганов мектеп-лицейде жүргүзүлгөн инновациялык педагогикалык эксперимент

Эксперименттин максаты «Дүйнөлүк Банк» тарабынан каржыланган Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдында иштелип чыккан «Айылдык билим берүү» долбоору сунуш кылган «Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун башкаруу» (ИНБ) системасын Т Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде ишке ашыруу.

***Эксперименттин милдеттери:***

1. 2007-2008-окуу жылы үчүн «Окутууну жакшыртуу» планын иштеп чыгып, окутуу-тарбия процессинде жетекчиликке алуу.

2. Педагогдор тарабынан төмөнкү үч милдеттердин үстүндө иштөөсү

- кесиптик өнүгүү;
- окутууну жакшыртуу;
- окуучулардын илгерилөөсү.

3. Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун баалоо стандарттары боюнча 38 педагогдордун квалификациясын жогорулатуу.

4. Окуучулардын билимдерин баалоодо «Формативдик баалоо» системасын киргизүү.

***Күтүлүүчү натыйжалар:***

**Биринчи милдет боюнча**

•2006-2007-окуу жылындагы иштерге ар тараптуу талдоо жүргүзүү менен, мектептеги негизги көйгөйлөрү аныкталат.

•2007-2008-окуу жылы үчүн окутууну жакшыртуу планы иштелип чыгат.

•Билим берүү процессинде бардык окуучулардын илгерилөөсүнө жетишүүгө.

• Педагогикалык коллектив тарабынан системалуу көңүл буруу.

•Окутууну жакшыртуу планын ишке ашырууда окуучулар, ата-энелер, коомчулук тартылат.

## *«Тынчтык Корпусу»* менен иштөө

Бир катар жылдар мектеп-лицейде волонтёрлор иштеди:
**Эрик Эвресманн** 1992-1993-окуу жылдары;
**Тимоти Джонсон** 2002-2003, 2003-2004-окуу жылдары;
**Лукас Бендер** 2004-2005-окуу жылы;
**Дженифер Айстли** 2010-2011; 2011-2012-окуу жылдары

## *«Мерси КО»* менен иштөө

2007-жылы **131040 миң сом** грант аркылуу жатаканага эмеректер алынды.

2005-2007-жылдары **286300.4 миң сом** грант аркылуу азык-түлүктөр алынды.

2009-жылы **225790 миң сом** грант аркылуу үч класс кабинеттерге жаңы парта, стул, шкафтар алынды.

***«Дүйнөлүк Банк»*** тарабынан каржыланган «Айылдык билим берүү» долбоору менен иштөө.

Бул долбоор менен иштөөдө 2007-жылы **177152 сомго** ресурстук борбор ачылды.

**84 миң сомго** окуу куралдар, китептер берилди.

**3000 долларга** –лицейде медиа борбор түзүлдү.



**Орус тили жана адабият мугалими Шакеева З. «Пикс» жана «Айылдык билим берүү» долбоорлору аркылуу түзүлгөн китепканада.**



**Окуучулар «Айылдык билим берүү» долбоору аркылуу түзүлгөн ресурстук борбордо.**

*Мектеп-лицейдеги ийгиликтер төмөндө көрсөтүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыгында белгиленди.*

## 2007-2008-окуу жылында Ысык-Көл областтык Т.Сатылганов мектеп-лицейде жүргүзүлгөн инновациялык педагогикалык эксперимент

Эксперименттин максаты «Дүйнөлүк Банк» тарабынан каржыланган Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдында иштелип чыккан «Айылдык билим берүү» долбоору сунуш кылган «Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун башкаруу» (ИНБ) системасын Т Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде ишке ашыруу.

***Эксперименттин милдеттери:***

**1.** 2007-2008-окуу жылы үчүн «Окутууну жакшыртуу» планын иштеп чыгып, окутуу-тарбия процессинде жетекчиликке алуу.

**2.** Педагогдор тарабынан төмөнкү үч милдеттердин үстүндө иштөөсү

- кесиптик өнүгүү;
- окутууну жакшыртуу;
- окуучулардын илгерилөөсү.

**3.** Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун баалоо стандарттары боюнча 38 педагогдордун квалификациясын жогорулатуу.

**4.** Окуучулардын билимдерин баалоодо «Формативдик баалоо» системасын киргизүү.

***Күтүлүүчү натыйжалар:***

**Биринчи милдет боюнча**

•2006-2007-окуу жылындагы иштерге ар тараптуу талдоо жүргүзүү менен, мектептеги негизги көйгөйлөрү аныкталат.

•2007-2008-окуу жылы үчүн окутууну жакшыртуу планы иштелип чыгат.

•Билим берүү процессинде бардык окуучулардын илгерилөөсүнө жетишүүгө.

• Педагогикалык коллектив тарабынан системалуу көңүл буруу.

•Окутууну жакшыртуу планын ишке ашырууда окуучулар, ата-энелер, коомчулук тартылат.

**Экинчи милдет боюнча**

Окутууну жакшыртуу планынын негизинде педагогдор окутууну жакшыртуу жеке пландарын түзүп, кесиптик өнүгүү, окутуу, окуучулардын илгерилөөсү тармагындагы милдеттерин коюп, алардын ишке ашырылышы боюнча жыл бою иштешет.

**Үчүнчү милдет боюнча**

Мектеп жетекчилери жана педагогдор ишмердүүлүктүн натыйжалуулугунун жаңы стандарттарын жана компетенциялардын деңгээлдерин тандап алып, баалоодон өтүүгө даярдыктарды көрүшөт.

**Төртүнчү милдет боюнча**

1. Окуучуларга багытталган формативдик баалоодо класстагы ар бир окуучунун илгерилөөсүнө көңүл бурулат.
2. Окуучулардын илгерилөөсүнө системалуу көзөмөл кылууда ОЖБ, КЖБ колдонулат.
3. Окуучулардын билим алууга карата жоопкерчилиги жогорулап, билим сапаты өсөт.
4. Окуу процессине ата-энелердин тартылуусу жакшырат.
5. Окутууда педагогдордун жоопкерчилиги жогорулайт.

***Киришүү.***

Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун башкаруу 1960-жылдары «Максаттуу башкарууга» арналып жазылган Питер Дракердин концепциясынан башталган. Бул иш 1970-жылы мамлекеттик сектордун логикалык структурасына чейин жеткирилген. ИНБ 1980-жылдары Жаңы Зеландия, Улуттук Британияда, ал эми 1990-жылдары Америка Кошмо Штаттарында жана Европалык экономикалык Кызматташуу уюмуна кирген өлкөлөрдө жигердүү колдонулуп келүүдө. Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун башкаруу азыркы учурда жогоруда айтылган жана башка өлкөлөрдүн мектеп системаларында кеңири колдонулуп жатат.

Кыргызстанда сунуш кылынган ИНБ өзүнө үч компонентти камтыйт; натыйжалуулукту башкаруунун жылдык цикли, натыйжалуулукту баалоо, жалпы мектептик демилгелөөчү сыйлыктар.

Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун баалоонун пилоттук апробациясы Ысык-Көлдө 2007-жылдын сентябрь айында башталды.

2007-2008-окуу жылынын башталышында Ысык-Көл областтык Т.Сатылганов мектеп-лицейдин педагогикалык жамааты ИНБнын пилоттук апробациясын инновациялык педагогикалык эксперимент түрүндө жүргүзүүнү чечишти.

Бул эксперимент «Дүйнөлүк банк» тарабынан каржыланган «Айылдык билим берүү» долбоорунун «Мектептин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун башкаруу системасын» ишке ашырууга багытталган.

***Диагностикалык этап***

ИНБ-натыйжага негизделген башкаруу катары белгилүү максаттардын жана милдеттердин так аныкталышына негизделет. Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун башкаруу саясаты мектеп жетекчилерин, алардын орун басарларын жана мугалимдерди аттестациялоонун жаңы ыкмасын сунуштоодо. Ал билим деңгээлинин көрсөткүчтөрүнө жана эмгек стажына гана негизделбейт.

Азыркы учурда чыгармачылык менен иштеген педагогдор белгилүү бир деңгээлге жеткенден кийин бир калыпта иштей баштайт, анткени өмүр бою традициондук ыкманы пайдаланып иштегендер менен бирдей эмгек акы алат. Англис тили, информатика предметтери боюнча жаш педагогдордун мектептен кетүүсү эмгек акыларынын төмөндүгүнө байланыштуу.

Ар түрдүү маалыматтардын мезгили болуп жаткандыктан окуучулар алагды болуп, академиялык билим алууга карата кызыгуулары төмөндөп бара жатат. Ата-энелердин жылдан жылга мектептен алыстап жаткандыгы байкалууда. Балдарынын билим алуусуна карата көзөмөлдөрү төмөндөөдө.

Учурда мектеп тарабынан окуучулардын билим деңгээлинин баалоо формалары да окуучулардын терең билим алуусуна карата түрткү бербей калды. Мектепте окуучулардын билим деңгээлин баалоого карата изилдөө жүргүзгөндө окуучулар, ата-энелер, педагогдор аны өзгөртүүгө мезгил келди деп белгилешкен.

Натыйжада окуучулардын билим алууга болгон кызыгууларынын төмөндөп кетиши биз үчүн маанилүү көйгөй болуп саналат. Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусунун

төмөндөшү, билим сапатынын начарлашына алып келүүдө. Ошондуктан мугалимдер окуучуларга багытталган формативдүү баалоо усулдарын колдонуу менен ар бир окуучунун илгерилөөсүнө, окууга болгон кызыгуусуна көнүл буруусу өтө маанилүү болот деген ойдобуз. Талдоонун негизинде мектеп-лицейдин негизги көйгөйү төмөндөгүдөй аныкталды.

**«Окуучулардын окууга болгон кызыгуусунун төмөндөшү»**

***Прогностикалык этап***

Бул этапта мектептин баамы, миссиясы, максаты жана ишке ашыруучу милдеттер аныкталды.

***Баамы***

Социалдык-экономикалык кырдаалга ыңгайлашып кете алуучу, сапаттуу билимге ээ болгон бүтүрүүчүлөрдү даярдаган, педагогдордун квалификациясын системалуу жогорулатып жана коомчулук менен социалдык өнөктөштүктө болгон маалымдуулук жана билим берүүчү инновациялык борбору бар профессионалдык өнүккөн мектепке айлануу.

***Мектептин миссиясы:***

«Биз, Т.Сатылганов атындагы областтык мектеп-лицей интернаты 1991-жылы ачылганбыз. Биздин мектептен Ысык-Көл областына караштуу бардык райондорунан конкурстун негизинде өткөн окуучулар билим алышат. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүнүн үстүндө иштейбиз. 2004-жылынан баштап Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде иштелип чыккан «Айылдык билим берүү» долбоорунун негизинде «Окутууну жакшыртуу» планын жетекчиликке алуу менен окуучулардын билим сапатын жаңыча баалоо боюнча иштеп жатабыз. Мектепти өнүктүрүүдө коомчулук менен социалдык өнөктөштүктү чыңдоо жолундабыз».

***Мектептин максаты:***

Мектептин көйгөйүн чечтетүү үчүн төмөндөгүдөй максат коюлду:

**«Билим берүүнүн борборунда окуучу турган окутуу, тарбиялоо процессин уюштуруу менен окуучулардын билим алууга болгон кызыгууларын арттыруу».**

Бул максатка төмөндөгү милдеттер аркылуу жетүүгө аракет кылуудабыз.

*Милдеттер:*

1. **Мектепте ишмердүүлүктүн натыйжалуу башкаруу системасын киргизүү.**
2. **Билим берүүнүн борборунда окуучу турган окутуунун мазмунун жакшыртуу.**
3. **Билим берүүнүн борборунда окуучу турган окутуунун методдорун жакшыртуу.**
4. **Педагогдордун профессионалдык деңгээлин жогорулатуу.**
5. **Ата-энелер жана коомчулук менен иштөөнү жакшыртуу.**
6. **Мектептин инфраструктурасын жакшыртуу**

***Уюштуруучулук этап***

«Айылдык билим берүү» долбоору тарабынан өткөрүлгөн семинар-тренингден кийин педагогикалык жамаат менен натыйжалуу башкаруу системасы б.а. мектепти башкаруунун жаңы саясаты талкууланып, жыл бою иштелүүчү иштердин мазмуну аныкталды. Педагогикалык жамааттын жалпы жыйналышында стратегиялык команданын курамы, лидерлер жана баалоо-аттестациялоо комиссиясына кире турган адамдар көрсөтүлдү. Директордун буйругу менен алар бекитилди. Эксперимент учурунда иштөөчү лидерлер экиден директордун орун басарларына бекитилди. Мектеп-лицейде такай иштеген мугалимдер лидерлерге бекитилди.

2007-2008-окуу жылы үчүн «Окутууну жакшыртуу» планынын даяр болуу мөөнөтү аныкталды. Экспериментке керек болуучу адабияттар атайын китепканада топтолуп, педагодор үчүн шарт түзүлдү. Педагогикалык, илимий-усулдук кеңештердин, психолого - педагогикалык семинарлардын, директор алдындагы кеңешмелердин пландары ОЖПнын максатына жетүү үчүн пландаштырылып бекитилди.

***Практикалык этап***

Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын педагогдору ИНБнын системасындагы мектептеги окутуунун

жакшыртуусун пландоо процессин, мектептин отчеттук карталарын жана окуучуларды формативдүү баалоосун жылдык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун башкаруунун негизги элементтери катары кабыл алышты.

Адегенде ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун башкаруунун жылдык циклы боюнча иштерди уюштурдук.

Жылдык ИНБ циклы үч баскычтан турду: пландаштыруу, илгерилөөнүн мониторинги жана обзор. Цикл стандарттарды өркүндөтүүгө максатталгандыктан, мектептин мугалимдеринин так милдеттери бар жана жумушту, кесиптик өнүгүүнүн маселелерин топ лидери менен дайыма талкуулоо мүмкүнчүлүктөрү болуп турду. Бул жерде көңүлдүн борбору окуучуларды формативдик баалоого жумшалды. Мектептин педагогикалык жамааты, ата-энелер жана окуучулар менен мектепте окутуунун приоритеттерин тактап, о.э. бул приоритеттик милдеттерди аткарууга зарыл ресурстарды аныктап, биргелешип иштей башташты. Ошондуктан эксперименттин жүрүшүндө 1-2-3-этаптарында төмөнкү иштер аткарылды:

ИНБнын жылдык циклиндеги 1-баскычы «Мектептин деңгээлинде пландаштыруу» болгондуктан, мында мектептин баамы, миссиясы, максаты, милдеттери аныкталды. Мектептин максатын түзүүгө ата-энелер, педагогикалык жамаат жана мектеп парламенти катышты. Булар мектепке кеңирирээк максаттарды түзүүгө жана өткөрүлгөн ар түрдүү окуу жана класстан тышкаркы иш-чараларды логикалык негиздөөгө жардам берди.

Мектептин командасы 2007-2008-окуу жылы үчүн ОЖП иштеп чыгып, талкуугa коюшту.

**1-кадам**. Мында МОК (мектептин отчеттуулук картасы) түзүлдү. Ал мектептеги көйгөйлөрдү сууруп чыгууга, ошондой эле мектептин ийгиликтерин көрө билүүгө жардам берди. Мектепке таасир эткен ички жана сырткы факторлорду анализдөөгө мүмкүнчүлүк түздү.

**2-кадам**. Мында мектептин көйгөйлөрү аныкталды, өзгөчө көңүл окутууну жакшыртууга бөлүндү.

**3-кадам**. Мектеп ээ болгон ресурстар жана мектептин көйгөйлөрү тармагын жеңип чыгуу мүмкүнчүлүктөр белгиленип

максат, милдеттер аныкталды.

**4-кадам**. Мектеп командасы ОЖП боюнча иш-чараларды пландаштырышып, ата-энелердин жалпы жыйналышында презентацияланды.

**5-кадам**. Мугалимдердин окутуучулук пландарында көрсөткөн милдеттери мектептин ОЖПсында чагылдырылды. ОЖПны жүзөгө ашырууга педагогикалык жамаат, окуучулар жана ата-энелер катышууда.

**6-кадам**. Планды жүзөгө ашыруу, өнүгүүнү аныктоо мониторинг жана МОК аркылуу жүргүзүлдү.

Мугалимдер лидерлер менен бирдикте жылдык окутуучулук пландарын даярдашты. Лидерлер консультант катары мугалимдерге адистик кеңештерди берди, алар менен бирге пландаштыруу жана обзор боюнча декларацияларын даярдашты. Күндөлүк-календарларынын үстүндө иштөө уюштурулду.

**ИНБнун 2-баскычы «Мугалимдердин илгерилөөсүнүн мониторинги».**

Мында сабактарга байкоо жүргүзүү графиги түзүлүп бекитилди. Жыл бою үч жолу сабакка байкоо жүргүзүлүшү талап кылынууда. Лидерлер экиден жана директордун орун басарлары бирден сабактарга байкоо жүргүзүштү. Байкоолор «Айылдык билим берүү» долбоору сунуштаган формалар аркылуу жүргүзүлдү.

**ИНБнун 3- баскычы «Илгерилөөнүн обзору».**

Апрель-май айларында ишмердүүлүктүн натыйжалуулуктун баалоосу боюнча обзор өткөрүлдү. Бул үчүн мугалим жана топтун лидери тарабынан байкоо жүргүзгөн формалары, ОЖБ, КЖБ карталары, портфолиолору жана башка далилдөөчү документтер топтолду.

Ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун башкаруу үч баскычтан турду: даярдоо, ИНБну ишке ашыруу, демилгелөөчү сыйлыктарды бөлүштүрүү.

**1-баскыч. Даярдоо**

Администрация жана лидерлер мугалимдер үчүн стандарттар жана компетенцияларды талкуулоо үчүн атайын семинар өтүштү. Баалоонун куралдарын талкуулашты: сабактардын планынын

обзору, портфолионун обзору, интервью жана окутууга байкоо жүргүзүү жөнүндө жана ОЖБ, КЖБ карталары. Формативдик баалоону өткөрүүгө класстар бекитилди, кадамдар иштелип чыкты:

**1-кадам**:

- Эксперимент жүргүзүү үчүн 7а, 7б, 7в, 7г, 7е, 8а, 8б, 8г, 8е, 8в, 9а, 9в, 9б, 9г, 10а,10б, 10в, 11а-класстар бөлүндү. 7а-дене-тарбия, кыргыз тили, алгебра, орус тили, 7б-эмгекке үйрөтүү, 7в-физика, 7г-алгебра, 8а-кыргыз тили, информатика, 8б-тарых, алгебра, черчение, 8г-кыргыз тили, орус тили, биология, 8е-кыргыз тили, 8в-алгебра, орус тили, 9а-орус тили, 9в-алгебра, география, 9б-химия, 9г-француз тили, англис тили, 10а-физика, 10б-дене тарбия, кыргыз тили, химия, 10в-экономика, георафия, 11а-физика, 7е-информатика.
- Формативдик баалоо жүргүзүүчү мугалимдер:

Сопиев Э.-дене - тарбия-7а,

Темирова Г.-кыргыз тили-7а,

Шакен кызы Гульнара алгебра-7а,

ШакееваЗ.-орус тили-7а,

Кашкороева Л.-эмгекке үйрөтүү-7б,

Мабетова К.-физика-7в,

Ашымбаева К.-георафия-9в,

Садиев А.-информатика-8а,

Каниметова Р.-тарых-8б,

КасеновТ.-алгебра-8б,

Жангазиева Т.-кыргыз тили-8г,

Касымбаева Ч.-орус тили-8г,

Асанходжаева З.-орус тили-8г,

Калеева Ш.-кыргыз тили-8е,

Бокоев М.-алгебра-8в,

Кылычбаева Р.-орус тили-8в,

Жанышева Т.Э.-математика-9в,

Маматкулова З.-химия-9б,

Өмүрбеков Ү.-физика-10а,

Мамырбаев С.-дене тарбия-10б,

Билалова К.-кыргыз тили-10б,

Алыбаева Ч.-химия-10б,

Тезекбаева Д.-экономика-10в,

Жапаров А.-география-10в,

Асанбаева Г.-биология-8г,

Куланбаев С.-физика-11а,

Сырдыбаева А.-информатика-7е,

Жапаров Ж.-черчение-8б,

Байтемиров Ж.-музыка-7г,

Эмилбаева К.-алгебра-7г

Сыдыкова Ч.-тарых-8в,

Хахулина О.-орус тили-9а,



**Лицейдин мугалимдери формативдик баалоону колдонуу боюнча талкуулоо жүргүзүүдө.**



**2-кадам**

Ииштелүүчү иштер талкууланып, пландаштырылды.

- Класстарда окуучуларынын интеллектилеринин типтери аныкталды ошого жараша усулдар тандалды
- Алгачкы баалоо жүргүзүлдү, натыйжалар аныкталды.
- Ата- энелер менен кезигүүлөр уюштурулуп, окуучулар менен окуу контрактылары түзүлдү
- Чейректин аягында КЖБ карталары толтурулду.

**2-баскыч** ИНБны ишке ашыруу

Аттестациядан өтүүчү мугалимдер жыл бою стандарттар боюнча портфолиолорун топтошту. Жыл аягында өткөрүлүүчү ИНБсына: сабактардын планынын обзору, интервью, үч сабакка байкоо формаларын даярдашты.

**3-баскыч**. Мектептин баалоо/аттестациялык комиссиясы мугалимдин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун деңгээлине демилгелөөчү сыйлыкты берүүгө чечим чыгарат.

***Жыйынтыктоочу этап***

**Эксперименттин биринчи милдети боюнча:**

1. Лицейдин жалпы көйгөйү аныкталып, баам, миссия, максат, милдеттери стратегиялык команда аркылуу иштелип чыкты;

2. ОЖП-ата-энелердин жалпы жыйналышында, педагогикалык кеңешмеде жана окуучулар менен бир нече жолу талкууланып кабыл алынды;

3. Мектепте ишмердүүлүктүн натыйжалуу башкаруусунун системасын түзүү. ОЖПнын биринчи милдети катары кабыл алынды;

4. Жаңы субъекттер-лидерлердин иштери натыйжалуу болду;

5. Фандрайзинг боюнча иш-план түзүлүп жетекчиликке алынды;

6. Педагогдордун компьютердик технология боюнча профессионалдык деңгээлин жогорулатуу үчүн «Айылдык билим берүү» долбоору боюнча 221565 сомдук грант аркылуу ресурстук борбор ачылды жана 71518,95 сомго усулдук китептер жана окуу куралдар алынды;

7. Билим берүүнүн борборунда окуучу турган окутуунун мазмунун жана окутуунун методун жакшыртууга багытталган ачык сабактар, окуучулардын билимдеринин кароосу, окуучулар жана мугалимдер менен биргелешкен конференциялар, предметтик жумалыктар, долбоорлорду түзүү боюнча тарбиялык иштер, интеллектуалдык марафондор өткөрүлдү;

8. Ата-энелердин мектепке тартылуусу жакшырды. Санитардык гигиеналык шарттарды жакшыртууга багытталган Кайрымдуулук марафону өткөрүлүп, 40 миң сом финансалык каражат топтолду. Класс-кабинеттерде ремонт иштерин жүргүзүүгө ата-энелер

макулдугун беришти. «Нооруз-2008» майрамын өткөрүштү. Системалуу түрдө сабактарга катышып турушту;

9. «Ысык-Көл областын социалдык өнүктүрүү» фондунан ошол жылдагы Ысык-Көл облусунун экс-губернатору К.Ш.Исаевдин демилгеси менен мектепти жакшыртууга 4 млн. сом бөлүнүп берилип, жатакананын, окуу корпусунун чатырлары жаңырды, жатаканага жана ашканага жаңы эмеректер алынды;

10. ЮСАИДдин алкагындагы ПИКС долборуунун аяктагандыгына байланыштуу 1-компьютер, проектор жана усулдук адабияттар берилди;

11. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 10 компьютер, 1 принтер жана 1 ксерокс берилди;

12. «Ысык-Көл областынын мектептерин компьютерлештирүү» деген губернатордук программанын негизинде 15 компьютер берилди;

13. Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернат ачылгандан бери педагогикалык жамаат, ата-энелер, окуучулар лицейчинин моделин түзүүнүн үстүндө иштеп жатышат;

18. Жылдык тажрыйбага таянып лицейчинин төмөнкүдөй моделине келдик:

| **Инсандык сапаттар** | **Ишмердүүлүк сапаттар** |
|---|---|
| Өзүн-өзү өнүктүрүүгө ынанышы<br>Интеллектисин өнүктүрүүгө муктаждыгы<br>Толеранттуу<br>Адамкерчиликтүү<br>Билим алууга дилгирлиги<br>Ачык<br>Жоопкерчиликтүү<br>Өз пикири бар | Лидер болууга умтулуусу<br>Чыгармачыл<br>Коллективде иштей алуу<br>Ар түрдүү кырдаалга карата адаптацияланышы<br>Атаандаштыкка жөндөмдүү<br>Баарлаша билүү |

19. Мектеп-лицейдин маркетингдик стратегиясы аныкталды;

20. Мектепти башкарууда жыл бою «Мектеп ишмердүүлүгүнүн башкаруу» саясаты жетекчиликке алынды;

21.Окутууну жакшыртуу планынын максатына жетүүсүн аныктоо үчүн ички (өздүк) баалоо жүргүзүлдү;

22. Окутуунун мазмунун жана окутууда интерактивдүү усулдарын колдонууга багытталган 109 ачык сабактар өткөрүлүп, ар тараптан талдоо жүргүзүлдү,

23. Областтык олимпиададан 19, республикалык олимпиададан 3 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту;

24. 11-классынын окуучусу Алиеков Улан физика боюнча Монголияда өткөрүлгөн олипиадага катышты;

25. Окуучулардын интеллектисин, чыгармачылыгын өнүктүрүүгө, руханий байлыгын кеңейтүүгө, ден соолуктарын чыңдоого багытталган иштер жүргүзүлдү,

26. Окуу программаларынын аткарылышын көзөмөлдөө максатында 182-административдик текшерүү иштери өткөрүлүп, каталардын үстүндө иштөөлөр уюштурулду.

**Эксперименттин экинчи милдети боюнча:**

35 педагог ОЖПнын негизинде кесиптик өнүгүү, окутуу, окуучулардын илгерилөөсү тармагындагы милдеттерин коюп, аларды ишке ашыруу боюнча жыл бою иштешти.

**Эксперименттин үчүнчү милдети боюнча**

Мугалимдердин стандарттары жана компетенциялары боюнча 35 мугалим иштеп, компетенция деңгээлдери төмөндөгүдөй тандалып алынды.

Адис-мугалим –1-9-мугалим-Темирова Г., Эмилбаева К., Сырдыбаева А., Сыдыкова Ч., Сопиев Э., Исабаев А., Муканбетова Ж., БайтемировЖ., Шакен к.Гүльнара.

Профессионал-2-5-мугалим-Касымбаева Ч., Мамбетова К., Хаккулина О., Кашкороева Л., Жапаров Ж.

Профессионал-1-15-мугалим-Билалова К., Шакеева З., Маматкулова З., Кылычбаева Р., Асанбаева Г., Жангазиева Т., Асанходжаева З., Бокоев М., Омурбеков Ү., Каниметова Р., Мамырбаев С., Касенов Т., Куланбаев С., Жапаров А.

Устат мугалим-6 мугалим-Тезекбаева Д., Ахмеджанова Р., Ашымбева К., Калеева Ш., Садиев А., Жанышева Т.

**Эксперименттин төртүнчү милдети боюнча**

Формативдик баалоону жана инсанга багытталган окутууну өздөштүрүү менен, практикада колдонуу боюнча педагогдор үчүн бардык шарттар түзүлдү.

**Жыл ичинде:**

1. 4 жолу педагогикалык кеңешме;
2. 3 жолу психолого -педагогикалык семинар;
3. 3 жолу илмий-усулдук кеңешме;
4. Жума сайын өндүрүштүк жана ар бир чейректе кафедралык кеңешмелерде эксперименттик иштер талкууланып, консультациялар уюштурулуп турду;
5. 18-класс, 374 окуучу менен эксперимент жүргүзүлүп, илгерилөөлөр болду;
6. 105-сабакка байкоо жүргүзүлдү;
7. Лидерлер системалуу педагогдор менен иш алып барышты;
8. Ата-энелердин окуу процесске тартылуусу жакшырды;
9. Мектеп администрациясы тарабынан формативдик баалоо боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер көзөмөлгө алынып турду.

Формативдик баалоону пайдаланууда педагогдун жеке жоопкерчилигинин жогорулашы күтүлөт. Окуучулардын илгерилөөсүнүн себептери талкууланып, окуучулардын билим алууга карата жоопкерчилиги өскөндүгү байкалды.



**«Айылдык билим берүү» долбоору аркылуу аттестациялоодон өтүп, сертификаттарга ээ болгон педагогдор.**

## АКШнын элчилиги менен иштөө

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2009-жылынын 16-июнундагы №695-1 буйругу менен 2009-жылы АКШнын элчилиги республикабыздын англис тили мугалимдери үчүн конкурс жарыялап, конкурста биздин англис тили мугалими Апазова Айзада жеңүүчү болду.

Натыйжада Т.Сатылганов атындагы мектеп лицей республикадагы 7 пилоттук мектептин бири болду.

«Америкалык англис тилин окутуу боюнча пилоттук мектеп» катары бир катар иштер жүргүзүлдү.

Долбоордун башталышында 3780 доллар грант аркылуу ресурстук борбор ачылды. АКШнын элчилиги 2010-жылдын январь айында «Америкалык ресурстук борбордун» салтанаттуу ачылышы болду. Ачылышка АКШнын элчилиги астындагы коом менен байланыш бөлүмүнөн Лорен Парлезе катышты. Ресурстук борбор компьютерлер, журналдар, сөздүк китептер менен жабдылды. Англис тилин үйрөнүүчүлөр үчүн эң мыкты шарттар түзүлдү.

«Он-Лаин» долбоор аркылуу бир компьютердик класс Интернет тармагына туташтырылып, окуучулар жана мугалимдер АКШнын мектеп окуучулары менен байланыш түзө башташты.

2010-жылдын март айында мектебибизге АКШнын элчилигинин өкүлү Майкл Розенталь мейманга келип, мектебибизге спорт жабдыктарын белекке берди. Баскетболдук щиттер, волейболдук сетка,теннис столу жабдыктары менен, 10 волейболдук топ, 10 футбол тобу, 10 баскетбол тобу, 60 спорттук атайын формалар ж.б. көптөгөн жабдыктарды алып келүү менен бирге, Кыргызстандын баскетбол боюнча курама командасын ала келди. Курама команда менен баарлашуу окуучуларыбызга дем күч берди. 2009-жылдын октябрь айынан баштап мектебибиз «Билим берүүдөгү заманбап технологиялар» долбоорунун пилоттук мектеби болду. Бул долбоорду «IREX» уюму жетектеп, АКШнын мамлекттик департаменти тарабынан каржыланат. Бул жаңы долбоор биздин мектептин мугалимдери, окуучулары үчүн жаңы дүйнөгө эшик ачты десек болот.

Мугалимдер, окуучулар компьютердик билим алышып, интернет аттуу чоң маалымат дүйнөсүнө сапар

алышты.www.bilimkeni.kg билим берүү порталы жана www.gcekyrgyzstan.ning.com сайты аркылуу окуучулар, мугалимдер АКШдагы өнөктөштөрү менен виртуалдык байланышта болуп турушат.

8-11-класстарынын бардык окуучуларын коммуникативдик методикага негизделген окуу китептери менен камсыз болушту. Лицейдин англис тили мугалимдери окутуунун жаңы усулу боюнча квалификациясын жогорулатышты. Сабакты пландаштыруунун жаңы талаптары боюнча мугалимдер конкурстарга катыша алышты.

Долбоордун алкагында англис тили мугалими Апазова А. Индияга, Өмүрбаева А., мектеп-лицейдин директору Жапаров А. АКШга барып, билим берүү системалары менен таанышып келишти.

Лицейдин мугалимдери Ысык-Көл областынын англис тили мугалимдерине коммуникативдик усул боюнча семинар-тренингдерди өткөрүү менен бир катар проффессионалдык деңгээлин жогорулатууда.

Азыркы учурда бул долбоордун алкагында окуучулар гана эмес мугалимдер дагы маалымат технология боюнча билим деңгээлин өнүктүрүүнүн үстүндө иштеп жатышат.

Эки жылдан бери системалуу түрдө окуу-техникалык базаны чыңдоо боюнча долбоор иш жүргүзүп жатат.

«Заманбап сабактын планы» аттуу конкурска мугалимдерибиз активдүү катышып, англис тили мугалими Өмүрбаева Айзат конкурстун жеңүүчүсү катары табылып, компьютер утуп алды.

Долбоор уюштурган «Технология доорунун кыздары» конкурсуна мектебибиздин кыздары катышып, ар түрдүү коомчулукка пайдасын келтирүүчү кичи долбоорлорду ишке ашырышты.

Бул долбоор мектеп-лицейдин дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине карата жасаган дагы бир кадамдары деп эсептейбиз.

2009-2010-окуу жылында элчиликтен келген тренер Аманда Ветсель биздин англис тили мугалимдерибизге окутуунун коммуникативдик усулдары боюнча эки жумалык семинар өтүп, «American English File» окуу китеби менен ийгиликтүү иш алып барууну үйрөттү.



**Волонтёр Аманда Ветсель англис тили мугалимдери менен.**



**Ресурстук борбордун ачылышы**



**Долбоор уюштурган «Технология доорунун кыздары» конкурсунун катышуучусу Нурбекова Гүлзат**



**Долбоор уюштурган «Технология доорунун кыздары» конкурсунун катышуучусу Мырзабек кызы Тахмина**



**Эс алууда**




**Англис тили мугалимдерибиз окутуунун коммуникативдик методикасы боюнча регионубуздун англис тили мугалимдерине бир нече жолу семинар-тренингдерди өтүштү.**



**Долбоордун негизинде англис тили мугалими Апазова Айзада Индиянын Хайдарабад шаарында 6 жумалык тренерлерди даярдоо курсун өтүп келди.**



**Кыргызстандын баскетбол боюнча курама командасынын мүчөлөрүнүн лицейге келиши**



**Англис тили мугалими А. Өмүрбаевага сертификат тапшыруу учуру**

**Жапаров А.Д. «Open World» программасы менен АКШга барып, ал жактын билим берүү системасы менен таанышып келди**



# «ЖЫЛДЫН МЫКТЫ МУГАЛИМИ» КОНКУРСУНУН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ

Окуучуларга сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу үчүн, инновациялык ой-жүгүртүүгө ээ болгон мугалимдер керек болгондуктан, алардын профессионалдык чеберчилигин системалуу жогорулатуу жолдорунун бири мектеп ичинде «**Жылдын мыкты мугалими**» конкурсун уюштуруу болду. Конкурста жеңип чыккан мугалимдер областтык деңгээлде өткөрүлүүчү «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышууга жоопкерчилик менен даярдыктарды көрүштү.

**1991-1992-окуу жылында Асанбаева Г.** - «Жылдын мыкты мугалими» конкурсунан 3-байгелүү орунга ээ болду.

**1992-1993-окуу жылында Бокоев М.** - областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып, 3- байгелүү орунга ээ болду.

**Байсеркеев А.,** мектеп директору - «Жылдын мыкты директору» конкурсуна катышып жеңүүчү болгон.

**1993-1994-окуу жылында Момуналиев К.** - областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып, 4-орунга ээ болду.

**1994-1995-окуу жылы Каниметов А.** - областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып, 1-байгелүү орунга ээ болуу менен республикалык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып, «Эл агартуунун отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

**Калеева Ш.** - областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып, 3-орунду алган жана республикалык конкурска катышуу укугуна ээ болгон.

**1995-1996-окуу жылы. Кожомкулова Р.** - областтык «Жыл мугалими» конкурсуна катышып, 1-орунга ээ болгон.

«Мыкты мугалим новатор-96» конкурсуна математика мугалими **Жанышева Т.Э.,** директордун илимий иштери боюнча орун басары **Озубекова Ж.Р.** катышып, «Мыкты мугалим новатор-96» күбөлүгүн жана акчалай сыйлык менен сыйланышкан.

2002-2003-окуу жылында **Каниметова Р.** - баалуу сыйлыкка ээ болду.

**2003-2004-окуу жылында Сагынтай кызы Кенже** - областтык «Жыл мугалими» конкурсунун Гран-присинин ээси болгон.

**2003-2004-окуу жылында Сагынтай кызы Кенже** - республикалык «Жыл мугалими» конкурсунун Гран-присинин ээси болгон. «Жыл адамы» наамына татыктуу болду.

**2004-2005-окуу жылында Жумаева Н.** - областтык «Эң мыкты кыргыз тили жана адабияты мугалими» конкурсуна катышып, 2-байгелүү орунду алган.

**2006-2007-окуу жылында Алыбаева Ч.** - республикалык «Уста мугалими-2006» конкурсуна катышып, 1-байгелүү орунга ээ болгон.




**2000-2001- окуу жылында Озубекова А.Р. областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып 1-орунга ээ болгон.**



**2003-2004- окуу жылында Сагынтай кызы Кенже областтык «Жыл мугалими» конкурсунун Гран-присинин ээси болгон.**



2007-2008 -окуу жылында Билалова К. областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып, 1-байгелүү орунга ээ болгон.



2008-2009- окуу жылында Темирова Г. областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып, 3-байгелүү орундун ээси болгон.



«Жылдын мыкты мугалими» конкурсунан кийин.

**2009-2010-окуу жылында Ишенбекова Айзада** - баалуу сыйлыкка ээ болду.

**2011-2012-окуу жылында Шакен кызы Гүлнара** - областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып, 1-байгелүү орунга ээ болду.



**Шакен кызы Гүлнара областтык «Жылдын мыкты мугалими» конкурсуна катышып жаткан учуру.**





**«Жылдын мыкты мугалими» конкурсунан кийин. Ысык-Көл областтык билим берүү институтунун директору Кендирбаева Д.Ш., табигый-математикалык лабораториянын башчысы Казакбаева Ш. жана методист Асанбекова Ш.**

**Шакен кызы Гүлнара Кыргыз Республикасынын Эл мугалимдери Т. Саякбаева жана Озубекова Ж.Р. менен**



**«Жылдын мыкты мугалими» конкурсун жыйынтыктоо учуру. 2011-жыл.**

# Т. САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП-ЛИЦЕЙ-ИНТЕРНАТЫНЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮ



**ШЕРИПОВ Нурлан Турганбекович**
**Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетин бүтүргөн**

Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетинин юридикалык институтунун административдик укук жана укук таануу факультетинин кафедра башчысы. КУУнун профессорунун милдетин аткаруучу. 100 илимий эмгеги бар. 11-окуу куралы, 3-окуу китеби, 3-монографиясы, 80ден ашык илимий макаласы жарык көргөн. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги. Ч.Айтматов атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси. Вашингтон, Солт-Лейк-Сити. 2009-жылы «Мамлекеттик башкаруу системасынын функционалдык анализи» семинарына катышкан. Юридика илимдеринин доктору.



**АБДЫКАДЫРОВА Айсулуу Тынчыбековна**
**К. Тыныстанов атындагы мамлекеттик университетин бүтүргөн**

Каракол шаарындагы К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин «Социалдык маданий сервис жана туризм» факультетин аяктаган.

География илимдеринин кандидаты. Учурда Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетинин Евроазиялык инновациялык технологиялык институтунун Инновация жана инновация-лык ишмердүүлүк кафедрасынын кафедра башчысы, доценти. Туризм, социалдык-экономикалык география жана туруктуу өнүгүү боюнча адис. «Эл аралык туризм», «Туризм географиясы», «Экономикалык, социалдык жана саясий география», «Туризмдин тарыхы жана теориясы», «Туроперейтинг» боюнча лекцияларды окуйт. 17 илимий эмгектин автору, анын ичинде – 3 монография, студенттер үчүн 1 окуу куралы. Туризм, география жана экология проблемаларына арналган республикалык жана эл аралык конференциялардын катышуучусу.

Конференциялардын материалдары Афинада (Греция), Санкт-Петербургда, Уфада, Ташкенте, Алматыда, Бишкекте, Караколдо жарык көргөн. 2008-2009-окуу жылында Бельгиянын Брюссель Эркин университетинин «Адамзат экологиясы» кафедрасында постдокторантурадан өткөн. Илимий изилдөөсү «Кыргызстандын туруктуу өнүгүүсү үчүн туризм индустриясына экологиялык менеджмент системасын киргизүү» деп аталат.



**ИМАНАЛИЕВ Кайрат Олжобаевич**
**журналист жана драматург**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Башкаруу Академиясын бүтүргөн.

Учурда Кыргыз Республикасынын коомдук телерадио корпорациясынын башкы директорунун орун басары болуп иштейт. Махмуд Кашгари атындагы Чыгыш университетинин журналистика кафедрасынын башчысы, доцент.

Ч.Айтматов атындагы Кыргыз Мамлекеттик жаштар сыйлыгынын жана Т.Абдымомунов атындагы сыйлыктын ээси. Кыргыз телерадиосунун отличниги, КРнын маданиятынын мыкты кызматкери. 2006-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин Ардак Грамотасы менен сыйланган. 5 китептин, 5 телефильмдин, 10дон ашуун циклдык радио уктурууларлардын, 20дан ашуун илимий макалалардын автору. 6 спектакли Кыргызстандын театрларында коюлган. 50дөн ашуун уктуруулары Кыргыз радиосунун «Алтын казынасына» кабыл алынган.



**ОСМОНАЛИЕВ Максат,**

Кыргыз-Түрк-Манас университетин бүтүргөн. Турциянын Анталия шаарында иштейт.



**БАЛАПАНОВ Руслан Эсенгулович,**

Ж. Баласагын атындагы Улуттук Университетинин «Мамлекетти башкаруу жана социологиялык изилдөө» институтун 2004-жылы бүтүргөн.

Азыркы учурда Ысык-Көл облустук ички иштер башкармалыгынын басма сөз кызматынын жетекчиси болуп иштейт.

**АЙДАРОВ Медер,**

Бишкек гуманитардык университетинин эл аралык байланыш факультетин 2001-жылы бүтүргөн.

АКШда Мичиган университетинин коомдук саясий факультетинде окуган.Туркиянын элчилигинде 3-катчы болуп иштеген. Азыркы учурда Кыргыз-Болгар «Терра-Груп» компаниясынын башкы директору.





**ААЛИЕВ Айтбек,**

Кыргыз мамлекеттик И.Арабаев атындагы университетин 2001-жылы бүтүргөн.

М.В.Ломоносов атындагы мамлекеттик университетинин химия факультетинде 2001-2004-жылдары окуган. 2004-2005-жылдары Япониянын Токио шаарында стажировкада болгон.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясында инженер болуп иштейт. 7-илимий макаласы жарык көргөн, 6-жаңы органикалык кошулмалардын автору. Кандидаттык диссертациясынын үстүндө иштейт.



**КАЛДЫБАЕВ Таалайбек,**
Кыргыз–Славян университетинин табигый-техникалык факультетин бүтүргөн. Бишкек шаарында иштейт.



**ТУКЕШОВ Султан,**
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик медициналык Академиясын бүтүргөн. Врач, Бишкек шаарында иштейт.



**Чынара ШАРШЕЕВА,**
Токтогул Сатылганов лицейинин 2002-жылдагы бүтүрүүчүсү. Кыргыз-Түрк - Манас университетин бүтүргөн. Бишкек шаарында «Байтур» корпорациясында менеджер.



**КАСАНАЛИЕВА Наргиза,**
Кыргыз-Түрк-Манас университетин бүтүргөн. Кытай мамлекетинин Үрүмчү шаарында магистратурада окуйт.



**Айзада КАСМАЛИЕВА**,
К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетин бүтүргөн. «Азаттык» радиостанциясында журналист.



**ОЗУБЕКОВ Нускабек,**
Ысык-Көл мамлекеттик К.Тыныстанов атындагы университетинин математика факультетинин окутуучусу.



**САДЫКОВА Эльнура,**
Ысык-Көл мамлекеттик К.Тыныстанов атындагы университетинин математика факультетинин доцентинин милдетин аткаруучу. Физика-математика илимдеринин кандидаты. Азыркы учурда 13 илимий эмгеги бар.



**ЧЫНЫБАЕВ Азат,**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин колдонмо математика факультетин, Ж.Баласагын атындагы университетинин экономика факультетин, Кыргыз-Америка университетин бүтүргөн.



**ИСКАКОВ Майрамбек,**
Кыргыз-Түрк-Манас университетинин экономика факультетин бүтүргөн. Турциянын Измир шаарында магистратурада окуйт.



**Сайха МАСИМОВА,**
Эл аралык «Ататюрк-Алатоо» университетин бүтүргөн. KUMTOR OPERATING COMPANY, Travel Supervisor кызматында иштейт.



**Эльнура МАМБЕТАЛИЕВА,**
И.Арабаев атындагы мамлекеттик педагогикалык университетинин лингвист-котормочу факультетин бүтүргөн. GmBH, Германия, Мюнстер шаарында Dolmetscherin кызматын аткарат.



**Элянора ШАРШЕЕВА,**
Каракол шаарындагы мамлекеттик юридикалык академияны бүтүргөн. Ысык-Көл облосттык прокуратурасында иштейт.



**Аида УСУБАКУНОВА,**
К. Тыныстанов атындагы мамлекеттик университетин бүтүргөн. Кыргызстандагы AMWAY компаниясында иштейт.



**Айзада КЕНЖЕБАЕВА,**
Кыргыз-Түрк-Манас университетин бүтүргөн. Grand Hyatt Dubai, Бириккен Араб Эмираты, Дубай шаарында иштейт.



**Марат КУДАЙКУЛОВ,**
Кыргыз мамлекеттик курулуш жана транспорт институтун бүтүргөн.Бишкек шаарындагы КЫРГЫЗДОРТРАНС ПРОЕКТте инженер.



**Калкожо кызы Нуркан,**
Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетин бүтүргөн. Бишкек шаарында «Адамдарды өнүктүрүү Кыргыз-Япон борборунда» иштейт.



**АКМАТОВА Эльнура,**
Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетинин чет тили жана экономика факультеттерин бүтүргөн. Казакстандын Алма-Ата шаарында «Нур Анэль компаниясынын» аткаруучу директору.



**Бекзада МУРАТБЕКОВА,**
Борбордук Азиядагы эл аралык Америка университетинде окуйт. Француз тили боюнча республикалык олимпиаданын жеңүүчүсү.

**БУЙЛАШЕВА Махабат,**
Ж.Баласагын атындагы университетин бүтүргөн. Францияда жашайт







**ОРОЗАЛИЕВА Фаризат,**
Бишкектеги гуманитардык университетин бүтүргөн. Жазуучу.


**ТОКТОГУЛОВ Мирхамид,**
Коомдук телерадио корпорациясынын «Ибарат» маданий агартуу берүүлөр башкы редакциясынын кабарчысы. Тарыхий идеологиялык көрсөтүүлөрдүн автору. «Ак Шумкар КУТ» жаштар коомдук бирикмесинин төрагасынын орун басары.



**МАМБЕТОВ Кыдык,**
Кыргыз-Түрк-Манас университетин бүтүргөн. Туркиядан магистратураны аяктаган. Стамбул шаарында иштейт.



**САРЫБАЕВ Султан,**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетин бүтүргөн. Альфа Телеком МегаКомдо иштейт.



**Канат КАЛМАКЕЕВ,**
Борбордук Азиядагы Америкалык университетин бүтүргөн.



**ТОКТОГАЗИЕВА Сания,**
Борбордук Азиядагы Америкалык университетин бүтүргөн.



**ӨСӨРОВ Данияр,**
Кыргыз Республикасынын
коомдук телерадио
корпорациясында журналист.



**Адилет КАСЫМБЕКОВ,**
И.Раззаков атындагы Кыргыз
техникалык университетин
бүтүргөн.



**Жолбек Саламат,**
Бишкек шаарындагы
Скрябин атындагы айыл чарба
академияны бүтүргөн.
Казахстанда жашап, жеке
ишкерчилик кылат.



**АГЫШЕВА Нурия,**
Кыргыз-Түрк-Манас
университетин бүтүргөн.
Стамбул шаарында
магистратураны аякта-
ган.Азыркы учурда Стамбул
шаарында иштейт.



**ШАРШЕЕВА Кыял Асанбековна**
**филология илимдеринин кандидаты, коомдук 1-каналдын диктору**

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик университетин жана Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын аспирантурасын бүтүргөн. Учурда Кыргыз Республикасынын коомдук телерадио корпорациясынын «Ала-Тоо» маалымат дирекциясынын шеф-редактору, алып баруучу болуп иштейт.

2011-жылы филология илими боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. 1 монографиянын, 20дан ашуун илимий макаланын автору. Кыргыз телерадиосунун отличниги, КРнын маданиятынын мыкты кызматкери.

**КАСЫМАЛИЕВ Алмаз Талипович**
**Коомдук 1-каналдын алып баруучусу**



К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университетин бүтүргөн. Учурда Кыргыз Республикасынын коомдук телерадио корпорациясынын «Ала-Тоо» маалымат дирекциясынын баяндамачысы, алып баруучу болуп иштейт. Кыргыз телерадиосунун отличниги.



**ШООРУКОВ Арнал,**

Кипрде билим алып жатат.

**ЖАНАДИЛОВ Тынчтык,**
2010-жылы Кыргыз-Россия- Славян Университетинин «Эл аралык мамилелер» факультетин кызыл диплом менен бүтүргөн. 2007-2008-окуу жылдары АКШнын Грейсленд университетинде окуп келген. 2008-жылдан баштап Кыргыз Республикасындагы АЙРЕКС өкүлчүлүгүндө иштейт.





**МУСАЕВ Азат,**
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин чет тили факультетинин кытай тили бөлүмүн бүтүргөн. Кытай тили кафедрасында иштеп жатат. 2011-жылы Кытай мамлекетинде стажировкада болду.



**БАПАЕВ Камчыбек Арстанбекович,**
Москвадагы ишкердүүлүк жана укук институтунун Караколдогу филиалын бүтүргөн. 2001-жылы аталган кесиптин толук жогорку билиминин ээси болгон. Азыркы мезгилде Бишкек шаардык сотунда иштейт.



**УРМАНБЕТОВ Ильяз Чубакович,**
Каракол шаарындагы К.Тыныстанов атындагы мамлекеттик университетин бүтүргөн. Азыркы учурда Ысык-Көл облмамадминистрациясынын уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бөлүмүнүн башкы адиси - инспектору.

# Т.САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ-МЕКТЕП-ЛИЦЕЙ-ИНТЕРНАТЫНДА ТАРБИЯЛАНЫП, ЧЫГАРМАЧЫЛЫККА БАГЫТТАЛЫП, КАДРЛАРДЫН РЕЗЕРВИ КАТАРЫ ДАЯРДАЛГАН ЖАҢЫ ЖЕТЕКЧИЛЕР



**ЖАПАРОВ Алтынбек Дүйшеевич,** 1977-жылы 16-февраль айында Ысык-Көл областына караштуу Жети-Өгүз районунун, Чырак айылында туулган.

К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин табигый географиялык факультетин 2000-жылы бүтүргөн.

2000-жылдан бери Каракол шаарындагы областтык Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатында география мугалими катары иштейт. Ал таланттуу балдар менен ийгиликтүү иштөөнүн натыйжасында география боюнча областтык олимпиадада байгелүү орундарга ээ болгон окуучуларынын саны-13, республикалык олимиадада болсо - 6.

2005-жылы директордун уюштуруу иштери боюнча орун басары катары дайындалып, директордук ишке резерв катары беш жыл даярдык көрүлдү.

Мен мүмкүн болушунча Жапаров Алтынбекти лицейди башкаруу, окуу-тарбия процессин уюштуруу, анын ишин стратегиялык пландаштыруу, коомчулук менен байланыш түзүүнүн жолдорун өздөштүрүүсүн камсыз кылууга аракеттендим. Лицейден тышкары эл аралык билим берүү программалары боюнча квалификациясын жогорулатууга да мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

2010-жылдын июль айынан баштап Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын директору катары иштей баштады.



**Жапаров Алтынбектин 2010-2011-окуу жылында директор катары иштөөсүнө «Ак жол» каалоо.**

## ИСАБАЕВ Айбек Кубатбекович,



Ысык-Көл областынын Каракол шаарында 1983-жылы 29-июлда туулган.

1989-2000-жылдары Ой-Тал айлындагы Ш.Султанов атындагы орто мектебин бүтүргөн.

2000-2005-жылдары К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинен билим алган. 2005-жылдан баштап Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде француз тили мугалими болуп иштеп келе жатат. 2005-2011-окуу жылдарында таланттуу балдар менен иштөөдө зор ийгиликтерге жетишти. Областтык олимпиадаларда 29 окуучу, республикалык олимпиадаларда болсо 8 окуучу байгелүү орундарга ээ болушту.



**Исабаев А. француз тилин окутуу учуру.**

2008-жылы «Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги» төш белги менен сыйланды. 2010-жылдан бери директордун уюштуруу иштери боюнча орун басары катары ийгиликтүү иштеп келе жатат.

## УБАЙДЫЛДАЕВА Жаркын Уркалыковна



Туулган жылы: 17-март, 1976-жыл. Билими жогорку. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин филология факультетин 1988-жылы бүтүргөн.

Иш тажрыйбасы:

•1998-2002-жж.: Каракол шаарындагы №4 гимназия мектеби, кыргыз тили жана адабияты мугалими

•2002-2010-жж.: Ысык-Көл областтык билим берүү институтунун кыргыз тили жана адабияты боюнча методисти

•2002-2010-жж.: Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын кыргыз тили жана адабияты мугалими (негизги кызматка айкалыштыруу жолу менен)

•2010-2011-окуу жылынан тартып Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицей-интернатынын окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары

**Квалификацияны жогорулатуучу курстар, семинарлар**:

1. 2003-ж. «Гуманизм аркылуу тынчтыкка» курсун окутуунун методикасы боюнча семинар, Сертификат № 2003/4

2. 2002-2003-жж. «Жазуу жана окуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү» программасы боюнча семинар. Сертификат

3. 2003-2004-жж. USAIDдин коомчулукту билим берүүнү жакшыртуу маселелерине тартуу долбоорунун алкагында «Мектепти жакшыртуу» программасынын тренинги. Сертификат

4. 2005-ж. «Заманбап мектепти башкаруунун теориялык жана практикалык негиздери» боюнча методисттердин квалификациясын жогорулатуу курсу. Сертификат № 0162

5. 2007-ж. «Улуттук куррикулумду, окуу материалдарын, окуу китептерин жана окутуунун сапатын баалоону иштеп чыгуу» багытындагы тренинг. Сертификат № 125

6. 2008-ж. 4-31-май. КРнын Билим берүү жана илим министрлиги жана АӨБнын «Билим берүүнүн экинчи долбоорунун» каржылоосу менен АКШнын Монтана штатындагы Монтана университетинин «Куррикулумду жана окуу материалдарын иштеп чыгуу адистери үчүн» программасынын катышуучусу. Сертификат

7. 2008-ж. «Куррикулумду, окуу китептерин жана окуу материалдарын жана окутууну баалоо системасын жаңылоо» багытындагы семинардын тренеринин сертификаты № 20

8. 2009-ж. «Улуттук куррикулумду, окутуунун сапатын баалоону, 10-11-класстары үчүн окуу материалдарын жана окуу китептерин иштеп чыгуу» багытындагы тренинг. Сертификат № 63

9. 2010-ж. КРнын жалпы билим берүүчү орто мектептеринин 5-11-класстары үчүн «Куррикулумду, окуу китептерин жана окуу материалдарын жана окутууну баалоо системасын жаңылоо» багытындагы семинар. Сертификат

10. 2009-2010-жж. USAIDдин «Сапаттуу билим» долбоорунун педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу курстарынын окутуучулары үчүн тренинг. Сертификат

**Программалар, публикациялар** - «Кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарынын программалары";

- «Жалпы республикалык тестке даярдоо» курсунун программасы.
- «Жат жазуулар жыйнагы». Орто мектептин 5-9-класстары үчүн, 2007-ж.
- «Окуучулардын окуу жана түшүнүү сабаттуулугун баалоо боюнча сунуштар». Сабактын иштелмелеринин жыйнагы.

•«Түлкү» аңгемесин окуу жана түшүнүү боюнча методикалык сунуш. «Кут билим» газетасы, 2010-ж.

•Макала: "Бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык окуучулардын инсандык өнүгүүсүн калыптандыруу тажрыйбаларынан". КББАнын кабарлары, №4, 2009-ж.

•Методикалык сунуш: 11-класста М.Ауэзовдун «Абай» романын окутуу боюнча «Ата менен баланын күрөшү...»

- Ысык-Көл областтык «Билим кенчи» журналы, 2008-ж.
- Мындан сырткары, областтык «Билим шамы» жана «Ысык-
- Көл кабарлары» газеталарына чакан макалалар,
- билдирүүлөр, сабактын иштелмелери жарыяланган.

**Сыйлыктары** - КРнын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Ардак грамотасы, 2006-ж.

- КРнын Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлигинин Ардак грамотасы, 2006-ж.
- КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин «КРнын Билим берүүсүнүн отличниги» төш белгиси, 2010-ж.



**Академик Исак Бекбоевдин 80-жылдыгына карата өткөрүлгөн конференциядан кийин.**



**Убайдылдаева Ж. окуучулардын билимдеринин кароосу учурунда ата-энелер, окуучулар менен бирге билимдерди баалап жатышат.**

# Т. САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП-ЛИЦЕЙ-ИНТЕРНАТЫНАН ӨСҮП ЧЫККАН ИНСАНДАР

***Т.Сатылганов атындагы мектеп-лицейинде мугалимдердин кесиптик чеберчилигин системалуу өнүктүрүүнүн негизинде өз ишин мыкты билген, билим берүүнүн жаңы технологиясына, коом талап кылган компетенцияларга ээ болгон бир катар инсандар өсүп чыгышты.***

***Алар: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Каниметов А,Г., Кангельдиев Б., Норузбаев Н., Арунова Д., Тынаева Б., Озубеков Н.Т., Еркинбаева С., «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» Сулайманова З., «Кыргыз Республикасынын Эл мугалими» Саякбаева Т., «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими», «Педагогика илимдеринин кандидаты» Байсеркеев А.Э..***

***Айрымдары боюнча маалымат берип кетелик деп чечтик.***



**КАНИМЕТОВ Адыл Гүлжигитович**
**Тарых илимдеринин кандидаты,**
**доцент**

Ысык-Көл областынын Балыкчы шаарында 1962-жылы туулган. 1980-жылы Балыкчы шаарындагы Кыргызстандын 50-жылдыгы атындагы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1983-жылдан-1986-жылга чейин Балыкчы шаарындагы Госкомсельхозтехникада, крановшик болуп эмгек жолун баштаган. Ушул жылдары Рыбачье шаардык кеңешинин №24 округунун депутаты.

1986-1992-жылдарда Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган.

1992-жылдан-1995-жылдарга чейин Т.Сатылганов атындагы облусттык мектеп лицейинде тарых мугалими, тарбиячы, окуу жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары болуп эмгектенип келген.

1995-2000-жылдарга чейин Каракол шаарындагы №8 Кашкасуу орто мектебинин директору, 2000-жылдан тартып К.Тыныстанов атындагы ЫМУда окутуучу, ага окутуучу, декандын окуу тарбия

иштери боюнча орун басары, «Кыргызстандын тарыхы жана социалдык экономикалык дисциплиналарды окутуу» кафедрасынын кафедра башчысы кызматында иштеген. Азыркы учурда ЫМУнун тарых жана аймак таануу факультетинин тарых жана аны окутуу усулдугу кафедрасынын кафедра башчысы болуп эмгектенүүдө.

Тарых илимдеринин кандидаты, доцент Каниметов Адылбек Гүлжигитович 2005- жылдан тартып Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги. Илимий-изилдөө, окуу методикалык ишмердүүлүгүндө 20дан ашык илимий макалалардын окуу методикалык колдонмолордун жана авторлор менен бирдикте «Дүйнө тарыхы» 10-класс окуу куралынын, «Ысык-Көл кыргыз бермети» китебинин автору болуп саналат.

**АРУНОВА Дамира Абдыевна**



1957-жылдын 14 июлунда туулган. Билими жогорку. 1979-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетин бүтүргөн. Жогорку квалификациялык категорияга ээ, география мугалими.

**Иш тажрыйбасы**:

1980-1984-жж. КМУнин экономикалык география кафедрасынын лаборанты

1984-1989-жж. Бишкек шаарындагы №50 бала бакчасынын тарбиячысы

1989-1991-жж. Каракол шаарындагы Токтогул Сатылганов атындагы мектептин география мугалими

1991-жылдан азыркы убакка чейин география, туризм, адеп предметинен сабак берет

1999-2000-ж. Каракол шаарындагы Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицейде уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары

2000/2010-жж. Ысык-Көл билим берүү институтунда география, экология предметтери боюнча усулчу

1997/2003-жж. Ысык-Көл областындагы «Глоуб» программасынын координатору

1996/2004-жж. Балдар билим борборундагы экологиялык кружоктун жетекчиси.

# ЛИЦЕЙ ТУРМУШУНАН



Лицейдин жатаканасы



Лицейдин музейи





Лицейдин музейи



Окуучулар мектептин китепканасында.
Китепканачы Макеева Шайыр.



Музейде окуучулар сабакка даярданып жаткан учуру.



Ага тарбиячы Исанова Д.
кыздар менен.



Жатаканада кыздар сабакка
даярданып жатышат.



Шеф повар Токтосунова Ш. жана
Усенова А. окуучуларды
тамактандыруу учуру.



Гүл олтургузуу.



Окуучулардын тамактануу учуру.



Ашкананын чоң залы.




Эмгекке тейлөө мугалими
Кашкороева Л.



Сабак учуру





Эмгекке тейлөө мугалимдери: КашкороеваЛ., Султаналиева З.



Сарткалмакова Г., лицейдин башкы бухгалтери



Термеева Б., лицейдин материалдык бухгалтери



Лицейдин ашпозчусу Минкина Роза

# ЭЛ МУГАЛИМИ ОЗУБЕКОВА ЖИБЕК РАИМБЕКОВНАНЫН ЖЕКЕ ТУРМУШУНАН ФОТОЭТЮДДАР



Стамбул шаарында кызым менен



Стамбул шаарында кызым жана неберем менен



Кызымдын үйлөнүү тоюнда иним Озубеков Мирбек менен



Кудаларым менен




Кызымдын үйүндө

Неберем калпак кийгенден кийин




Неберем тайлары менен




Бөлөлөр

Эльнура үй-бүлөсү менен Жети-Өгүздө





Миссури штатынын Сент-Луис шаарында



Чикаго шаары



Кыргызстандыктар Америкада



Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин II съездине барган Ысык-Көл областынын делегаттары, 2007-жыл.





Кыргыз Республикасынын Билим берүү министри И.С.Болжурованын мектеп лицейине сертификат тапшырып жаткан учуру, 17.07.2008- жыл.



«Кыргыз Республикасынын билимине эмгек сиңирген кызматкер» ардактуу наамын алган учур, 1998-жыл.



«Кыргыз Республикасынын Эл мугалими» ардактуу наам ыйгарылгандан кийин, 2.10.2007-жыл

***2011 - ЖЫЛЫНЫН 20 - ОКТЯБРЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН «ЫСЫК-КӨЛ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИДЕЯЛАРЫ ЖАНА ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЯРМАРКАСЫ» ТЕМАСЫНДАГЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК СЕМИНАРДА***

# «Т. САТЫЛГАНОВ АТЫНДАГЫ МЕКТЕП-ЛИЦЕЙ-ИНТЕРНАТЫНЫН 20 ЖЫЛ ИЧИНДЕГИ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ. ИННОВАЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТЕР»

***ТЕМАСЫНДАГЫ ПРЕЗЕНТАЦИЯЛООДОН ФОТОЭТЮДДАР***





**Т. Сатылганов атындагы мектеп-лицейинин ресурстук борборундагы презентация учуру**



**Кыргыз Республикасынын ар түрдүү областтарынан келген семинардын катышуучулары презентация учурунда.**







**Семинарды жыйынтыктоо учуру**





**Семинардан кийин өкүлдөрдүн усулдук кабинетте лицейдин тарыхы менен таанышып жаткан учуру**



**Семинардан кийин лицейдин жаңы муундагы жетекчилерине усулдук консультация берүү учуру**

Тех.редактору Ч.Атанаева
Корректору З.Нарзуллаева
Калыпка салган А. Керимбаев

Басууга 15.11.2011 кол коюлду.
Глянец кагазы. Форматы 84х108/32. Заказ 570

"Карга Аке" басма үйүндө даярдалды жана ЖЧК "Дархан фирмасынын" басмаканасында басылды.
722360. Каракол шаары, Токтогул көчөсү, 104.
Тел.: (03922) 5-23-08. 0553 2315 61